
МУРАС

# ТОКТОГУЛ

МУРАС
серия 1989-жылдан
чыга баштады

# ТОКТОГУЛ

Чыгармаларынын
эки томдук
жыйнагы



ХО10Ь
2017

# ТОКТОГУЛ

## ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ЭКИ ТОМДУК ЖЫЙНАГЫ

## II ТОМ

### Ырлар

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 44011

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»
1989

ББК 84 Ки 7—5
С 21

Редакциялык коллегия:

О. Султанов (башкы редактор), К. Бобулов, С. Жусуев, С. Каипов (жооптуу секретарь), Б. Рыспаев, Д. Сулайманов, Ж. Таштемиров, Э. Турсуналиев, Т. Үмөталиев

Түзгөн жана комментариялаган
*Ж. Таштемиров*
Сүрөтүн тарткан *Т. Т. Герцен*

**Сатылганов Токтогул.**

**С 21** Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы / Редкол.: О. Султанов (башкы ред.) ж. б.; Түз. ж-а комментариялаган Ж. Таштемиров; Сүрөтүн тарткан Т. Т. Герцен. — Ф.: Адабият, 1989.— (Мукабада). — (Мурас).
2-т: Ырлар. —1989. —264 б.
ISBN 5-660-00079-7


Бул китеп акындын тандалган чыгармаларынын экинчи томдугу болуп эсептелинет. Жыйнакта ар кандай жылдардагы ырлары, айтыштары менен катар эле акындын «Кедейкан» аттуу көлөмдүү дастанына да орун берилди.

4702300200
С ————————4—89 ББК 84 Ки 7—5
М 455 (11) —89

**Эта книга является вторым томом избранных произведений поэта. Книга издается к 125-летию со дня рождения акына.**

ISBN 5-660-00079-7 © «Адабият» басмасы, 1989

*Панардай жанып боштондук*
*Бактыбызга туулду.*
*Кандай аял тууду экен*
*Лениндей уулду!*



## ЭКИНЧИ АЙДАЛГАНДА

Топ-топ чыккан кара курт,
Токтогон жерим Балыкурт.
Кайгырып ыйлап турасың,
Кагылам кыргыз калың журт.

«Жалгыз-Өрүк, Бөлөк-Таш,
Жалгаган жерим калды»,— деп,
Жашып агат көздөн жаш.
Ат башы менен эр башы
Каерде калбайт алтын баш.

Токтобек менен Бөлөк-Таш,
Токтогон жерим сен калдың.
Токтобой агат көздөн жаш.
Эч кылмышы жок туруп,
Түзөккө кетти алтын баш.

Эки колум байлатып,
Эки көзүм жайнатып.
Кыямат салдың башыма,
Кылмышы жок айдатып.

Кармалып кетип барамын,
Калың эл ыйлап буркурап.

Кадимки жаштык жүргөн жер,
Кан жайлоо менен Кыркырак.
Антташканым Сейдимкан
Аркамда калды чыркырап.

## КАМАКТАН КҮЙГӨН ЖАН ЭЛЕМ

Кармалып кеткен бала элем,
Камактан күйгөн жан элем.
Калкымда тынчып жатканда
Капилет түндө кармадың,
Каршылык жайым бар беле?
Айдалып кеткен бала элем,
Азаптан күйгөн жан элем.
Эч жазыксыз кармадың,
Атаңдын акы бар беле?
Мен элимден кеткен бала элем
Эртеги зулум кылгандан
Эсим чыккан жан элем,
Эсебин таппай кармадың,
Энеңдин акы бар беле?
Жазуумду көрөрмүн,
Ажалым жетсе өлөрмүн.
Айланып келип эл тапсам,
Аласаң болсо берермин.
Көңүлүмдө шегим бар,
Көңкү, Багыш, көп Сарттар
Көлдөп бир жаткан элим бар.
Көрүшөр дүйнө бар болсо,
Көңүлдө жаткан кегим бар.

Боздоп калды алганым.
Улуу-кичүү, кары-жаш
Учурашып калбадым,
Ушул менин арманым.
Урматтуу атам Сатылган,
Укту бекен арбагың?
Кек калып ичте албаган
Кетип турат дарманым.
Атадан калган жер менен
Ага-ини, тууган, эл менен
Амандашып калбадым.
Атаңдын куну бар болсо,
Айылдан сурап текшерип,
Аныгына жеткирип,
Анан кийин албадың.
Канаты сынган аксардай
Саргаяр үйдө калганым,
Сары оору болор алганым.
Айдалып кетип баратам,
Кароосуз калды чарбагым.
Кагаяр бекен суу ичпей,
Көлөкө майда талдарым.
Көп санаа тартат алганым.
Айланайын атакем,
Кылычтын кыркар мизинен,
Душмандын заар тишинен
Сактар бекен арбагың?
Тиер бекен жардамың?
Эки колду байлатып,
Дал кырк кишиге айдатып,
Абдыразак, Бекберди
Экөөнө карматып,
Тынчтыкта жаткан Токоңду
Күнөөсүз жерден сабатып,
Жуманаалы баратат,

Не табат мени каматып?
Таалай жолум тар беле?
Албаган акың бар беле?
Бечарага себепкер,
Мен өңдөнгөн карыптын
Ишин алга жөнөтөр
Калыс улук бар бекен?
Адамга адам себепкер,
Андан айла болбосо,
Айдалып жүрүп күн өтөр.
Мындан көрө жашабай,
Өлүп калган жөн экен.
Куп курчандым белимди,
Кубат кылдым элимди,
Кудай тиксе кастарын
Кимге айтамын кебимди.
Айыптын чоңун тапкансып,
Атасын жыга чапкансып
Жуманаалы жулунду.
Кыл чылбыр кыркты колумду.
Каршылык кылдың жолума
Туз насибим бар болсо,
Мен келер бекем ордума,
Атаңдын куну бар окшоп,
Каяктан келдиң шорума?
Чымындай жанга тынччылык
Берсең боло азыраак.
Көңүлдө жок иш эле
Кармалдым кайра кишенге.
Байлоого түштү кайран баш,
Болсомчу бир аз жашыраак.
Түн караңгы, ай жарык
Качмак белем сандалып,
Чечсеңер боло кол-бутту
Кыл чылбыр кыркып оорутту.

## НАЙМАНБАЙ МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ

Н а й м а н б а й:

Балаң бараң атканда,
Манап аш берип жатканда,
Чуркабай койчу мен эмес,
Мырзабек, Түркмөн — эки дөө
Кызматына чапканда.

Уулуң урум атканда,
Улук аш берип жатканда.
Унчукпай койчу мен эмес,
Көкүмбай, Курман — эки дөө
Кызматына чапканда.
Карап турган калайык,
Сөзүмө кулак салгыла,
«Найманбай акын айтты» — деп,
Айлыңа айтып баргыла.
Мен бүгүн аштын жарчысы,
Алтын, күмүш жамбыны
Айгырга жүктөп алчусу.

Сары өзөн Чүйдүн боюнда,
Үч жүздөн ашык коюм бар.
Томаяк ырчы, Токтогул,
Топ жыйындын ичинде
Тоорушуп жыкчу оюм бар.
Кырктан ашык жылкым бар
Жолугушка сен менен
Башынан кылган шертим бар.

Т о к т о г у л:

Башынан билем мен сени,
Балыктын уулу Найманым,
Манапты жандап май жеген,

Шалпаң кулак тайганым.
«Ашка жарчы болдум» — деп,
Адыраңдап ырдадың.
Тийиштик кылып өзүмө,
«Томаяк» деп сындадың.
Томаяк болсом, тилим бар,
Торгойдой сайрар үнүм бар,
Укканга элим ынтызар.
Манаптан башка тилиң жок,
Кожодон башка пириң жок,
Сенин ырың ким угар?
Эмесе, айтам жарыя,
Угуп тургун, калайык!
Казы-карта жегенин
Каркылдап мактап ырдаса,
Кайсы акынга ылайык?!
Жылкы, коюң санатын
Сураган жокмун, Найманбай,
Мактаныч кылып айтасың,
Сен өлгөндө, Найманбай,
Алдап алган малы деп,
Кожолор бербес батасын...

Н а й м а н б а й:

Долононун боорун
Токулдаткан ким болот?
Эси кетип жыгачты
Чокуп жаткан ким болот?
Жалгыз жыгач боорунан
Жарып алган ким экен?
Кара суудан карматып
Балык алган ким экен?
Тумшугу жок куш салып,
Турна алган ким экен?

Токтогул:

Долононун боорун,
Токулдаткан токмокчу.
Эки жыгач боорунан
Эптеп алган элекчи.
Жалгыз жыгач боорунан
Жарып алган челекчи.
Кара сууну кайнатып
Каймак алган эмгекчи,
Тумшугу жок шук салып
Турна алган тузакчы.
Туура сөзүн айтпаган,
Тумшуксуз сендей ушакчы.



## КУЙРУЧУК БААТЫР, КАЙДАСЫҢ?

Албагын аттын ээрин,
Алганда алты боломбу?
Кузгундардын колунан,
Байгеси болду короможу.
Куйручук баатыр, кайдасың?
Тапсаңчы мунун айласын.
Көрсө боло кедей да
Карагер аттын пайдасын.
Эки миң болсо байгеси.
Эки сом тийбей ээсине,
Кетирип салды айласын...



## ЧЫККАН БАРБЫ КУМАРДАН

...Куйругунан чуу чыккан,
Бүгүн ашта туу жыккан.
Карагер ат жаныбар,
Маңдайында агы бар.
Кулжабай Мышык таптаган,
Саяпкери таанымал
Баракелде, Мышыгым,
Байгеден күлүк чыгарган
Пишпек менен Наманген,
Олуя-Ата дубандан
Тер-Жайлаакка толтура
Эл чогулуп куралган.
Элирип атың туу жыгып,
Эки миң теңге пул алган.
Букарадан сенчилеп,
Чыккан барбы, кумардан?..



## ЭР САЙЫШ

Балбандыкка ылайык
Туулдуң эле, Эрназар.
Бардык кыргыз уулуна
Угулдуң эле, Эрназар.
Жолборс көөдөн жаралган
Төшүң жайык аралдан.
Балбандыгың башкача
Артык туулган адамдан.
Ар дубанга барчу элең

Ашта, тойдо балбандын
Алдынан торой чалчу элең.
Чалган бойдон сулатып,
Чалкасынан салчу элең.
Боюңа жакын жолотпой,
Кол учуң менен чапканда
Моокум каныпп калчу элем.
Кармаган жерден кан чыккан
Азыркы элдин алпы элең.
Баатыр этиң көнөктөй,
Баатырсынган балбандын
Бардыгын жыккан жөнөтпөй
Чалганды чаба ыргыткан,
Шамдагай сенден ким чыккан?
Көтөрүп чаап кеткенде,
Көп балбан сенден ынтыккан.
Азыркы элдин ичинде
Алп Кошой элең сынасам,
Кайратыңа жан түтпөс
Бука моюн, буура сан.
Кармаганда балбанды
Теминген бүркүт арышың,
Текөөрүн сунуп жиберген
Барчындай тике барышың.
Кебездей болуп чоюлган
Кең багалек сары шым.
Кетмен-Төбө элиңдин
Ким алат эми намысын?
Эки дубан баш кошсо,
Эрназар, сендей, ким чыгат?
Көңүлүн ачып көбүмдүн
Көтөрүп барып ким жыгат?
Качырганда, Аксакал
Өзүңдөн мурда куланды.
Байзак айткан: «Өлтүр,— деп,—

Башка сайып урганды!»
Түйшүккө салдың, Эрназар,
Түнкатар саяк тууганды.
«Өлүүчү жерге сай» дептир
Мырзабек, Байзак көркоолор.
Эч ким өлбөйт кошулуп,
Өз башыңа түшкөн шор.
Кайран балбан өзүңдү
Каман чалып өлтүрдү.
Капыстан чыгып бир чочко,
Жаман чалып өлтүрдү.
Сен өлгөнгө кубанып,
Күлүп турат залимдер.
Өкүнтүп калың элиңди,
Өлүмгө кеттиң, кайран эр.
Отуз бир жашка чыкканча
Оң, солду жыктың, жыгылбай,
Аксакал сайган найзадан
Жан чиркин учту чымындай.
Байгең — тогуз кырчаңгы.
Аны да бөлүп «журт» алды.
Кайгыргандан далай эл,
«Кайран балбан!» — деп калды.
«Эрназар балбан өлдү» деп,
Дубанга даңкың угулду.
Ким кууйт сенин кунуңду?
Ким тартат сенин муңуңду?

## САРАТАНДЫН КЫЗЫ КАЧКАНДАГЫ ЫР

Берем деп турган убакта,
Кызың качты, Саратан.
Табылар бекен качкан кыз,
Бир-эки күн карасаң?

Кайтарып бергин калыңын
Намыс ишке жарасаң.
Тобокел кылып качкан кыз,
Талоонго түштү жан атаң.

Энчилеп жүргөн карынын,
Кайра бергин сыргасын.
Күйөөнү чанып кеткен кыз,
Өз теңи менен жыргасын.

Күйөөң чырчыл көрүнөт,
Эми болушка күндө чакырат.
Бий-болушуң тыткылап,
Бар малыңды саттырат.

Күндө барып угасың
Бий-болуштун сурагын.
Малга саткан экенсиң,
Ойлобой кыздын убалын.

Ээгиңдеги сакалдан
Таппадым бир тал карасын.
Акылы болсо Саратан,
Өзүңдөй кары бир чалга
Сатмак беле баласын?

Мен качырып ийгенсип
Неге түйдүң кабагың?
Качкан кыздын ордуна,
Көөнүңө жакса, алып кет
Саратандын аялын.

Айтпай качкан кыз үчүн
Саратан жазык тартабы?
Издесең таап аларсың,
Кыдыргын Аксы, Арканы.

Алса калың алгандыр,
Саткан эмес өз башын
Азапка түшчү ал кыздын
Киминер артмак көз жашын?

Сакеме салган чатагың
Белгилүү болду баарыга.
Айласыздан барбаса,
Тиеби сендей карыга?
Акылы жетик кыз экен,
Күңгөйдөгү арчанын
Гүл чыкмак беле жанына!

Оокатыңа жеткидей
Өзүңдүн малың бар экен,
Кызыңды берчү бул күйөөң —
Сексенге жеткен чал экен.
Тапкан болсо өз теңин
Кызың акылы жетик жан экен!

Энчилеп жүргөн бул күйөөң
Өзүңдөн улуу неме экен,
Эбин таап качыптыр
Көтөрүп баккан берекең.

Болмок эмес бул кокуй,
Озунуп калың жебесең.

Кайраштырып сөз айтып,
Жаатчыл кылды элимди.
Акыйкат кылып карабайт
Парасыз айткан кебиңди.
Атаңа айтпай качкан кыз,
Таптың бекен теңиңди?
Чалга саткан атаңды
Азап тартсын дедиңби?

Токол болгон кыздардын,
Байбиче укпайт бир кебин.
Чалга кетчү ар бир кыз,
Качып тапсын өз теңин.
Калыңга барган кыздардын
Беш катын укпайт жөн кебин.
Кыйноого кетчү ар бир кыз
Кыдырып тапсын өз теңин.
Күйүткө теңиң баратса,
Ийменип карап турбагын.
Ийменбеген эр жигит
Качырып алсын курбалын.
Жайсызга теңиң баратса,
Жалтактап качып жүрбөгүн.
Жалтанбаган эр жигит
Жактырып алсын сүйгөнүн.
Жайын билбей үзбөсүн
Жайкалган бактын алмасын
Жабыгып жүргөн кыздардын
Жарыкка чыкпай тилеги
Жашырын жерде калбасын,
Калың малга алданып,
Жайсыз жерге барбасын.

## АЙТЫШ

Эшмамбет:

Арстанбап,
Чарбактан келген Балтабай,
Балбандыгың айтам ай.
Алын билбей эңишип,
Арымдан келген бир сарттар
Аркаңда асылып жүрөт калтадай.

Токтогул:

Эшмамбет, ырдап турасың,
Эч нерсени байкабай,
Элирип топто мактанба,
Ээгиңдеги сакалың
Коолап кеткен арпадай,

Эшмамбет:

Өлөмүн деп санабай,
Өз алына карабай,
Аркасында бир сарттар
Сүйрөлүп жүрөт маладай.

Токтогул:

Кыйкырасың, Эшмамбет,
Кылчайып артың карабай.
Кыюун таап чымчысам,
Каларсың ишке жарабай,
Ээгиңдеги көп сакал
Ээн койдуң тарабай.

Эшмамбет:

Толкугансып келди эле,
Токтогулду карачы,

Томпоюп аттан жыгылды
Эңишке түшкөн баласы.
Каруусу жок сарттардын
Уялганын карачы.
Мурунтан кайгы көп тартып
Муңданып жүргөн санаасы.
Эңиштен Toком жыгылып,
Эсинен тайып турганда
Эшмамбет болду арачы.

Т о к т о г у л:

Ачканыңбы, Эшмамбет,
Муңданып жүргөн санаамды?
Жыгылды деп балбаның,
Жамандайсың баламды.
Ээгин туташ кыл баскан,
Эшмамбет, эси жок элең арамы.

Э ш м а м б е т:

Кайтарам жооп мунуңа,
Эңишкен балаң жыгылып,
Toком кайгыргансып туру да.
Айтыша турган ырчыдай,
Асылдыңбы, Токтогул,
Алкымда сакал кылыма?

Т о к т о г у л:

Жыгылып калса эңиштен,
Жамандадың иними,
Көңүлүм суук ойлоду,
Эшмамбет, сенин тилиңи.
Көкүрөгүң туташ кыл,
Көтөрүлүп ырдайсың,
Эшмамбет, көрбөйсүң ошол түгүңү.

Эшмамбет:

Адырга бүткөн жекенсиң,
Айтышканда нетесиң?
Алдастаба, куу көсөө,
Алкымыңда бир кыл жок,
Апаңа окшош экенсиң.

Токтогул:

Кара эчкинин терисин
Каптап алган экенсиң.
Кайра-кайра желимден,
Чаптап алган экенсиң.
Эки боо кылып кудайдын,
Эпчилдиктен, Эшмамбет,
Мактап алат экенсиң.

Эшмамбет:

Абалы сурап кудайдан,
Ырыңы алган экенсиң.
Андан соң «ооз бергин» — деп,
Мурун алган экенсиң,
Энемдей болгон, куу көсөө,
Ээгиңде бир кыл жок,
Куру калган экенсиң.
Өгүнчөрөөк көргөндө
Беш-алты кыл бар эле,
Меникиндей болбойт деп,
Аны да жулуп алган экенсиң.

Токтогул:

Эки боо кара сакалга
Тунуп алган экенсиң.
Сакал жактан байгеден
Чыгып калган экенсиң.
Илгери бир барак эл болот дечү эле,

Тула бою түк баскан,
Бир дечи,
Анда-мында бит баскан,
Эки дечи,
Өзүн чоң төөдөй жүк баскан,
Үч дечи,
Ошол барак элдерден,
Жалгыз өзүң жаралып,
Эшмамбет урук алган экенсиң.

Эшмамбет (күлүп):

— Токтогул, эмне болгонсуң, жесир катынча колуңду санап каргап ырдайсың да? — деди.

Анда Токтогул:

— Сеники жакшыбы, эки боо сакалыңа эдиреңдейсиң,— деп а дагы күлдү:

Эшмамбет:

Андай болсо карап тур!

Токтогул:

Карап турса карап тур.

Эшмамбет:

Кудай деген кишинин
Алкымы сакал түк болот,
Анын кылган тобосу
Бир кудайга бүт болот.
Көсөөнү, кудай, көрсөтпө,
Баарысы чунаңдаган журт болот.
Таңда макшаар болгондо
Кудай досу — Мухамбет
Көсөөлөр жанына барбай сырт болот.

Токтогул:


Акылы жок кишинин
Алкымы сакал түк болот.
Асырап багып жүрбөсө,
Арасы сирке, бит болот.
Эшиги бейиш тар деген,
Эбин таап кире албай,
Эки боо кылың жүк болот.
Жууп койгон кийимдей
Көсөөнүн баары «сыпаа» журт болот.

Эшмамбет:

Кудай деген кишинин
Түк болот түгөл беттери.
Абалы мурун жаннатка,
Шарапаты сакалдын —
Адамдан мурун жетмеги,
Ар биринен бериште,
Алат экен бир-бирден.
Абалы мурун бейишке
Сакалдын бул го кеткени.

Токтогул:

Кудай деген кишинин
Түк болот бекен беттери?
Кай шарыяттан эшиттиң
Сакалдын бейиш жеткени
Айткан сөзүң чың болсо,
Ала топураң күн болсо,
Ар кылыңдан бериште,
Бейишти көздөй сүйрөсө,
Башканы мындай коё тур
Болорсуң кызык көкбөрү.



Эшмамбет:

Түбү сайын бериште
Күнүгө бирден түнөсүн,
Сакалдуунун жок дешет
Шарияттa күнөөсүн.
Эки кыл таппай элтеңдеп,
Энеме окшоп куу көсө,
Эсиңден танып жүрөсүң.
Кулжуңдаба, көсөөке,
Кудайга жакпайт мүнөзүң.

Токтогул:

(Алаканын жайып бата берип)
Түбү сайын берните,
Бирден эмес, Эшмамбет,
Экиден келип түнөсүн.
Кылына кырк экиден жаза көр.
Кудай, Эшмамбеттин күнөөсүн.
Эшиги тар бейишке,
Эбин таап мен кирем,
Эки боо кылың барында,
Оор тартып бүт денең,
Карыган теке кейиптенип,
Каңкыйып сыртта жүрөрсүң.
Арбайгандан тарбаят,
Ар бир жериң бир саят,
Сакал эмес бута го,
Бул сакалың барында,
Кантип жагат мүнөзүң?

Эшмамбет:

Түбү сайын берните,
Түнөп жүргөн кези ушул.
Бир кыл таппай көсөөкең,
Жүдөп жүргөн кези ушул.

Т о к т о г у л:

Түбү сайын берипте,
Түнөп жүргөн турбайбы?
Көптүгүнөн багалбай
Кантер айла табалбай
Бул сакалдан Эшмамбет
Жүдөп жүргөн турбайбы,
Карагандан калың го,
Берипте эмес, кылыңа
Каргалар учуп түнөсүн.

(Б а т а б е р и п)

Менден алган батаң ушул:
Жазгы баар көктөмдө,
Жер чымырап көпкөндө
Эл жайлоого көчкөндө
Кылыңдын бири калбастан,
Кыпкызыл болуп түлөсүн.
Кызылды көрсө бирге учат,
Алтымыш карга, сагызган
Айдоосунда жүрөрсүң.
Түбү ошондой болмокчу,
Эшмамбет сенин мүнөзүң.

Э ш м а м б е т:

Сыйда сакал, кер мурут
Сыласам келет колума.
Зыркырайсың, көсөөке,
Бир кылыңдын жогуна.
Сакалы жок көсөөнү
Сабап уруп, берипте
Жолотпойт дейт чогууга.

Т о к т о г у л:

Сыйда сакал, кер мурут,
Сыласаң келет колуңа,
Сыртыңды салып мактанба,
Бир боо кылдын тобуна,
Карыганда узарып
Карууң кетип жүк болот
Бейиш турсун, Эшмамбет,
Бара албайсың чогууга.
Күлкү кылат көргөн эл.
Күрсүлдөп кылга мактанган
Эшмамбеттин кебин көр,
Кумар болсоң сакалга,
Кучагың толот бир жылда.
Кула чолок байталдын
Куйругун кыркып кое бер.

Э ш м а м б е т:

Балтабай түшкөн эңиши —
Баары журттун кеңеши.
Ээгинде бир кыл жок,
Сакалың көп деп асылат
Сарттардын тоголонгон эмеси.

Т о к т о г у л:

Тоголонсом өзүм бар,
Толкуган топко келгенде,
Торгойдой ширин сөзүм бар.
Топ кылыңа мактанып
Толкубагын, Эшмамбет,
Торой чалар кезим бар.

Э ш м а м б е т:

Чолок-чаар жылкыдай,
Чортоңдогон немесиң.

Чочугансып ырдаган,
Кортоңдогон немесиң.
Ачуума көп тийбе,
Бирдемени көрөсүң,
Ар чеңгелим — беш кадак,
Аябай туруп муштасам,
Айлыңа жетпей өлөсүң.

Токтогул:

Жалдуу кара айгырдай,
Жалпылдаган эмесиң.
Арабаны көргөндө,
Тарпылдаган эмесиң.
Эки батман жүк артса
Өйдө жерде тарталбай
Тизесинен темтеңдеп
Ак жериңен келтек жеп,
Сен урган, кыйноо тартып өлөсүң...

Эшмамбет:

Айдадың малды чыбырга.
Арзып келип калыпсың
Алыста жаткан урууга,
Алыска кетип темтеңдеп
Айбың жок, күнөөң жок,
Ак жериңен келтек жеп,
Айдалып кеттиң Шыбырга[1].

Токтогул:

Акылын тапкан жан келет
Алты айлык алыс Сибирден.
Кабар албай, каршы ырдап,

---

[1] Шыбыр — Сибирь деген сөз.

Кара сакал, Эшмамбет,
Кайгыда жүргөн муңумдан...
Копо ажы коюн кайтарып,
Колуңа тийсе бир эчки,
Коржоңдоп качтың сен неге
Конушуң Калба чыбырдан?
Кармаган жок бир солдат
Качып келдиң сен неге
Калың Талас уруудан?

Эшмамбет:

Кагазды билдиң картынан,
Кармалып кеттиң Шыбырга
Кай бирөөнүн зарпынан?
Эки солдат, бир мыршап[1]
Айдап кеткен артыңан.
Эл кыдырып ар жерден,
Сурап жедиң жарты нан.

Токтогул:

Кармалып кеттим калкыман,
Азаптуу жолдо камчылап,
Айдады солдат артыман
Кармалып кеткен мен элем
Кас душмандын зарпынан.
Кайрылып келип эл көрдүм,
Бар экен тузум жалпыдан.
Өлөт белем ачкадан?
Рас, сурап жедим жарты нан.
Эки колпоч[2] урбастан,
Эч адам доо кылбастан.
Коржоңдоп качтың сен неге

---

[1] Мыршап — өзбекче полицей деген сөз.
[2] Колпоч — Таластагы кыргыздардын бир уруусунун аты.

Конушуң Талас калкыңан?
Беш-алты колпоч «карма» деп
Кууду беле артыңан?

## КЫЗДЫ УЗАТКАНДА

Кайын энең киндик кесип,
кир жууган,
Кайын атаң — түп атабыз бир тууган,
Кол кайырын колго алып,
Көпчүлүк журттан бата алат,
Баарысы саяк, сарттар аталат.
Оронгонуң, кийгениң —
Анжияндын касасы[1].
Азыркы бара турганың —
Ага-ини журттун тазасы.
Өңдүрү алыс Кутчу-Суу
Жерге барат экенсиң.
Биздин өсүп аткан көп сарттар
Элге барат экенсиң.
Өзүбүз кылган ак отоо
Үйгө барат экенсиң.
Капшыты алыс Кутчу-Суу
Жерге барат экенсиң.
Калкылдаган көп сарттар
Элге барат экенсиң.
Кайын энең тиккен ак отоо
Үйгө барат экенсиң.
Жазга маал болгондо,

[1] Каса — элечек, Кетмен-Төбөдө илеки дейт.



Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 44011

Жайлоого тарта конгондо,
Карагер минсең өр тартып,
Каймал төөгө жүк артып,
Кара кыл аркан бек тартып,
Кара-Арча барып коносуң.
Кайын энең менен апаңа
Каттоо коңшу болосуң.
Атыңдын башын өр тартып
Ак каймалга жүк артып,
Аладан аркан бек тартып,
Арымга ашып коносуң.
Кайын энең менен апаңа
Айылдаш коңшу болосуң,
Алтының болсо, жыйнай жүр,
Абийир тапсаң — сеники,
Абысын келсе сыйлай жүр.
Казаның болсо жыйнай жүр,
Кадыр тапсаң — сеники
Кайниң келсе сыйлай жүр.
Кайын энең менен апаңа
Жайы-кышы айылсың,
Аман кон, балам, журтуңа
Этек-жеңиң жайылсын!

## ЖАШТАРГА

Жагалданып байге алса,
Күлүк көркү жарышта.
Жакшы болсоң азамат
Болбос ишке тырчыгып,
Жаман сөзгө барышпа.

Андан көрө жадырап
Жакшы сөз менен арышта.

Жакшы кийсең, жаш балдар,
Көйрөңдөнүп элирбе.
Жаш кезиңден кызмат кыл,
Баркыңды билген элиңе.
Өзүңө керек болбосо,
Бирөөнүн жолун торгобо.
Башкаларга жеткирбейт,
Басыгы болот жоргодо.
«Пайгамбардын сөзү» деп,
Апырылтып калп айтса,
Ишене бербе молдого.
Кез-кез келчү меймандан
Тамагыңды катпагын,
Душманыңа алданып,
Элиңдин сырын сатпагын.
Бет келген жоодон качпастан
Ишеничти актагын.
Жаш кезиңде жаркылдап
Эмгегиңден талбагын.
Кагыштырып калп айтып,
Көрүнгөн жерге барбагын.
Баркың кетип, карыганда
Шүмшүк болуп калбагын.

Көрүнгөнгө карыз болуп,
Сөз ээрчитпе артыңдан.
Акылсыздын жумушу
Кол жетпес ишке талпынган.
Ашыра сүйлөп мактанып,
Улууларга калп айтпа.
Калпычы атка коносуң,
Бир эмес, жалпы калк айтса.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН АЛЫМКУЛДУН ЖОЛУГУШУУСУ

Ырдап жүргөн кезим. Ширгелинин уулу Муса деген киши бир күнү мага жолугуп: «Алымкул, Таласта сен үйрөнүп, үлгү алчу ырлар жок. Кетмен-Төбөдө Токтогул, Эшмамбет деген ырчылар бар. Токтогул деген акын Сибирге айдалып барып, кайра келди. Токтогулду көрбөй ырчы болбойсуң. Ошол Токтогул деген акын Таласка келсе сени тааныштырып коёюн» деди. Жанкороз деген аш берет деп угуп калдык. Бир күнү Муса келди да: «Жүр, балам беренге[1] Токтогул жакын болчу эле. Ушул ашка келет, эми сени ошол акынга тааныштырайын» — деп, ээрчитип алып жөнөдү. Беш-Таш деген жерге барсак, эл жыйналып, берендер үй тигип жаткан экен. Айылдын четине барып, бир кишиден: «Токтогул келдиби?» деп сурадык эле: «Келди, Жанкороздун иниси Төлөбайдын айлында жатыр». Анда Муса айтты: «Азыр сен жаш баласың. Күндүз Токтогулдун үстүнө алып барсам, тердептепчип, эч нерсе айта албассың. Түн баатырдыкы дечү эле. Азыр бирөөнүкүнө түшүп, түндө алып барайын».

Ошентип, биз башка айылга барып түштүк. Күүгүм кирип, караңгы болгондо: «Жүр, эми сени Токтогул жаткан үйгө алып барайын» — деди. Төлөбайдын айлына жакындаганда, бизге Токтогулдун үнү угулду. Мурун көрсөм деп жүрөгүм толкундап бара жаткан мен анын үнүн уккандан кийин тер чыга баштады. Көрбөсөм экен деп калдым. «Көрө электе минтип жатам. Кантип мен анын астына барып бир нерсе айта алам?» — деп ойлодум.

---

[1] Берен — Таластагы бир уруу эл.

«Корбөй эле кетем» деп калдым, бирок Муса болбой койду. Барып түшсөк, айылдын жанына ат батпайт. Төлөбайдын чоң ак үйү бар экен. Үйдүн сырты да эл, ичи да эл. Биз барган кезде Токтогул Сибирден келгенде, Бууракандын белинде Эшмамбет ырчы менен учурашканын ырдап жаткан экен. Муса атын мага карматып, Токтогулдун үстүнө кирип кетти. «Ассалоомалейкум, Токо, аман-эсен жүрөсүңбү? Урушчаак бөдөнөдөй чүрчүйгөн жарыктык. Таласка кээде келет экенсиң, кээде келбейт экенсиң. Сөзүңдү сагынат экенбиз. Өзүңдү сагынат экенбиз. Биздин айылда Алымкул деген жаш бала бар, ал ырчы болом деп жүрөт. Ошол баланы ээрчитип келдим. Ырыңан, күүңөн үйрөтүп кет, Токо! Сени сагынганда, ошол балага ырдатып жүрөлү» — деди Муса.

Током Сибирден кайра келсе, жалгыз баласы өлүп калган, аялы эрге тийип кеткен эле. Энеси жалгыз калган, кайгыга кайгы кошулуп, боорун көтөрө албай Токомдун боздоп жүргөн кези экен. Током жанагы сөздү уккандан кийин, колуна комузун алып, коңгуроодой үнү менен чакырып ырдап турган жери:

Т о к т о г у л:

Кайгыда өткөн жаш өмүр
Кайта келбейт башыма,
Качып жүрбөй далдада
Келсеңчи, ботом кашыма.
Эстеген сайын кайгырам
Эскирген өмүр азына.
Көрө электе сүрдөнүп
Көп уялып жашынба!..

Улар элем сайраган
Улуу тоонун багында.
Уялып, качып жүргөнчө

3*

Учураш балам, карыңа.
Угулган менин кабарым
Уруусу кыргыз баарына.
Келинче качып сырттабай,
Келсеңчи, балам, жаныма.
Кеткен жаштык балалык,
Кейиймин сакал агына.
Кабарым угуп келипсиң
Картайсам да, шарыма.
Кайрылбаптыр эч адам
Камоодон кайтып келгинче
Кайгыда калган жарыма.

Каргадай жалгыз бар болсо,
Жүрбөйт беле жанымда.
Асмандап учкан алты өрдөк
Айланып конор көл мында
Агаңдын сөзүн угам деп
Арзып турган эл мында.
Айдалып жүрүп ыйлаган
Армандуу Токоң мен мында.
Атайы көрөм деп келип,
Алыстап качпай кел мында!..

Калкылдап учкан өрдөк, каз,
Кайрылып конор көл мында,
Кадимки Током ырдайт деп
Калайык тууган эл мында.
Кармап берип канкорлор
Кайгынын отун көрдүм да.
Кара көзүм жылтырап
Кайтып элге келдим да.
Качып жүрбөй далдада
Каргадай ботом, кел мында!
Жолобой качып жүргөнчө

Жоругумду көргүн да,
Алып кал, балам, ырымды
Ажалым жетсе өлдүм да.
Ак үйдүн качпай сыртына,
Алдыма жакын келгин да.

Салкын төрдө даракка
Сайрап булбул конбойбу?
Солдат жүрсө артыңда,
Санааңа кайгы конбойбу.
Сайрап турган Токоңо
Салам берсең болбойбу?
Келип, балам, ырдачы,
Кем жери болсо оңдойлу.
Келинче качып уялбай,
Кетип калам аз күндө,
Кебимди уксаң болбойбу!

Ашып келдим жакында
Ак кардуу Беш-Таш белиңди.
Аралайын деп келдим
Алты сан саруу элиңди.
Аялча качып жүргөнчө
Көңүлүм бөксө баладан
Көрсөтчү ботом, өңүңдү.
Көрүп, балам, алып кал
Көп айткан ширин кебимди.
Күйүп жүрүп өткөздүм
Гүлдөгөн жаштык өмүрдү.
Кейисем да тилеймин
Кечинен бер деп өлүмдү.
Келип, балам көрсөңчү
Кер сары болгон өңүмдү.
Кемитпей түгөл алып кал,
Керек болсо, кебимди,

Көз көргүс жерге кетсем да
Көрдүм кыргыз элимди.
Кургатар дүйнө бар бекен
Көзүмдөн аккан селимди?
Талаптуу бала, сен болсоң,
Таанып кал, менин жөнүмдү.
Так калтырбай алып кал
Таңшыган ширин кебимди!
Кармап берип ак жерден,
Кайгылуу болду жүрөгүм,
Ак балдан ширин сөзүмдүн
Алып кал, балам түгөлүн.
Эшикке качпай келсеңчи,
Эмессиң менин күйөбүм.
Ээрчип жүрүп бүт үйрөн,
Эскирип кетти сөөгүм.
Кылтыстап келбей качасың.
Кызымдын бербейм бирөбүн.
Учурашып көрбөстөн,
Уялып мынча жүдөдүң.
Балдарда калса бул өнөр —
Башынан ушул тилегим!..

Ак жорго элем жулкунган,
Ак талга конуп сайраган
Ак булбул элем кулпунган.
Акын Токоң ырдаса
Аял, эркек көрөм деп
Нечен бир аппак үйлөр жыртылган.
Айыбым жок кармашып,
Айдатып кууган журтумдан.
Алмадай балам, келипсиң
Атымды угуп сыртымдан,
Камоодо жүрүп нечен жыл,
Түгөнүп келдим курчумдан.

Көк жорго элем жулкунган,
Көк чынарда сайраган
Көк булбул элем кулпунган.
Көрөм деп балдар шыкаалап
Көп өргөөлөр жыртылган.
Көрөмүн деп келипсиң
Көпчүлүк айтып сыртымдан.
Азаптуу жолго айдаган
Ажыратып журтумдан
Жыланайлак жөө басып
Мокодум кайрат курчумдан...
Муктажмын перзент балага
Мусапыр болуп нечен жыл
Муң толду менин санаама.
Каргадай ботом, кел бери,
Качып жүрбөй талаада.

Кайтып элге кеткиче
Калсаңчы ээрчип абаңы.
Кашыма келчи сынайын
Канчалык өнөр чамаңы.
Аралап келдим тобуңду,
Акын Током келди деп
Агайын тегиз чогулду.
Алдыма келип көрүшүп,
Алсаңчы балам, колумду!
Таанып калсаң болбойбу
Акындык нуска жолумду?

Уяты болот жаштын да
Учурашпай качтың да.
Уялгандан пайда жок,
Узатпай ордум баскын да!..
Жаныма отур, бөбөгүм,
Жаңшачы, жөнүң көрөйүн.

Жаш болсо кетти эскирип
Жакыттай кымбат ырымды,
Жаш балам, сага берейин.

Акылың болсо билерсиң.
Айтканым түгөл илерсиң.
«Акын Током сөзү» деп
Айтып ырдап жүрөрсүң.

Үйрөнгүн, балам, күүмдү
Үлгүсүн угуп алып кал
Улардай мукам үнүмдү.
«Кара жаак Током» — деп
Кабарым журтка билинди.
Кайсы арманым айтайын,
Камоодон көргөн күнүмдү.
Таза жерден кармалып
Кайран баш элден сүрүлдү.
Укпаган кыргыз эл барбы
Сайраган булбул үнүмдү?

Чертмегине кыл таккан,
Чебер тилди сайратып,
Чукугандай ыр тапкан.
Конокко чапкан күлүктөй
Комузга колун чуркаткан
Далай ырчы акынга
Таалим берип, сын таккан.
Жакында келдим бошонуп
Байлаган кендир бурчактан.
Комузга колум ойногон,
Улардай сайрап отурсам,
Уккандар сөзгө тойбогон
Таасын күлүк жан элем
Ташыркап бүтүн жойбогон.

Талаптуу жаштар алса деп,
Тилегим ушул ойлогон.

Күзгүдөй бетти чаң алып
Күн тийбеген чукурда
Күнөөсүз жаттым камалып
Күйүт менен көп өттү
Күлүүчү жаштык, балалык.
Туулган шордуу жан экем
Кайгылуу күндө жаралып.
Ээрчип жүр, балам, алып кел
«Эсилим Током сөзү» — деп
Элде калсын таралып.
Кургурдун сөзүн алып кал
Курсакка кетер камалып.

Чаңдатпай чыктым жарыштан
Жаным эсен кыбырап,
Жакында келдим алыстан.
Жаш эскирип айрылдым
Жаңырган күкүк дабыштан.
Элирип турган жан элем,
Сууган күлүк жылкыдай
Суулугун чайнап карышкан,
Алты ай бүтүн жөө басып,
Айланып келдим Сибирден.
Кылчайып көрбөй кыргызды
Кыйналып көзүм түнөргөн.
Мусапыр жүрүп кутулдум
Бутумда тушоо чидерден.
Булбулду бөлүп журтунан
Бузуктар айдап жиберген.
Түрмөдө жатып саргайып
Туяк курчум түгөнгөн
Кайырчы болдум бир кезде

Карды үчүн оокат тиленген.
Кайтып келдим, бошонуп
Кармаган ноктоо, жүгөндөн
Алып кал балам үлгүмдү,
Аябаймын силерден!..
Айдоодо жүрдүм кор болуп
Тиземден батып чаң кечип,
Аягым аксап чор болуп
Азап тарттым нечен жыл
Адашып калды жорголук.
Көзүмдөн агып кандуу жаш
Көргөнүм мээнет шор болуп
Жылаңайлак саргайып,
Басканым кара жол болуп.
Жазыгы жок кайран баш
Жатканым темир тор болуп.
Уялбай балам, шок болгун,
Кетерсиң түбү оңолуп.
Элирген өмүр жаштыкта
Эл ичинде болбодук.

Алмадай болгон асыл баш,
Ажал жок экен, өлбөдү.
Айыпсыз Сибирь айдалып
Азапты далай көргөнү.
Эзилип тентип кеткеним
Эшендин кесир селдери.
Калкты алдаган калпалар
Оронуп бөздөн селдени,
Олуя эшен ушул деп,
Оокатын алдап эл жеди,
Толуп жатат кайгылуу
Токоңдун азап көргөнү.
Томуктай баштан жан кетсе,
Жок экен кайта келмеги...

Ала барчын айланса,
Аралайт түлкү бүргөнгө.
Аргымак күлүк алчаңдайт
Аземдеп токуп мингенде,
Ай далың жыргап кубанат
Ак күрөөкө[1] кийгенде.

Арманы жок жигиттин
Арзып жетсе сүйгөнгө
Алып кал, балам, сөзүмдү
Айлыңда минтип жүргөндө.
Амандашып кебиңди айт
Агаңдан качып сүрдөнбө.
Алып калса деп жүрөм
Ар сөздүн баркын билгенге.

Айдалып кеттим Арымдан,
Ажыратты бузуктар
Алган сулуу жарымдан.
Куулуп жүрүп айрылдым,
Кубатым менен алымдан.
Элиме кайтып кеткиче
Чыкпагын, иним жанымдан.
Тулпар элем таптагы
Дубанга күндө чабылган.
Турна моюн, бото көз
Түрчу эле кетпей жанымдан.
Туугандан бөлүп башымды
Туткун торго чалынгам,
Жоргодой жолго салганда
Жок эле тилим жаңылган,
Кантип алам кегимди
Кармап берген залымдан?

[1] Күрөөкө — согуш кийими

Жоро-жолдош курдашым
Жоругумду сагынган.

Саруудан чыккан бөбөгүм,
Салам берип ырдачы,
Салакаңды көрөйүн,
Илешип жүрүп алып кал,
Иним, сага берейин.
Комузду алып күүлөчү,
Айтканыңды угайын,
Алдыма келип сүйлөчү
Учурашып ырдачы.
Уяңдыктан пайда жок
Уялып, балам турбачы,
Азапта жүргөн нечен жыл
Агаңдын жалгыз бир башы
Ак үйгө кирбей качканча
Айтканымды тыңдачы...

Жаштык кылып качпачы,
Жалпы эл угуп сынасын.
Жаныма келип баштачы
Токтогулдун колунда
Сөздүн түйүн аштаашы.

Ырчы бол ылдам элирген,
Ылдамдан кашаң чыга албайт.
Камчы берип теминсең
Кадимки күлүк мен элем
Кайырган жерден бөлүнгөн.
Саламат келдим алыстан
Сакталып жаным өлүмдөн.
Ээ, дегизбей шок ырда,
Эл кубансын кебиңден.
Агаңдын алгын үлгүсүн,
Аз күндө кетем элиңден.

А л ы м к у л:

Укчу элем мурун кабарың,
Учурап жүзүн көрсөм деп,
Ушул эле талабым,
Угуп тур, булбул Токтогул
Учурашкан саламым.
Урматтуу кыргыз элиңе,
Улар болуп жаралдың.

Эртели кеч оюмда
Эстечү элем өзүңдү.
Элдин эрмек булбулу,
Эсен көрдүм көзүңдү.
Ээрчип жүрүп уксам дейм
Элди эриткен сөзүңдү.
Каркылдап өрдөк, каз жаткан
Карайган кара көлбү деп.
Кадимки булбул Токомсуң
Кабарың кыргыз эл билет
Ак жерден кармап сот кылып
Айдоодо жүрдүң делдиреп.

Айылдан угуп кубандык
Аман-эсен келди деп,
Күкүктөй күн-түн сайрасаң
Күүлөнүп канат теминдиң
Гүлдөтүп топту кызыткан
Күлпөтү сенсиң элимдин.

Кажыбас күлүк буудансың
Калың топто элирген
Суутулган жоргодой
Суулугун чайнап кемирген,
Эшикте жүрдүм уялып

Сүрдөдүм басып келүүдөн.
Алып калсам нусканы
Айткан ширин кебинден.

Ак чынарга булбулдай
Конгон, Током аманбы?!
Алыска чапса талбаган
Жоргом, Током, аманбы?!
Ак калпак кыргыз эрмеги
Болгон, Током аманбы?!
Ак кагаз көрбөй сүйлөгөн
Молдом, Током аманбы?!
Алтындай сөз ичине
Толгон, Током аманбы?!
Эки эли тилиң булбулдай
Сайраган Током аманбы?!
Элирип топко чачырап
Жайнаган, Током аманбы?!
Эми көрдүм жаңыдан
Эңсеп жүргөн адамды
Эргип тилиң сайратсаң
Элдин чери таралды.
Комузуң колдо кыңгырап,
Кош добуш чыгат шыңгырап,
Акын ырчы элде көп,
Ар бир түрдүү жорукту
Өзүңдөн башка ким кылат?

Таңыркатып адамды,
Ийниңе салып имерип,
Тарс-тарс уруп жиберип,
Комузуң үнү басылбайт,
Колуң чоюн билерик
Карай берип көз талып
Калат элиң түнөрүп.

Өрнөгүн алып мактасам
Өзүңдөй жорго адамды,
Ээрчип жүрүп үлгү алып
Элге ырдасам жагамбы?!
Күлүк элең адамдан,
Күлдү кыргыз көп элдин
Күлпөтүнө жаралган.
Күнөөсүз элден айдалып,
Күйдүң далай камактан,
Күрдөлдүү кыргыз эл көрдүң
Күйүттү чыгар санаадан.
Улардай сайрап отурсаң
Уккандын чери таралган
Жүрөгүм эңсеп сагынып
Жүргөнсүң чыкпай санаамдан.
Тартип көрсөм дечү элем
Таңшыган сендей адамдан
Булбулдай шакка түнөдүң
Бир далай тарттың азабын
Бузуктар койгон күнөөнүн.
Булбулдун жүзүн көрсөм деп
Мурунтан сүйгөн жүрөгүм.
Жарышы болсо кунандын,
Жардам бер, Токо сүрөгүн.
Оюмда көрсөм дечү элем
Орундалды тилегим.
Ойногон жорук кыялың
Орунун кантип билемин?
Калсам билип сөзүңдү
Калкыма ырдап жүрөмүн...

Жаңшасаң тилиң таңдайдан,
Талыкпай элге сайраган
Жан эриткен булбулду
Жаман көргөн кандай жан?

Комузун бербей колуна
Байлап кетти дечү эле.
Кош айтышып тууганга
Сайрап кетти дечү эле.
Эки көзү чолпондой
Жайнап кетти дечү эле.
Ээрин алган жоргодой
Жайдак кетти дечү эле.

Эшендин кесир зарпынан
Кармап кетти дечү эле.
Эл-журтуна кош айтып
Зарлап кетти дечү эле.

Зарланган иштен кутулуп,
Саламат эсен келипсиң,
Сагынган сарттар элиңди
Аман-эсен көрүпсүң
Курчалган топто сайрасаң
Кубанган элиң сөзүңдөн,
Кутулуп аман келипсиң
Куулардан болгон кесирден.
Жоро, жолдош тууганың
Жол карап көзү тешилген,
Чыдадың далай азапка,
Чыгаргын, Токо эсиңден.
Үйдө жүрсөм ойлодум,
Үлгү алсам деп өзүңдөн.
Акынсың, Токо сынагын
Амандашкан сөзүмдөн.

Кумар элем даңкына,
Куштай учуп айланып
Бир келипсиң калкыма.
Атагың дайым белгилүү

Ак калпак кыргыз жалпыга
Элиңе, Токо кеткиче
Ээрчийин калбай артыңа.
Адашпай түшөр бекемин
Акындыктын салтына?
Кол ойнотуп, күү чертсең
Комузга Током устасың
Кошо жүрүп көрсөткүн
Акындыктын нускасын
Токтолбой ырдап жүрөрмүн,
Токтогул болсо устатым!..

Акындан нуска албасам,
Айтканымды ким билди?
Алсам деген тилек бар,
Акын, Токо үлгүңдү!
Көк жоргосуң жулкунган,
Көп ойлондум көрсөм деп,
Көңүлүм эңсеп сыртыңдан.
Күкүк, булбул үндөнүп,
Келипсиң Токо Арымдан.
Күлүксүң, Токо чабылган
Күн-түнү айтсаң бүтпөгөн
Күч алып үнүң жаңырган.

Күрөктөй тишиң жалтылдап,
Күрдөлдүү топко келгенде.
Күүлөнүп жүзүң жаркылдап,
Күн-түнү айтсаң бүтпөгөн
Үн сеники шаңкылдап.

Комузуң колдо күүлөнгөн
Кол ойнотуп черткенде,
Коңгуроо добуш үндөнгөн
Анык булбул экенсиң

4—2209

Бу жалганга бир келген
Буруп чертсең комузуң —
Булбулдун үнү түрдөнгөн.
Эл угуудан чарчабайт,
Эрикпеймин, мен дагы
Ээрчип сени жүргөндөн.

Өз элиң де бар бекен
Өнөрүн бүтүн үйрөнгөн!
Эртеден бери кире албай
Эшикте жүрүп сүрдөгөм.
Эл чуулдап айтса да,
Эшик ачып кирбегем.
А десең, колдо шаңкылдап,
Комузуң кошо үн берген
Талдагы булбул үндөйсүң,
Токо, тамашаңды эл көргөн
Талаада жүрдүм уялып
Үстүңө кирип келгенден.
Акындыгың башкача
Айттың далай сонунду.
Каргадай балаң сөзү ушул
Кайра бер, Токо, колуңду!
Алайын, Токо, колуңду.

Аман-эсен көрдүңүз
Алты сан кыргыз тобуңду.
— Акын Током келди — деп
Аял, эркек чогулду.
Талыкпай ырдап жүрөйүн
Таанытып кеткин жолуңду —

деп, Алымкул Токтогулга учурашып салам берди. Токтогул Алымкулга кубанып, кайта жооп кайтарганы:

Куулуп кеткен элимден,
Куугунда жүрүп айрылдым
Курч балалык өмүрдөн.
Угуп көөнүм кубанды
Учурашкан кебиңден
Алып кал, балам, үлгүмдү
Кеткенче Талас жериңден
Өнөрүм калса дечү элем
Өзүңө окшош жаштар да.
«Акын Током сөзү» деп
Айтып жүр сөздү баштарда.

Кем көрбөйм жалгыз баламдан,
Кебин угуп инимдин
Кейиген черим таралган.
Кеткенче, иним, бир жүрүп
Кебим ал мендей агаңдан.
Ажал жетип, күн бүтүп
Адашсам, көп эл, араңдан,
«Токомдун айткан сөзү» — деп
Чыгарбай жүргүн санааңдан!..»

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН КУРМАН

К у р м а н:

О, Бекмурат!
Бедеге баккан кашка атың,
Белестен оттойт башка атың,
Белгилүү күлүк байге алды,
Берениң Курман мактасын.

Т о к т о г у л:

Бежир-бежир сүйлөйсүң,
Пир урган, Курман билбейсиң.
Бедеге бакса кашка атын,
Анын несин мактайсың?
Пейли жакшы көрүнөт
Мына бул берене көйнөк жаш катын.
Берсе деймин кудурет
Бул бечарынын максатын.

К у р м а н:

О, Бекмурат!
Арпага баккан кашка атың
Адырдан оттойт башка атың
Айтылуу күлүк байге алды
Акының Курман мактасын.

Т о к т о г у л:

Аны-муну сүйлөйсүң,
Ант урган, Курман, билбейсиң.
Арпага бакса кашка атын
Анын несин мактайсың?
Артыкча жакшы көрүнөт
Мына бул ак саргыл сулуу жаш катын,
Акыным Курман түшүнсөң
Ал — болуштун эмес курагы.
Кууураган арча жанында
Өсөбү гүлдүн бурагы!
Көңүлү капа көрүнөт
Күлүңдөп күйбөй чырагы,— деп ырдайт.

Ушундай ырдаган акынды кара мүртөз болуш кайдан жактырсын, ала чобурду да жыгып алайын дейт, бирок элден айбыгат. Аңгыча акынды курчап турган элдин күбүр-шыбыры күчөйт. Кыдыраалы ырчы То-

комдун кулагына бирдеме деп шыбырайт. Током комузун дагы колуна алып ырдайт:

Алкы бузук жан үчүн
Ат айдалса алыска,
Аябастан бар күчүн
Ашыгат сүрөп алышка.
Жалгыз аты кулунун
Жеңип чыкса жарышта
Жолдон тосуп Бекмурат
Жетип жарып салышка
Абийри кантип апарды
Өз тоюнун байгесин
Өзү басып алышка
Кырк айбандык дейт элем
Коёр болсоң калыска.

## БАРПЫ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Барпы ырдап, жыйынга көрүнө баштаган күндөн тартып эле Токтогулдун кабарын уккан. Токтогул менен жолугушуп, андан үлгү алууга кызыккан. Бирок жардылыктын кесепетинен алыскы Кетмен-Төбөгө барууга мүмкүндүк таба алган эмес. Ошондой болсо да, Токтогулга жолугууга, анын нускалуу сөздөрүн угууну алдына максат кылып койгон Барпы 1915-жылы Кетмен-Төбөгө атайы барып, улуу акын менен учурашат. Бул жөнүндө Барпы мындай дейт:

«Мен улуу акындын үстүнө капыстан кирип баруудан тартындым. Жүрөгүм даай алган жок. Анын ырларын, наамын Эшмамбеттен уккан болучумун. Мени менен Кетмен-Төбөгө ээрчишип барган Далбай: «мына

бул Токтогул» — деп көрсөттү. Мен Далбайды ээрчий үйгө кирип барсам, Токтогул:

«Комузум кымбат арчадан,
Черткенде черим таркаган
Көңүлүн жазат жалпынын
Көңүлү ачык март адам.
Черткенде комуз кылынан
Комуздун күүсү угулган.
Уккула балдар, кубанып
Токоңдун айткан ырынан!» —

деп ырдап, комуз чертип жаткан экен. Менин ала топу, өзбекче чапан кийип отурганым абам Токтогулдун көзүнө көрүнө калды. Абам мени карап ыр тизгинин коё берди:

Эшиктен келдиң бир мейман
Көңүлүм сага бөлүндү.
Сезбейт деп мени ойлобо,
Сыягың акын көрүндү.
Кандай иним экенсиң
Үйгө кирбей тартынган?
Араң кирип отурдуң
Бир кишинин артынан.
Сырдашсак арман бөлүнөт,
Илабиң жука көрүнөт,
Өнөрүң болсо өргө чап!
Тартынбай балам сырыңды айт
Ичинде болгон чыныңды айт
Чын сырыңды айтпасаң
Адебиң менен өзүң кайт!

Б а р п ы:

Эшмамбет айткан атыңды,
Билдим го, аба, баркыңды.
Эми таанып турамын

Кир болбогон атыңды
Адеби жоктук кылып мен
Кирип келген өңдөнөм.
Жеткиче аба шашылдым,
Алдыңа келдим көлдөлөң.
Каталык өтсө кечиргин
Эшиткним келет үнүңдөн
Булбулдай назик тилиңден,
Аттанып келдим атайы
Төөлөс, Бостон элимден,
Болжолдоп чыктым Бостондон,
Насибим сага кошкондон.

Т о к т о г у л:

Байкадым сенин өңүңдөн
Сурайын аты-жөнүңдөн.
Сен да ырчысың го элирген,
Ырга көөнүң берилген,
Баатыр болчу жигиттин
Маңдайынан билинет.
Күлпөтүңдү карасам
Пайдубалдай бекемсиң.
Токтогулдун ырларын
Токтотпостон чечерсиң.
Алыстан келген баласың
Айтымдуу сөзгө канасың.
Билбеймин ата-тегиңди
Аныктап айтчы кебиңди.
Көңүлгө жагар сен болсоң
Таркатайын чериңди.
Пикири жок аттанган
Бай баласы болбогун?
Пайдасы жок мактанган
Бай баласы болбогун?
Түбү сурап эл бийлеп

Жеп келгенден болбогун?
«Ырым менен эритем» —
Деп келгенден болбогун?
Арыктатып ала атты
Аксаткандан болбогун?
Аламанды күйгүзүп
Какшаткандан болбогун?
Бейкасам кийип түрдөнүп
Жасангандан болбогун?
Калп менен чынды жооруган
Атангандан болбогун?
Эшен менен молдодон
Батаа алгандан болбогун?
Кожо келсе кой союп
Сыйлагандан болбогун?
«Кедейлерди кой тап» — деп
Кыйнагандан болбогун?
Канкорлордо эзилип,
Кара таман тешилип
Жүргөн болсоң мунуңду айт,
Сырыңды ачкын чечилип,
Кана эмесе, кезегиң
Кайсыны ырдар экенсиң?
Калкыма жакса айтканың
Сен кубаныч менен кетерсиң.

Б а р п ы:

Аңдадым, аба, кебиңди
Табасың менин эбимди.
Айтайын аба чечилип
Сурасаң ата-тегимди
Пикири жок аттанган
Бир күн тынып жатпаган
Бий баласы эмесмин,
Пардашы жок батпаган

Жалгыз өзүн мактаган
Бай баласы эмесмин.
«Ырым менен эритем,
Отурганды дегдетем» —
Деп келгенден эмесмин.
Түбү сурап эл бийлеп
Калайыкка чоң сүйлөп,
Жеп келгенден эмесмин,
Арыктатып ала атты
Аксаткандан эмесмин,
Аламанды күйгүзүп,
Айылдын ичин бүлгүзүп,
Какшаткандан эмесмин.
Бейкасам кийип түрдөнүп,
«Жакшымын» — деп күүлөнүп,
Жасангандан эмесмин.
Калп менен чынды жоруган
Карышкырдай улуган
Атангандан эмесмин,
Кудирети колдогон
Эшен менен молдодон
Батаа алгандан эмесмин,
Кожо келсе кой союп,
Алдын алып нан коюп
Сыйлагандан эмесмин.
Кедейлерди «кой тап» — деп,
Жалгыз малын алып жеп
Кыйнагандан эмесмин,
Чын ыкласым болбосо,
Аба деп издеп келбесмин!
«Зулумду Током сүйбөйт» — деп
«Манаптар менен жүрбөйт» — деп,
«Эшен менен молдонун
Айтканына кирбейт» — деп,
«Жардыга Током тарап» — деп

«Адашкан Барпы сен болсоң,
Азгырбай жолго салат» — деп
Айткан эле Эшмамбет.
Акылдуу акын Током деп,
Артык көрдүм өзүңдү.
Тыңшап угуп турамын
Булбулдай мукам сөзүңдү.
Комузуңду карасам
Келтирип чапкан арчадан.
Сен ырдасаң чогулат
Алыс, жакын — барча жан!
Комуз менен жарышкан
Тилиң ширин канчадан!
Тирилей жетим мен калып
Машакат өттү башыман.
Айла таппай жалдырап,
Падачы болдум жашымдан.
Жетинбей жети жашымдан
Муңайып жүрдүм азапта.
Жыйырма жыл жылбастан
Малай болдум Сузакта.
Бай тырмагы — уу тырмак
Балыктай этке батырат.
Унутуп калсам бир ишти
Олоңдоп мага бакырат.
Түнүнкүсүн төрт ирет
Уйкумду бузуп чакырат.
Азапты көрдүм Сузактан
Кутула албай тузактан,
Аба, сени сүйчү элем,
Келе албай жүрдүм узактан.
Чокоюм күнгө каткандан
Эшмамбет акын аныктап:
«Барсаң сени жактырат
Алыңды сурап асырап»,—

Деп дайындап айткандан
Келдим эле ашыгып,
Ичимден сырым ачылып,
Сындадың, аба сындадың!
Сындап туруп ырдадың
Булбулдай үнүң уксам деп
Мен кезиге албай турбадым.
Адеби жок мен иниң
Астыңа келип көрүштүм
Айдай болуп жаркырап
Токо, бактыбызга келипсиң.
Акындардын ичинде
Артык экен ардагың.
Комузду күүгө келтирген
Аты жок, ортон бармагың
Керек болду иниңе
Таалим, нуска алмагым.

Т о к т о г у л:

Жетимди көрсөм жашыймын,
Муунум бошоп тура албай.
Катуу сүйлөп койдумбу?
Жайыңды сурап сыр албай
Көзүңдүн көрсөм карасын —
Шам чырактай жанасың
Касиетсиз душмандан,
Азап чеккен баласың.
Мени бирөө айткандан,
Көңүлүңө жаккандан
Келген балам экенсиң.
Мен ырдасам сөзүмө
Каныш кетер бекенсиң?
Келбеске Токоң кетти деп
Беш каман көөнүн жайлады,
Бекитип колум байлады.

Жалгандан кара көрсөтүп
Бездирип элден айдады.
Кабарым алган киши жок
Согончогум туурулду.
Заманам жаман куурулду.
Зарлаган менен көрбөдүм.
Артымда калган уулумду.
Кубанчым элден айрылып —
Бакшы азабым бул болду.
Менин тирүүмдө сүйгөнүм
Армандуу жесир тул болду.
Он жыл Сибирь токтодум.
Кайрылып калың кыргызга
Келбей турган окшодум
Үйдөгү калган зайыбым
Жаман аттуу болом деп
Башына кайгы түшүптүр.
Акырында ал дагы
Байга тийип кетиптир.
Бешенеме тартылган
Мээнеттүү азап калабы...
Алганым кетсе кантейин
Өз күнүн көрсүн а дагы.
Шумкарым арып азыптыр,
Туурумдан уча качыптыр.
Ачылбай гүлүм солуптур
Арманым ичке толуптур.
Бузулган экен турмушум,
Сынган экен кылычым
Туяктан мени айырып
Көрчү мындай кылышын...

Бузулса турмуш мейли эле
Булбулум бактан качыптыр.
Булбулду көрбөй бүктөлдүм,

Булбулдун тили катыптыр,
Булбул сындуу чолпонум
Буралып жерге жатыптыр.
Жолуктум мындай азапка
Ата деп мойнум кучпады[1]
Адашып келген Токондун —

Алдынан тосуп чыкпады.
Жаркырап жайнап күлбөдү.
Жаңырып атам келди деп
Жанымдан чыкпай жүрбөдү.

Калдым оттуу түтүндө
Кайгырат агаң бул күндө.
Муңга батса ар киши
Түгөнөт өмүр бир күндө.

Жашсың, балам, билип ал,
Ичи кара бузуктар:
«Ат берем» деп оолугуп
Кымындай жанды күйгүзөт
Каяша айтсаң бир ооз
Ачуу таяк тийгизет,
Сени такыр аябай,
Өлүшүңө карабай
Чоңдугун мындан билгизет.

Караны сүйлөйт аныктап
Атыңды алат айыптап
«Жаман ырчы экен» — деп
Жалпы элге жайылтат.
Сүйгөн жардан айрылтат,
Канатыңды кайрылтат.

---

[1] Мойнумдан кучактабады деген мааниде.

Б а р п ы:

Алыстан келдим айлыңа
Байкадым аба түрүңдү...
Урматтуу Током аман — деп,
Укканда жүрөк сүйүндү.
«Беш каман деди мени» — деп,
«Түгөтөмүн сени» — деп,
Көрсөткөн экен казатты[1]
Тартыпсың, аба азапты
Уйкуга көзүң илинбей
Үйдөгүдөн түңүлбөй,
Бардаш[2] бир кылдың билинбей,
Балдарыңдан түңүлбөй.

Касташкан байлар камынган,
Сенин кадырың кайдан
табылган?
Кектешкен душман камынган,
Сенин келбетиң кайдан
табылган?

Алтыным элең — кирдедиң.
Сен кылмышың кайдан
билбедиң?
Күмүшүм элең кирдедиң.
Сен күнөйүң кайдан билбедиң?

Сибирде жүрдүң нечен жыл
Сыздадың ыйлап күнү-түн
Кара чачың агартты
Тепсеген сенин күйүтүң.

---

[1] К а з а т т ы — жабырчылыкты деген мааниде.
[2] Б а р д а ш — чыдап туруу.

Бешенеде бүтүптүр
Арылбаган катуу шор,
Душмандардан байланды
Комузду черткен кайран кол.
Аман көрдүм жолугуп,
Токо, азыркы менин ишим оң.
Таалимиң алып калсам деп
Абалы менде үмүт чоң.

Т о к т о г у л:

Комуздан берген саламым
Улап кет, иним, аягын.
Эмкисин бөлөк ырдайын,
Акындыгың сындайын.
Кеп түйүнүн чечпесең
Чечендигиң ким билет
Кереметиң болбосо,
Чебердигиң ким билет?
Табышмакты таппасаң
Сырчылыгың ким билет?
Жабылтып ырды төкпөсөң,
Ырчылыгың ким билет?

Б а р п ы:

Аркар менен кулжанын
Оттоор жерин ким билет?
Табылбаган күлүктүн
Токтоор жерин ким билет?

Т о к т о г у л:

Жүрөгүндө оту бар
Айтымдуу киши жаталбайт
Түбү бузук адамдар
Башкага келип баталбайт
Белгилүү чечен белен эр

Сүйлөгөн сөзгө такалбайт.
Алмакка оору тооруса,
Эч айласын табалбайт.
Эшен, кожо чогулуп,
Дем салган менен айыкпайт.
Өлөрүн билсе адамзат
Өзүнөн өзү арыктайт.
Ажал кыстап келгенде
Агага сырын айталбайт
Айткан менен пайда жок,
Агасы кууп кайтарбайт,
Аманат жаның өтпөсө,
Алганың кара жамынбайт,
Өлбөй киши айрылбайт.
Өпкөлөгөн өз тууган
Өбөктөсөң табылбайт.
Ашыккан менен алдастап
Ажалсыз эч ким өлө албайт.
Ыраактан учса ылаачын
Караанын эч ким көрө албайт,
Жаңжалдашып муштaшып
Ажыратып ала албайт.
Тууштуу тууган ардaнбайт,
Күйүтсүз киши зарланбайт.

Б а р п ы:

Октобой мерген ата албайт,
Онтобой оору жата албайт.
Түздөбөй мерген ата албайт
Түйшөлбөй оору жаталбайт.
Сынбай сөөк чор болбойт
Тилеп алган балдарың
Жетим болбой кор болбойт.
Бузуктун иши оң болбойт
Буйруктуу алтын жоголбойт.

Булбулдун үнүн эшитпей,
Буралып гүлдөр ачылбайт.
Мурунтан күйүт көп көрсө,
Муңдуунун үнү басылбайт.
Күкүктүн үнүн эшитпей
Гүл жайкалып ачылбайт.
Күйүттүн дартын көп тартса
Күйгөндүн үнү басылбайт.

Токтогул:

Куш канаттуу кир болбойт
Душмандын көөнү бир болбойт.
Кароолуңа илинбей
Качкан кайып аттырбайт.
Алганың жакшы болгон соң
Тууганды сенден жат кылбайт.
Жакшы чыкса элиңден
Душманга сени кактырбайт.

Барпы:

Эски пахта бөз болбойт,
Эсептешкен дос болбойт.
Жакшынын сөзү корс болбойт
Жамандын сөзү жоош болбойт.
Жалаң ачуу, бал болбойт,
Жакшынын бейли тар болбойт.
Токтогул сендей акындар
Ар жерде жүрсө кар[1] болбойт.
Калемпир ачуу туз болбойт.
Кар түшпөй сууда муз болбойт.
Катын кыркка чыкканда,
Кадимкидей кыңшылап,
Кабыргандан чымчылап,

[1] Кар болбойт — кор болбойт деген мааниде

5—2209

Кайра жашап кыз болбойт.
Кайран дүйнө ишине
Карап турсаң көз тойбойт.
Жаманды мактаган менен баш болбойт.
Токтогул, нээти жакшы кас болбойт.

Т о к т о г у л:

Эмчегин салса энеси
Эмгектүү бала ыйлабайт.
Бооркосун бек тартса,
Бешикте бала туйлабайт.
Кушуңду өзүң салбасаң
Чырмалып колдон баралбайт.
Анык табын билбесе
Илбесинди алалбайт.
Бул ырды иним таштайын:
«Менен» деп ырдай баштайын
Көл сөөлөтү каз менен
Мелмилдеп жаткан саз менен
Сулуулар бетин өптүрөт
Кайрылып туруп наз менен.

Б а р п ы:

Дарыя агат сай менен,
Жылкынын көркү тай менен.
Көк соорун учат балалуу
Ошо сай боюнда жар менен.
Кулалы жүрөт аң менен
Көк карга учат жар менен.
Сагызган ойнойт сай менен
Баласыз киши зар менен
Жигиттин көөнү кубанат
Булкунган буудан ат менен.
Жолдош болуп бир жүрбө
Көңүлү кара жат менен.

Т о к т о г у л:

Өз баркын билбес жан болот,
Басташпагын мас менен.
Капалыгым жазам деп,
Кадырлаш болбо нас[1] менен.
Кучакташып дос болбо
Асты акылы пас менен.
Жанашсаң жакшы март менен
Сооданын иши — карт менен.
Моюнуң кылдай ичкерет
Сары оору мээнет дарт менен.

Б а р п ы:

Араба жүрөт таш менен,
Ууру жүрөт пас менен.
Адамдын сыны баш менен
Маңдайдын сыны каш менен,
Киши акыл табат эс менен
Ороюң ысык бет менен
Өз элиңден бөлүнүп
Басып өтпө чет менен.

Т о к т о г у л:

«Мененди» иним, таштайбыз,
«Турбайбыдан» баштайбыз.
Аркар, кулжа жайыты
Зоодо болот турбайбы.
Ар өсүмдүк мийвалар
Тоодо болот турбайбы.

Б а р п ы:

Жамандын бейли белгилүү
Казанын тээп сындырып

---

[1] Н а с — наспай деген сөз.

5*

Быркыратат турбайбы.
Үйдөгү бала-чаканы.
Чыркыратат турбайбы.
Басып алып тооктой
Тырпыратат турбайбы.

Токтогул:

Балам, «турбайбыдан» өтөлүк,
Эми, «жазылатка» көчөлүк.
Арабаны көргөндө
Аттын чери жазылат.
Элге шилеп бергенде
Марттын чери жазылат,
Илбесинди көргөндө
Куштун чери жазылат.
Акмакты урсаң аябай
Муштум чери жазылат.
Нарын тартып эт жесең
Тиштин чери жазылат.
Жер бетине кар түшсө
Кыштын чери жазылат.

Барпы:

Арык байлап суу келсе,
Салдын чери жазылат
Жайылып шибер оттосо
Малдын чери жазылат.

Иштен кийин эс алса,
Жандын чери жазылат.
Тышка казып чыгарса
Кендин чери жазылат.

Балтыркан оттоп чалкалап,
Чалканды басып талкалап,

Курсагы тойсо кайкалап,
Нардын чери жазылат.

Ак мөңгүлүү жылгада
Муздун чери жазылат.
Булгаары ийлеп шым кылса
Өңү сонун кулпурса —
Уздун чери жазылат.

Жаңы күйөө келгенде
Чымчылашып күлүшүп,
Чын көңүлүн беришип,
Сары майдай эришип
Кыздын чери жазылат.

Т о к т о г у л:

Сен дагы мендей ырдадың
Ырыңдан иним сындадым.
Адаштырып ырдасам
Айтканымдан жылбадың.
Менин айткан ырымды
Бекеринен бурбадың.
Сайраттың кызыл тилиңди
Акындыгың билинди.
Мен көрсөткөн ырымды
Улабастан койбодуң.
Ажыратпай бир жерин
Кынабастан койбодуң.
Адис акын экен деп
Бул жериңден ойлодум.

Б а р п ы:

Мен үчүн, аба, чечилдиң,
Кубанып көөнүң көшүлдүң.
Айтканым айып болсо да

Агалык кылып кечиргин.
Кечирет деп жол сурап
Алдыңдан аба өтүндүм.
Жаңылбаган чеченсиң
Бизге — жазылган каттан
экенсиң.
Элге тийген керегиң
Кимге калат белегиң?..
Сайрап туган бул күнүң
Калат жерде бул тилиң.
Жаздырып кагаз таштап кет,
Суранамын мен иниң.
Иниңдин ушул айтканын
Акылман, аба, бир билгин.
Эми мен кетип барамын,
Аман-эсен тынч жүргүн.

Токтогул:

Эми жок менин арманым:
Бар экен сендей ардагым.
Аман келдиң, аман кет
Боордошум, дарманым.
Карадан[1] алган кашка атты
Бердирдим, сени минсин деп,
Атаңдай болгон агаңмын
Кадырымды билсин деп,
Кай жерге барса агасын
Эсине алып жүрсүн деп

Көңүлүмдө достоштум
Кайырдашып коштоштум
Бери сун, иним, колуңду!
Биздин элден сен көрдүң

---

[1] Кишинин аты.

Эсен түркүн сонунду.
Анжиян барсаң агаңдан
Үзө көрбө оюңду.

Жаралганда эзилип
Жүргөн балам экенсиң.
Кордук тартып зарланып
Күйгөн балам экенсиң.
Ырдашыңда айып жок
Калыпка тартып койгондой.
Ырга канган кишинин
Көңүлү артык толгондой.
Кынадың терме, санатың
Сен болдуң менин канатым.
Устасы болуп жол ачсам,
Адашпай кеттиң ырыңдан
Анык билдим сыныңдан.
Кетмен чапкан кедейди
Келиштирип ырдадың.
Кеңешин угуп жыргагын.
Башынан бузук байларга
Балам, көңүл бурбагын.
Малайды кошуп ырдагын.
Орокчу болсо, толуксуң,
Озүң барып жолуккун.
Кубандырып ырдагын,
Кошулуп бирге жыргагын,
Оспүрүм жаштан экенсиң,
Жолуңду тапкын, чырагым!
Оңолор заман биздики
Оодарылып кылымдан.
Кутуларбыз жарк этип,
Куруттай эзген зулумдан.
Жаркырап бизге таң атар
Жамандар бизден адашар.

Кабарын уккам, түшүнөм,
Аракет кылган бирөө бар.
Айтайын десем ашкере,
Чыгарбайт азыр турмуш тар.
Душмандын туусу бүктөлөр.
Турмуштун туусу тиктелер.
Бизге каршы душманга
Кайгынын зары жүктөлөр.
Карышкыр түшөр капканга
Ырдарбыз анда жакканга.
Душмандар түшөр оруна,
Чыгарбыз теңдик жолуна
Бизге каршы душманды
Келтирер балдар колуна.
Акылың болсо билип ал
Абаңдын айткан ырларын,
Алтындай сактап түйүп ал.
Сүйгүлүктүү турмуштун
Түрү келер бир күнү
Жыргалчылык кубаныч
Күнү келер бир күнү.
Алыс жактан дебестен
Тең туулар бир күнү.
Эзилген элдин жардамы
Эр туулар бир күнү.
Өлбөсөң анда билерсиң
Абамдын ыры анык деп.
Чын экен бизге тарых деп
Ичинен тынып жүрөрсүң.
Көзүң менен көрөрсүң.

Жан, иним, эми унутпайт
Токтогул агаң өзүңдү.
Айланып элге айта жүр
Агаңдан уккан сөзүңдү.

Б а р п ы:

Айтканың ырас, Токтогул,
Анығы мага билинди.
Манаптан жеген таягым
Көкүрөккө чийилди.
Дарманымды куруткан,
Узун түндө улуткан
Залимден көргөн азапты
Иниң кайдан унуткан?
Берчи, аба, колуңду,
Көрсөтчү баштап жолуңду
Алыстан келдим арзылап
Билейин кызык сонунду.
Эзилген кедей баласы,
Токтогул деп эшитип,
Токтобой келдим карачы!
Көрсөтсөң ырдын тазасын
Көңүлдү, аба, жазасың,
Ырдап берип, күү чертип
Жүрөгүмдү басасың.
Насаат берип, жол ачып
Жанымдан артык атасың.
Алдыңда Барпы олтуруп
Жазды жүрөк капасын,
Комузга ашкан чеберсиң
Өнөрдү көпкө бересиң
Өзүңө жаккан жардыга
Үйрөнгүн, иним дегенсиң.
Казыналуу көп ырдын
Түгөнбөс түптүү кенисиң.
Жарды-жалчы — жалпынын
Кайрылбас катуу белисиң,
Адашып келген адамдын
Түнөп кетер жерисиң.

Кайраттуу калың элиңдин
Кыйнап чыккан эрисиң
Булбулдай сайрап турганда
Таанығам элдин четинен.
Жол көрсөткөн абасын
Чыгарбайт Барпы эсинен!

## АЗАТТЫК КҮНДҮН ЖОГУНАН

Улуу-Кен, Кара-Сакалда,
Уктасаң кирбей капарга.
Улпактай семиз жер жатат
Улук жок сырын ачарга.

Узун-Акмат, Чычканда,
Удургуп мөңкүп кыш-жайда.
Уңшуган улуу сел жатат
Пайдасы тийбей эч жанга.

Ак мөңгүлүү тоолордун,
Аркайган аска зоолордун
Арасы сайын кен жатат,
Ал кендерди ким казат?

Башаттай тунук оргуган,
Бакытты жердин койнунан,
Алалбай алсыз эл жүрөт
Азаттык күндүн жогунан.

## КАНДАЙ АЯЛ ТУУДУ ЭКЕН ЛЕНИНДЕЙ УУЛДУ

Түпкү атабыз — кыргыздан,
Запкыны көрдүк турмуштан.
Айтканда сөзүм жапжарык
Асманда күйгөн жылдыздан.
Он жетинчи жылында
Николай тактан жылбышкан
Кеңешти куруп Ленин
Кедейге устун тургузган.

Басып жеген калкымды
Бай-манаптар куулду.
Аты кедей балдары,
Артыңдан шоруң жуулду.
Николай нанын жегендер
Амалын таппай муунду.
Панардай жанып боштондук
Бактыбызга туулду.
Кандай аял тууду экен
Лениндей уулду!

Он жетинчи жылында
Өктөбүрдүн таңы атты.
Жаркылдаган большевик
Жакшы заман жаратты.
Мусапырды кубантып
Муңдууларга жол ачты.
Көп жылдар аккан тыйылбай
Көздүн жашын кургатты.
Жетигиң Ленин куткарды.
Жезиттин жаккан отунан.
Жетилип кедей кутулдуң

Желмогуздан оозунан
Желпинтип тууну көтөрдүң
Жергелүү кыргыз тоосунан.

Баягыда чайналдың
Бай-манаптын тишинде.
Кантээр айла табалбай
Кан жуткансың ичиңде,
Мындай заман болорун
Көрдүң беле түшүңдө?
Ачылды бактың букара,
Аргымактай күжүлдө!

Ал кезекте мен дагы
Айдоодо жүрүп ыйлагам.
Алсырап жатып туткунда
Айлымды самап ырдагам.
Кыйноону тартып алтын баш
Кырк кабыргам кыйраган.
Ырыска бүткөн Ленин
Ыйыңды басты кыйладан...

Өмүрүнүн бардыгын
Кедей үчүн зарп кылган,
Эзилген калың кедейди
Эркелетип барк кылган,
Паанайын элдин ачууга
Жашынан Ленин ант кылган.
Көзүм барда айтайын
Көргөнүмдү калкыма
Сайратайын тилимди
Самап жүргөн жалпыңа
Кубанамын булбулуң
Ала-Тоо кыргыз даңкыңа!

Термеден айттым кебимди
Кубантып, балдар көңүлдү.
Салпактап учкан кулалы
Таптаган куштан жеңилди.
Ноктодон башын куткарды,
Тозокто жаткан элимди.
Куп ыракмат айтабыз
Куттуктап асыл Ленинди!..

Көзүмдүн жашы төгүлгөн
Көп жылы тартып азапты
Көйкүттө жатып телмиргем
Көңкү кыргыз көп калкым
Көрдүңөр жыргал Лениден!

Кечинен бер деп тилеймин
Кейиген жанга өлүмдү.
Өбөктөп ыйлап түрмөдө
Өткөргөм жаштык өмүрдү.
Кедейлер, алып бердиңер
Керимбайдан кегимди.
Ушунчалык жыргаткан
Урматтайбыз Ленинди!
Кеңчилик доор чыкканда
Териме батпай семирдим.
Тушалган темир чидерден
Бошоткон бутун элимдин
Атаңдай баккан алдейдеп
Аманын тиле Ленидин!

Кесири тийген кузгундар
Келбес жайга көмүлдү.
Эзүүчү залим байлардан,
Эсиңе алсаң, жаш балдар
Эми жигиң бөлүндү.

Карып менен бакырга
Калтырбай чачтың ырысты
Кантип айтпайт бул Токоң
Казыркы жыргал турмушту?
Караңгы жаткан эл элек,
Катарга кошту кыргызды.
Кетпес дөөлөт, кең заман
Кеңеш өкмөт тургузду.

Жетим менен жесирге
Жемишин бөлүп таратты.
Зарыккан элдин багына
Ленинди жаратты.
Талыкпас калып тактыңыз
Шумкарга алтын канатты.

Ак калпак кыргыз элиме
Алтын, күмүш кен бердиң,
Эзилип жүргөн кедейге
Энчисин бөлүп жер бердиң.
Кайгыда жүргөн элиме
Кайрат-кубат дем бердиң.
Ушунчалык жыргалды
Урматтуу Ленин, сен бердиң!

## ЖАШАГЫН, КЕҢЕШ ӨКМӨТ!

Боздоп ыйлап түрмөдө,
Жаткан болчу Токтогул,
Боз тоголок бүргө этин
Чаккан болчу Токтогул

Бозоруп жүрүп кыргызды
Тапкан болчу Токтогул.

Кайгырганмын бир кезде
Капалуу көргөн турмушка,
Канча жыл жүрүп талаада
Кайтып келгем кыргызга.
Айдалып жүрдүм Сибирде
Азаптуу жаман турмушта.
Ажалым жок, өлбөстөн
Аман келгем кыргызга.
Жашагын, кеңеш өкмөт,
Жалаа кылган бузукту[1]
Жатканынан тургузба!
Эриктүү эмгек, жаңы журт
Эргисин багың жылдызга!
Эскирип кеттим кошулбай
Эмки сонун турмушка.

### ЗАМАНА

Далайларды кор кылып,
Зарланткансыз, замана,
Кедейлерди байларга
Карматкансың, замана
Ажыдаардай залимге
Арбаткансың замана
Желмогуздай байларга

[1] «Жалаа кылган бузукту» — деп акын өзүн күнөөсүз айдаткан бай-манаптар жөнүндө айтып жатат.

Жалматкансың замана
Кедейлерге шор болуп
Жармашкансың замана.
Ач бүркүткө түлкүдөй
Алдырткансың замана.
Уу тырмакты кедейге
Малдыргансың, замана.
Ажыратып акылдан
Маң кылгансың, замана.
— Атаганат, дүйнө! — деп,
Таң кылгансың, замана.
Чарчы бөзгө жеткирбей
Зар кылгансың, замана.
Бирөөгө жок, бирөөгө
Бар кылгансың, замана.
Байларга кең, кедейге
Тар болгонсуң, замана.
Кедейге кымбат, байга арзан
Мал болгонсуң, замана.
Кара жарма кедейге
Бал болгонсуң, замана.
Байга буудай, кедейге
Чар болгонсуң, замана.
Кедейге — туюк, байларга
Шар болгонсуң, замана.

Байың сүйлөп, кедейди
Тумчуктурган замана.
Кедейге байды кыйкыртып
Унчуктурган, замана.
Бий, старчын, болушун
Курчуттурган, замана.
Кедейди — түлкү, байларды
Бүркүт кылган замана.
Байды — чынар, кедейди

Чырпык кылган замана.
Байды — жаңы, кедейди
Жыртык кылган замана.

Байды — бөрү, кедейди
Кой кылгансың, замана.
Жок кылмакка кедейди
Ой кылгансың замана.
Бир-бирине байларды
Той кылгансың, замана.

Жалгыз малын кедейдин
Сойдургансың замана.
Кара жерди кедейге
Ойдургансың, замана.
Кедейлердин үйүнөн
Жибин алган замана,
Табалбаган кедейдин
Үйүн алган замана.
Канча малга чуу түшүп,
Күйүп калган замана.
Бөөдө кайгы кедейге
Күйүт кылган замана.
Кедейди — жапыс, байларды
Бийик кылган замана.
Байды мерген, кедейди
Кийик кылган замана.
Талбаган булбул мен элем,
Сайрайын тынбай калкыма
Заманың келди айланып
Жаркылда, кедей, жаркылда!

6—2209

## ЫРАКМАТ АЙТ, АЛКЫШ АЙТ

Кедейлер, келди кезегиң
Муруңку залим кууларды
Жаныңа жакын конгузба
Ыракмат айт, алкыш айт
Кулдуктан сени куткарган
Адилет эл оруска.
Көзүңдү ачып, кат тааны,
Билимдин кени оруста
Колуңдан келсе сүйлөй бил
Ушул баштан орусча...



## БИЙИК КӨТӨР ТУУҢДУ

Бай-манаптын тушунда
Айдалып жүрүп куурадым,
Баш кесерлер жоголуп
Кубанып жүргөн убагым.
Куттуу болсун, кедейлер
Жаңы конуш турагың!
Эркиндик көрүп толкундап
Учурашып турамын.
Түбүнөн бери жок кылгын
Мурункунун сурагын.
Жатып жешкен көркоолор,
Кедейлер, сенин акыңды.
Багыңды ачып, малайлар
Ленин тапты акылды.
Эл жегичти жоготуп

Кулун көккө сапырды.
Түбөлүк шордон кутулуп
Кедейлер, багың ачылды.
Бечара карып, кедейге
Ушул заман туулду.
Байларды айдап арандан
Бийик көтөр туунду!
Кечээ каралап мени айдаган,
Капаска башым байлаган,
Керимбай өңдүү манаптар
Эл ичинен куулду.
Ниети бузук залимдер
Бечара, сени талашкан.
Каяша кылсаң азыраак,
Байлап алып сабашкан,
Чыгымдан башың бошобой
Ар ким келип жадаткан.
Ошолордун айынан
Мен дагы нечен жыл элден адашкам.
Айдалып жүрүп ар жерде,
Качып чыккам камактан.
Кутулдук го түбөлүк
Бай-манап чапкан балактан.
Адил заман тушунда
Өчүмдү алдым манаптан.

Ленин сени тең кылды
Катардагы адамга.
Кубандың, кедей, мен өңдүү
Эркиңди колго алганга.
Бир азыраак капамын
Бул кезде карып калганга

## ЛЕНИН АЧТЫ ЖОЛУҢДУ

Ата-Бабам жердеген,
Коңур-Өгүз, Кайыңды.
Арпасын айдап көп алчу
Алтын күрөк жайыңды.
Бай-манап ээлеп бербестен
Арпаканга бастырып
Кетирген экен шайыңды.

Бүгүн бизге күн тийди.
Күн тийгенин эл билди.
Жарды-жалчы биригип,
Эгин айдап, мал баккан
Кууп чыгып бай-бийди.
Өрүшү кенен малга жай
Өрөөнү пахта, данга бай
Коңур-Өгүз, Кайыңды
Бай-манаптан бошотуп
Кедейим, алгын жайыңды.

Ленин ачты жолуңду
Аткарып ичте оюңду.
Жолунан чыкпай кеңештин
Иште, жерге чечип сал
Үстүңдөн жыртык тонуңду!

## БАЙ УУЛУНА

Оолуга чаап, дөбөгө
Чыгып келдиң, жигитим,
Өзүңө малай эместин
Кой демексиң кимисин?
Күчүң болсо тартып ал
Өлүү эмессиң, тирүүсүң,
Эркин алган кедейлер
Эми сени тоотпойт
Мурунку чырың баштасаң,
Эл ичине жолотпойт
Мурункудай болбостон
Кедейлер акын тааныган,
Канчалык катуу айтсаң да
Коркпой сенин каарыңан.
Короңдобо, жаш бала
Тартып алса атыңды,
Ошол жаман баарынан.
Башыңдан бактың качкан соң,
Адам эмес, жаш бала
Коён коркпойт заарыңан.
Тартаңдап качып таарынбай
Тайлашсаң боло, чырагым,
Ажыраган кейпинен
Атаңдын көргүн сыягын,
Кыйкырып жүргөн ушул эл
Атаңдын билет кыялын.
Тартууга күчүң келбесе,
Карап тургун ыраактан.
Билегинде күчү бар
Алып чыккан тыяктан.
Ойлоно карап түшүнгүн
Башыңдан дөөлөт кеткенин.

Кедейдин көргөн азабы
Сага да келип жеткенин.
Эсиңерде бар чыгар
Жоголсо жалгыз улагың
Жалчыны кармап тепкениң?
Сенден башка адамдар
Чаап жүрөт бөлүнбөй.
Өз алдыңды билген соң
Жогол көзгө көрүнбөй!



## ЭЛДИ КАРАЧЫ

Эмгек менен эркине
Жеткен элди карачы.
Бүт дүйнөнүн тагдырын
Чечкен элди карачы!
Ынтымактуу, ырыстуу
Өскөн элди карачы!
Туура кесип душманды
Өткөн элди карачы.
Туюк жерден жол салып
Тешкен элди карачы.
Кожо-молдо, эшенди
Ажыратып эркинен,
Кескен элди карачы!

Кары, жашы билинбейт
Жыргаган элди карачы,
Бирин-бири кадырлап
Сыйлаган элди карачы!
Кубултуп нечен түр менен

Ырдаган элди карачы!
Бир-бирине зыянды
Кылбаган элди карачы.
Курч болоттой жетилтип,
Урматтуу Ленин кеменгер
Чыңдаган элди карачы.
Каршы душман катылса
Чынар эмес, чырпыгы
Сынбаган элди карачы!
Убададан эч качан
Жыргаган элди карачы.

Ала-Тоодой козголбос,
Түптүү элди карачы,
Айбаты асман тиреген
Күчтүү элди карачы!
Кожо-молдо, байларды
Кардай чачып күрөгөн
Биздин элди карачы!
Жыпар жыттуу жыргал күн
Жарашкан элди карачы,
Кузгундарга жол бербей,
Камашкан элди карачы!
Бир туугандай бир-бирин
Санашкан элди карачы!
Бүт дүнүйө кабарын
Тараткан элди карачы!

Канаты талбай асманда
Учкан элди карачы.
Ак булутту аралап
Сызган элди карачы!
Душмандардын түнөгүн
Бузган элди карачы.
Бет алганын талкалап

Жыккан элди карачы.
Душмандын жайган торлорун
Жырткан элди карачы!
Каршы чыккан жоо болсо,
Кайраттуу берен кол курап
Чыккан элди карачы!

Кетпес дөөлөт, ырыскы
Кирген элди карачы,
Баары тегиз тулпар ат
Минген элди карачы,
Көчөсүндө иликтр
Күйгөн элди карачы,
Алтын, күмүш кендерин
Билген элди карачы,
Урмат менен Ленинди
Сүйгөн элди карачы.
Убайымсыз жыргашып,
Жүргөн элди карачы!

Жазгы чыккан ыраңдай
Гүлдөгөн элди карачы.
Жалкоолукту жек көрүп
Сүйбөгөн элди карачы!
Кайратынан кас душман
Сүрдөгөн элди карачы.
Кыйшыктарды түзөтүп
Үндөгөн элди карачы.
Кызыл байрак көк тиреп,
Миңдеген элди карачы!
Кузгундарды курутуп
Кууган элди карачы.
Бир тилектеш, бет алып
Турган элди карачы.
Ала-Тоодой кайратын

Жыйган элди карачы.
Эркек, аял кары-жаш
Укугу тең бипбирдей
Жыргал элди карачы!
Айбаты шердей карылуу
Салмактуу элди карачы.
Байлардын үшүн кетирген
Байрактуу элди карачы.
Жоболоңдуу жоолорду
Жойгон элди карачы.
Билимге берип эмгегин
Аял, эркек барабар
Болгон элди карачы.
Жаңы журтка жаркырап
Конгон элди карачы!
Толук айдай толукшуп
Толгон элди карачы!

Зулумдарды жолотпой,
Бөлгөн элди карачы.
Желмогузду жемирип,
Жеңген элди карачы.
Өрдөп чыккан шибердей
Өнгөн элди карачы!
Карыларын кадырлап
Баккан элди карачы.
Өнөрү өсүп күн сайын
Ашкан элди карачы.

Катылганды кармашып
Кара жерге казыктай
Каккан элди карачы.
Атаандашкан душманды
Аккан суудай шарылдап
Баскан элди карачы.

Аял, эркек барабар
Алтын жазуу кызыл туу
Кармаган элди карачы.
Урматтуу Ленин атына
Улуу сөздүн бардыгын
Арнаган элди карачы,
Партиянын жолунан
Тайбаган элди карачы.
Толкуп жаткан деңиздей
Чардаган элди карачы.
Курал-жабдык шайманын
Камдаган элди карачы!
Канаттары жетилип,
Ай-асманга жол салып,
Чамдаган элди карачы.

Алгыр кыраан куштардай
Кууган жоосун куткарбай
Кармаган элди карачы!
Аял, эркек, кары-жаш
Тили чыгып, булбулдай
Сайраган элди карачы,
Колхозу талдай жетилип
Ала-Тоонун арасын
Жайлаган элди карачы!

Жер семизин тандашып
Айдаган элди карачы.
Күч көлүгүн семиртип
Байлаган элди карачы!

Аял, эркек барабар
Теңелген элди карачы.
Телегейи тептегиз
Кеңейген элди карачы!

Лениндей атаны
Тапкан элди карачы,
Күзгүдөн тунук күн нурун
Чачкан элди карачы.
Балтыркандай душманын
Чапкан элди карачы,
Асман, жерди ээлеген
Арстан элди карачы!
Айтат Токоң азыраак
Карылыктын капасын,
Ажал жетсе, кайран жаш
Аяктай чымды жастанып
Ай тийбес жерде жатасың.

Ушул кезде жыйырма беш
Бир кайрылып келсечи,
Жайдары булбул Токоңду
Кийинки жаштар көрсөчү.

Акын болуп чыккамын,
Бала кезде атанып,
Каршы ырдаган булбулуң
Бай-манапка кадалып
Кесилип кеттим алыска
Көк таякты таянып.
Айдоодо жүрүп Токоңдун
Күндөрү өткөн саналып
Оокат ичпей көз тунуп,
Жер тамда жаткан камалып.
Жалындуу жаштар жеттиңер
Жыргалдуу күндүн кенине,
Кордукта жүргөн кыз-келин,
Кошулду сүйүп теңине.
Өзү өлсө да, Токоңдун
Өрнөгү калсын элине.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Сайрачы, тилим, талыкпай
Комузун кошуп көрөйүн.
Алып калгын, жаш балдар
Токоңдун айткан өнөрүн.
Шакка конгон булбулдай
Сагынган элге төгөйүн.
Кыябын таап келтирип
Кызыл тилдин чеберин.
Таралсын калкка ырларым
Ташыркап калдым дебейин,
Колума комуз алганда
Кошулуп добуш жөнөгүн.
Туулган жерим айтайын
Жаштарга тиер керегиң.
Жамгырдай төгүп ырымды
Жамактап айтып берейин
Коного чапкан буудандай,
Козгоюн ырдын түнөгүн.

Киндик кесип, кир жууган
Төрөлгөн жерим айтпасам,
Сыр бешик чаап кастарлап
Бөлөнгөн жерим айтпасам,
Акындыгым не керек!
Качырбасам касымды
Калкаласам башымды
Баатырдыгым не керек!
Агып жаткан деңиздей
Терең сөздөн баштасам,
Эл кумары таркабайт
Ырдын кенин ачпасам.
Күрдөлдүү сарттар элимден

Күкүк болуп туулдум.
Ак жеринен айдалып
Айнектей көзүм чачырап,
Эки кол бекем байланып
Азабын тарткам зулумдун.
Кузгундардын зарпынан,
Бир кезде, кедей кырылдың
Калың сарттар араңдан
Кармалып алыс куулдум.
Элсиз жерде жөө басып,
Кыйласын көрдүм кылымдын.
Кеңеш өкмөт жыргалым.
Кетирдиң ойдон бардыгын
Камалган кайгы-муңумдун,
Ала-Тоо салкын, атыр жел
Кой семирчү бийик бел
Арасында туулдум.
Ак калпак кыргыз калың эл.
Кара-Күңгөй, Беш-Ташта
Алма, өрүк бышып төгүлгөн,
Атыр жыттуу кең жайлоо
Алда кандай көрүнгөн.
Кузгундар алган энчиктеп,
Куу чокой байкуш кедейлер
Ченине басып барбаган.
Жан алгычтай ошолор
Жакындап барсаң кармаган.
Жайлоосун байга тарттырып,
Көп болчу мендей зарлаган,
Рыскулбек датка балдары
Кедейлерди келтектеп
Далайдын башын кандады.
Алсыздарга тийчү эмес
Ийне, жиптей жардамы.
Жалгыз уюн тарттырып,

Жетим, жесир байкуштар:
«Желмогуз!» — деп каргады.
Кетмен-Төбө жеримден
Көкүмбайдын Байгазы,
Жоготмокко кедейди
Көп болгон мунун айласы.
Кузгундардын кылыгын
Калтырбай, тилим сайрачы
Калың журтка кузгундун
Тийген эмес пайдасы.
Тишине кокус илинсең,
Кышында кирген буурадай
Кырчылдата чайначу.
«Ажы болуп Зулпукор
Мекеге барып келдим,— дейт.
Адамдын акын жебеймин
Кудайдын үйүн көрдүм» — дейт
Казандай селде чалынып
Калктын баарын алдаган.
Кара жиндүү калпасы
«Эшенмин» деп жандаган.
Аялга бала берем деп,
Шыбырап эшен арбаган.
Ат баштап кунан, тай алып,
Кедейден козу, кой алып
Кылбаганы калбаган.
Алдырып, алы жетпестен
Далай катын каргаган.
«Жалгыз уйдун торпогун
Алып койду ажы» деп
Алсыз кедей зарлаган.
Алымбек менен Жыланжан
Керимбайды жандаган.
Көрүнөө өкүм көрсөтүп
Кедейди малдай айдаган.

Акшыңдаган Алымбек
Үй башына бир койдон
Салбаганы калбаган.
Касымбек менен Мамбетжан
Калың сарттар элимдин
Кыштоосун ээлеп бербеген.
Жалдыраган кедейдин
Айтканына көнбөгөн.
Туулуп-өскөн жеримди
Зулумдар ээлеп жердеген.
Сопунун уулу Кайназар
Кудай болуп көрүнгөн.
«Куу аяк кедей сенсиң» — деп
Тартынчу эмес сөгүүдөн.
Керимбайга жүгүнгөн
Алкыш айтып көңүлдөн
Кезектүү жерде тартынбай
Токоңдун ыры төгүлгөн.
Акындыктын ар сөзүн
Укпаган адам сагынат.
Ак карды теше тиктесе,
Айнектей көзүң карыгат.
Сайраган булбул акындар
Калдайган топко чабылат.
Чакырыптыр Керимбай
«Миң-Дөбөгө келсин» деп,
Касиеттүү эшен бар,
Кадырлап ырдап берсин деп,
Ажысы бар ак курдуу
Алардын пейлин көрсүн — деп
Аттанып бардым айлына,
Барганда карап турбадым,
Эшендей коркпой, мен ага
Көңүлүмдү бурбадым.
Эшендин элден алганын

Өткөрүп ойдон ырдадым.
Кара жиндүү жанында
Калпаларды сындадым.
«Алганымды айттың» — деп
Айыпкер кылды байлатып
Керимбай, Акмат баш болуп,
Кесири тийди Токоңо
Келбес жерге айдатып,
Ак-Чийден солдат чыгарып,
Айнектей көзүм жайнатып
Кол-бутумду күндөлөп[1]
Кишен салып байлатып.
Алмадай башка бир өлүм,
Керимбай менен эшенге
Кошомат ырды айтпагам.
Жан алгыч болуп кетсе да,
Жаңшаган тилим тартпагам.
Сибирден келген кезимде,
Кушчу-Суугa чыгарбай,
Сарттарды кармап сабаган.
Урбаганы калган жок
Катын менен баладан.
Кеңеш өкмөт болбосо,
Кедейлер тентип жадаган.
Кушчу-Суунун боюнда,
Айдаган малча кедейди
Жалгыз тамга камаган.
Кедейлерге кеп тийбей.
Кеңеш, акыл — бардыгы
Керимбайдан тараган.
Мен Сибирден келгиче,
Көп жылдар өттү арадан.
Таң атканча сайрасам

[1] Күндө — Колго салчу кишен.

Уктачу эмес бир адам.
Жаштарга калсын казалым,
Даңкы кеткен далайга
Чолпон-Ата мазарым.
Керимбай бүтүн ээлеген
Кетмен-Төбө базарын.
«Эки ооз жаман айттың» — деп,
Эшендин тарткам азабын.
Кетмен-Төбө, Жерге-Тал
Кең сайдын башы муздак төр.
Керүүсүндө жаткан мал,
Кашкайган тунук суулары
Атырылып аккан шар.
Ала-Тоонун башынан
Жай-кышы кетпейт аппак кар.
Сагызган менен Мазар-Сай
Сүлөөсүн жойлоп кетпеген
Аркар менен кулжасы
Жайылып оттойт бөксөдөн
Жайкалган шибер ыраңы
Гүл ачып бүрдөп көктөгөн.
Ар бир сонун жайлоосун
Уккан адам дегдеген
Карасакал[1] калың эл
Күңгөй жагын жердеген
Кара кыяк бетеге
Карасаң, гүлдөр ыргалат
Атыр жыттуу жел менен,
Көк адыр менен Буурадан
Кекилик, чили кетпеген.
Куш салуучу жер болчу,
Жайлоосу малга жагыштуу
Баш жагы салкын төр болчу,

[1] Карасакал — жердин аты

7—2209

Жазга маал көктөмдө
Жабыла көчүп эл кончу.
Сибирден келген кезимде
Эшмамбет менен көрүшүп,
Учурашкан жер болчу.
Ал кезекте кедейге
Кузгундар кыян сел болчу.
Козгогондо казалды.
Кошуп айтып кетпесем
Коргон-Ата, Мазарды
Кетмен-Төбө, Таласты
Келиндери түнөйм деп,
Келип турчу жаз алды.
Барганда бала берчүдөй
Көтөрүп алып келчүдөй
Эчки, улагын союшуп,
Ээн талаа жайларга
Калышуучу конушуп.
Кол менен жасап койгондой,
Тегерек сонун аскасы,
Сайрап тилим, талыкпай
Кызыктуусун баштачы.
Алыска чапкан буудандай
Арышың керип таштачы.
Асманга тийип тургансып
Аска зоонун бийиги
Айдаган малдай жайылат
Аркар, кулжа кийиги.
Баш жагы бадал Чая-Таш
Карышкырлар кабышкан,
Кабылан менен илбирси,
Каршы чыкса, алышкан.
Жердин баарын айдаган,
Өгүздөй болгон каманы
Өтү толуп кайнаган,

Кылычтан курч кыл кыйма
Кайсаганын жайлаган.
Ар бир түркүн жандарды
Аңчылар атып алышкан.
Көрүнөө ичин аралап
Көзгө атары барышкан
Карагай, арча ичинде
Кара кулак шери бар.
Качырганын куткарбас
Кадимки жолборс эри бар.
Айбанаттын айбаны —
Жолборс менен арстан,
Ачуусу келсе куткарбайт
Кандайда болсо алыстан.
Булбул Токоң талыкпай
Жаш кезимде чыкчу элем
Далай кыйын жарыштан.
Туулуп өскөн жериме,
Айдалып жүрүп нечен жыл,
Аман келгем алыстан.
Бардыгын айтып кетейин
Бала-Чычкан, Жети-Суу
Куюп жатат Чычканга
Жети-Суудан эки суу.
Бер жагы Кең-Сай, Чоң-Чычкан,
Аралап барсаң ызы-чуу.
Үн алышып сайраган
Канаттуунун баары бар,
Итак менен сүтактын
Канчалары дагы бар.
Адамзат пенде көрбөгөн
Ак карда туулуп төлдөгөн
Ак кайберен малы бар
Караган, шилби, четинден
Кайың, терек, талы бар.

Сырдап койгон эмедей
Тобулгусу дагы бар.
Кожогат менен карагат
Бүлдүркөнү табылар.
Адам көрүп таанычгыс
Ар жыгачтын баары бар.
Баш жагы айры эки өзөн:
Жагарт менен Ит-Агар
Ара конуп жетесиң.
Арасы алыс итабар
Кой-Таш, Ата, Каракаш
Чычкандыктар мазар деп
Мал союшуп түлөгөн
Катындары түнөгөн.
Кара оокаттын айынан
Эт жейбиз деп кедейлер
Калбай барчу бүлөдөн.
Кожо, молдо үгүттөп
Арыласың деп айткан,
Мойнуңдагы күнөөдөн.
Ойлончу эмес ал кезде
Кедейлердин чыганын[1]
Мазар деп союп кыйратып,
Билчү эмес малдын убалын.
Ак-Чий менен Кара-Суу
Токондун көзү барында,
Район болуп орногон,
Мындай сонун теңчилик
Кылымда мурун болбогон
Курулуш ак там салдырып
Кеңеш өкмөт оңдогон.
Тунуке менен жаптырып,
Балдарга мектеп салынган.

[1] Чыган — чыгаша, чыгым, зыян.

Эмгекчинин балдары:
Эркек дебей, кыз дебей
Окуугa бүтүн алынган,
Жыргалдуу жаштын талабы
Күн сайын өсүп артылган.
Жаңырган бийик үн чыгып,
Жыргал күүсү тартылган,
Эски тамдар бузулуп,
Түпсүз болуп жоголгон.
Түбүнө көкташ орнотуп,
Түбөлүк болуп оңолгон.
Кетмен-Төбө базары
Кенен тартып чоңойгон.
Келин-кыздын баарысы
Эркин өсүп торолгон.
Шаттык ырын ырдашат
Бак аралап бир басат.
Куткарган бизди большевик
Кан соруучу зулумдан.
Айдоодон аман кутулгам
Кайгы тарткан муңумдан.
Сайрап чыккам жашымдан
Сарттар, саяк уруудан
Сайра тилим, талыкпа
Санатым калсын тарыхта.
Эзилип жүргөн элимди
Чыгардың, Кеңеш, жарыкка.
Көз менен көрүп кубандым
Бузуктардын тамырын
Кеңеш өкмөт үзгөнүн
Каршы чыкчу душмандар
Кармалып торго түшкөнүн
Орундайт, элим талабың
Барган сайын узарат
Ырыстуу жаштар кадамың

Ылайыктуу болсун деп
Ыр менен кошуп жамадым.
Алты жыл айтсам түгөнбөйт,
Кызыл тилде жамагым.
Өмүрүн тилейм өзгөчө
Артымда жалгыз баламын.
Көңүлүм ачып сайрадым
Катын менен балага,
Кузгундардын зарпынан
Жыгылгам жалган жалаага.
Барып келгем айдалып,
Эл көрбөгөн талаага.
Эрмек болуп берейин,
Кулак салгын, жаштарым,
Картайган Токоң абаңа.
Айтайын бир аз, айтайын
Туулуп өскөн жеримди.
Жамак ырга көп түшпөй,
Оңдочу, тилим, жөнүңдү.
Катары менен калбасын
Кара тектир көрүнгөн,
Какшатып кедей-карыпты,
Кузгундар кууган жериңден.
Кармалган Токоң мен элем,
Калың сарттар элимден.
Жердин баарын бүт ээлеп,
Желмогуздар семирген.
Ал бузуктун баарысы
Арабыздан бөлүнгөн.
Бирин-серин калганы
Арабыздан терилген.
Кызыганда козгодум,
Туулуп өскөн жеримден.
Алардын кылган кылыгы
Ажыдаардай көрүнгөн.

Бу жактан кабар алайын
Шамшыкал ата кенимден.
Кетпес ырыс табылган,
Кеңеш өкмөт, деминден.
Бир тоонун баары — бүтүн түз,
Кайберендер кемирген.
Эчки, теке, кийиктер
Эсеби жок семирген.
Айнектей тунук Шамшыкал
Адамдын жүзү көрүнгөн.
Тотудай Токоң талыкпай,
Топ жыйында элирген.
Туура чаап түшүрсөң,
Тунук чыгат кызылып,
Барына жетип жатпайбы,
Бардык малга чачылып.
Ак калпак кыргыз тоосунан
Алтындын кени ачылып.
Айтылбай бекер калбасын,
Нар жагы Торкен жашынып.
Сокулук, саяк калың эл
Жайлоосу сонун малга жай,
Жайлатчу коюн ашырып,
Карандай ырга калганда
Калгамын, балдар машыгып,
Өөрчүп чыккан өнөрдү,
Таштайын тарых жаштарга
Каман жатпай жашырып
Эриктүү күнгө жеткирди
Эмгекчи элдин баласын.
Сайраган кызыл тилим сен,
Кызыктуу ырдан табасың.
Эң бир жыргал турмушка
Эмдиги жаштар барасың.
Кыргызда кыйла ырчынын

Байкадым далай чамасын.
Торгойдой болгон Токоңду
Тузак салып бир күнү
Тозоктуу дүйнө аласың.
Тартипке салып өкмөт
Аныктап ылгап жатпайбы
Адамдын адал-карасын.
Айткан ырым жаштарга
Нуска болуп каласың.
Тотудай тилим, сайрагын
Топ жыйындан тартынбай
Туулган жердин далайы
Калбасын кокус айтылбай
Торкендин наркы катары
Кызыл жазы жер болот,
Кыштоодон түшүп келгенде
Жакасына эл конот.
Казган менен түгөнбөйт
Бер жагы туз кен болот.
Ада-Жийде, Капчыгай,
Койду бакчу жер эле.
Ар бир сайы ар башка
Атыр жыттуу кең эле.
Барганда көңүл сергиткен
Баш жагы муздак төр эле.
Коңур-Өгүз, Ничке-Сай
Ашта, тойдо кыдырып
Арасын көрдүм бир нече ай.
Чарбанын малы жай алган,
Арык мал түлөп жал алган
Жагыштуу малга нечен сай
Катарында калбасын,
Кашкайган тунук булагы
Карасаң гүлдөр ачылып
Көйкөлүп шибер ыраңы.

Асмандан булут бүркөлсө,
Көк чөпкө түшөт бубагы.
Үн алышып сайрашат
Ала-Тоонун улары.
Эрбеңдешет алыстан
Эликтин теке кураны.
Толугу менен айтпасам,
Таркабайт элдин кумары,
Оролу келбес сөздөрдү
Оңоп Токоң улады.
Токтогулдун айлынын
Арасы алыс канчалык.
Куш салып жүрчү кузгундар
Колуна күмүш камчы алып.
Кедейлер жүрчү ал кезде
Кенен жатпай тынч алып,
Кан соруучу кузгундун
Капканына кармалып,
Кайгыга батып карыптыр
Ал кезде жүрчү зарланып
Теңдик күнгө жетпестен
Текебер байга кармалып,
Кесирлүү байлар турчу эле,
Белине кызыл курчанып,
Керженйип жумуш кылчу эмес,
Көпкөнүн көр мынчалык.
Таңшыгын, тилим талыкпай
Тамга-Терек, Сөгөттөн
Асыл булбул Токоңо
Айдоонун даты көп өткөн.
Ар бир сонун жайлоосун
Сарттар, Багыш, көп Саяк
Салкындап жайлап эл өткөн.
Келбес жайга Токоңду
Керимбай айдап жөнөткөн.

Эл кыдырып келгемин
Үйрөнгөн өнөр себептен.
Адашып жүрүп ачкадан,
Жүрөккө кайгы чер өткөн.
Тескей жакта Балыгурт
Баш жагы малга жай болот.
Салкын жыты жыпардай
Ар төрү кенен сай болот.
Адамдын мээри кангандай
Адыр-адыр бел болот.
Көйкөлгөн шибер сазына
Катар тартып эл конот.
Кетмен-Төбө жеримдин
Өзөндөрү кең болот.
Кыргыздын Ала-Тоолору
Кызыл алтын кен болот.
Туулган жерим бул кезде
Колхоз болуп камынып
Эпкиндүүлөр пахтага
Шыманып кирди жабылып.
Эркек, аял эмгекчи эл
Эңсеген ишин сагынып
Курулуштар оңолуп,
Жаштар өсүп торолуп
Айнектүү ак там салынып,
Тентектер тезге түзөлдү,
Айласы кетип багынып,
Балыгы сууда чалкыган.
Куулары көлдө калкыган.
Кийиги тоодон тынч алган,
Элиги черде бакырган
Жайлоосу жашыл жибектей
Жери жумшак балкыган.
Токою жашыл бүр алып,
Булбулдары таңшыган.

Кеңештин жарык күнүндө
Териме батпай семирдим.
Сибирде жүрүп айдалып,
Өткөрдүм жармын өмүрдүн.
Алып калгын балдарым,
Токондун айткан ырларын.
Иретин бузбай кебимдин,
Аралашып аз жылы,
Жыргалын көрдүм элимдин.
Картайсам да калтырбай
Капасын ачтым көңүлдүн.
Узагын сура, жаш балдар
Алтындай башта өмүрдүн
Колхоздун малын өстүрүп
Жыргалын көр жериңдин!

## КУТКАРДЫ ЛЕНИН АКЫЛМАН

Элиме жетпей зарланып
Элсизде жүрдүм айдалып.
Күнүм бүтүп өлбөстөн,
Жериме келдим айланып.
Тууганга жетпей зарланып,
Туткунда жүрдүм айдалып,
Ажалым менин жок экен,
Тууганга келдим айланып.
«Айылыма жетсем» — деп,
Айдоодо жүрүп боздодум,
Күйүтүмө чыдабай,
Күүгө келбес комуздун
Кулагын бурап козгодум.

«Калкыма эсен кетсем» — деп,
Камакта жүрүп боздодум.
Карагайдан комуздун
Орус, кыргыз ногойдун
Күүлөрүн тартып козгодум.

Айтып ырдап жүрөмүн
Айдалып бирге баргандын
Ар бири кандай болгонун.
Билген эмес кадырын
Мен өңдөнгөн жоргонун.
Карагай кесип, тал кыркып,
Айдалып жүрдүм Сибирде
Айдатышкан залимдин
Жамандык кылдым кимине?
Акыйкат кылып сурабай
Адилетсиз замана
Ишенип айдап жиберди
Бай-манаптын тилине.
Айдалып жүргөн чагымда
Сагындым карган апамды,
Жалгызынан айрышып,
Көркоолор салды капаны.
Айласыздан көтөрдүм
Зулумдар салган жапаны.
Көргөн тууган бар бекен
Токтогулдан айрылып,
Канаты сынып кайрылып,
Кайгыда калган апамы?
Көргөн болсоң, туугандар,
Ошол заман мындай деп
Ырдабай Токоң жатабы?
Элге эрмек болгон кайран жан
Шыбырда жүрдүм айдалып,
Бай-манап кылган жалаадан

Пашаага бардым кармалып
Караңгы айсыз түндөрдө
Жөө бастым го каржалып
Жайы-кышы айдалып
Жайсызда жүрдүм сандалып.
Кесирдүү ошол замандан,
Куткарды Ленин акылман,
«Бир тилекте баш кош» — деп,
Катарга Ленин чакырган.
Түбөлүккө кутулдук
Таалайы пас замандан.
Азуусу кандуу камандан,
Алкы бузук жамандан.



* * *

Кеммунус[1] болдуң, Байгара
Кедейлерди жай кара.
Большевик болдуң, Байгара
Батыракты жай кара.
Оройтун уулу Байгара
Ойлонуп элди жай кара.



[1] Коммунист дегени

## ОРОЗГО

Калыке, Шалпык, Орозум,
Кайсы таптан болосуң?
Обу жок элди көп жесең
Омбудан орок оросуң.
Ындыке менен Орозум
Далайдын канын соросуң
Кечке чейин отурса
Булардын эмнеси коросун.
Ооматың колдон кеткенде,
Омбудан буудай оросуң.
Аргымакка ат кошуп,
Чурап аткан экенсиң
Калың багыш элиңди
Балам, курап аткан экенсиң.
Бир-бирине бир-бирин
Улап аткан экенсиң.
Өкмөттүн бир жагын
Балам, сурап аткан экенсиң.
Баркы жок токтом жазасың
Бармактап мөөр басасың
Алкымың сенин эң жаман
Элиңден бир күн азасың.
Убактылуу турдуңар,
Жегенге көңүл бурдуңар.
— «Союш бербей койду» — деп,
Ажыкулду урдуңар.
Орток кылдың мастарды,
Орустан жедиң каздарды.
Ордуңдан бир күн бошорсуң,
Ойлоп койгун, Орозум,
Окутуп жатат жаштарды.

# ЭСЕНСИҢБИ, КАРЫНДАШ?

Этегиме төгүлүп,
Кече эки көздөн аккан жаш
Эли жок ээн талаада
Эскирип кетти кайран баш.
Элиңе келген Токонду,
Көрөйүн деп келипсиз,
Эсенсизби, карындаш?
Акбай-бабыр элиңиз,
Акылдуу келин, келиңиз.
Аман-эсен жүрөбү
Арзыган курбу теңиңиз?
Караган көз тойгудай
Камчы саптай белиңиз.
Кара жаак, жез таңдай
Калк ырчысы Токтогул
Калкына келди, көрүңүз,
Алдыга чыккан жан элем,
Ар жерде болгон жарышта.
Ак жерден башым кармалып
Мен айдалып кеткем алыска.
Ага-ини тууган болгон жок
Ажыратып калышка.
Азамат бала жок эле
Артымдан издеп барышка.
Курбу-курбу курбуңуз,
Келишкен кырдач мурдуңуз.
Айлыңа келген Токоңо
Амандашып турдуңуз.
Уга салып келгениң,
Умтулуп салам бергениң,
Акылдуу келин экенсиң,
Урматка жатат мунуңуз.

Эсил жан бир күн бөлүнөр,
Элде калсын белгибиз.
Кармалып алыс жүргөндө
Караңгы тамга киргенде,
Туулуп өскөн Ала-Тоо
Жеримди эстеп сагынам.
Каалап алган Тотуя
Теңимди эстеп сагынгам.
Таасын күлүк жан элем,
Талбай топко чабылган.
Эскирсем да, кыргызга
Экинчи кайра табылгам.
Катарлай өсүп чоңойгон
Урааны кыргыз өскөн журт
Элимди эстеп сагынгам.
Айттырбай туруп сыр чечкен,
Айныбаган бир сөздөн,
Акылы бүтүн өзүңдөй
Келинди эстеп сагынгам.
Топчубайдын ордуна,
Топудай болгон Алымкул
Таластан тапкан табылгам.
Каралдымдан кем көрбөй
Ээрчитип чыктым жаңыдан.
Аз күндө кетем, карындаш
Акбай менен Бабырдан.
Аймагын көрсөм дечү элем
Ала-Тоо кыргыз элимдин.
Айтканын уксам дечү элем
Алдымдан тоскон келиндин.
Азапта өтүп баратат
Асыл кымбат өмүрүм.
Чырак болбойт өчпөгөн,
Чынар болбойт кеспеген.
Карындаш сендей күлгүндү,

Камакта жүрүп эстегем,
Кадырды билер жаш болсо,
Кайгысын ачат көңүлдүн
Канттай ширин сөз менен
Карылык кармап калса да
Адамдын, кароосу калбайт көз менен.
Капканга белим чаптырбай,
Кайра келдим кыргызга,
Каары катуу өлүмдөн.
Карысам да калкыма
Булуттан чыккан жылдыздай
Жарк дей түшүп көрүнгөм.
Кадырын көрүп кубанып,
Кайратым толуп чыңалып,
Калган сөздүн нускасын
Каалаган элге чыгарып,
Жүзүн көрүп олтурмун,
Карындаш, сиздей келиндин.

## АКЫШ МЕНЕН СУЛАЙМАН

Акыш менен Сулайман,
Айтканын уккан калыстын.
Кектешип жүргөн немедей
Далай жерге барыштың.
Жаз кезден берки сөздү айтып
Жакалашып калыштың.
Арачылык кылууга
Айлында эмес, алысмын.
Чыкканың ал дээр байге жок,
Чырдашпай энди табышкын!

Туура көрдүм келинди.
«Көрөйүн» деп келиптир
Токтогул деген жөнүмдү.
Айтышканда, Сулайман
Жеңе албайсың келинди.
Чекчеңдей бербе куру эле,
Чекилик сенде көрүндү.
Алды менен Акыштын
Айыбын айттың, туура эмес
«Чу» деген жерден адаштың,
Бул айтканың ыр эмес,
Аялды дайым сыйлай бил.
Сага айткан акыл, бир кеңеш
Байкап ырда, Сулайман
Басынып калчу неме эмес.
Алдыңдагы Акыштан
Акындыгың өйдө эмес.
Айтканын байкап олтурдум
Аялдан чыккан ырчы эле,
Акыш да, Чата[1] кыздан кем эмес.
Жактырдым, келин өзүңдү
Жакшы экен, уктум сөзүңдү.
Жарыкка сөзүң чыгарбай
Күйөөбүң кылса кесирди.
Кулак салгын, Сулайман
Дайындады Током деп
Менден салам айтып кой
Акышты алган иниме.
Сайрай турган булбулду
Жайкалган бактын гүлүнө
Саргайтып камап жүрүптүр
Чүнчүбөйбү бул келин
Жаңжал кылса күнүгө?

[1] Эл ичинен чыккан ырчы кыз.

Тоскоол болуп тоспосун,
Торгойдун ширин тилине.
Баарын айтып кетүүгө
Бара албай калдым үйүнө.
Айлыбыз алыс, келе албайм
Аралаш болуп жүрүүгө
Дайындап кетем, Акыш жан,
Сулайман ырчы иниме,
Барып айткын, Сулайман
Акыш менен күйөөбүн
Баш коштуруп үйүндө.
Кара жер бетин суу кылат,
Кары эрисе мөңгүнүн.
Жардамы болбойт эгинге
Жайында жааган мөндүрдүн.
Кашымдагы Сулайман
Каркырадай Акышка
Капталдашпай жөн жүргүлө!
«Токтогулдун сөзү деп,
Дайындап кетти өзү» деп,
Токмоктоп жүргөн күйөөбүн
Токтоолукка көндүргүн!

## ДАҢКАНАЙ ОРДЕН АЛГАНДА

Оңолор заман, оңолор,
Оң колуң катка жорголор,
Аман Палбан, Жакыпбек
Шермат көр, Баяз корбашы
Астыңа келип жорголор.
Басмачыны башка аттың

Башын жерге жазданттың.
Султанбекти[1] сулаттың,
Сумсардан жетип кулаттың.
Кара-Коргон, Кабааны
Калкаладың, кайраным.
Басмачынын кыйласын
Талкаладың, кайраным.
Чаткесер менен Чатекти
Басып өттүң кайраным.
Басмачыга барам деп,
Шашып өттүң, кайраным.
Айылдан чыктың, аттанып,
Эл-журтуңдан бата алып.
Аскер болдуң, кайраным
Заркандан барып ат алып
Намангандан кат алып.
Арзымат менен Ботобек,
Аларды уктук жеңди деп.
Бусурман-Сай, Сары-Камыш
Бурулуп ага келди деп
Аман Палбан корбашы
Аны кармап берди деп,
Урматтадым, Даңканай,
Алган сыйың белгилеп.



[1] Корбашы

## КАПАЛГА

Кыргак ташты бек баскан,
Кылыч мүйүз теке аткан.
Жалпак ташты бек баскан,
Жаа мүйүздүү теке аткан.
Кара-Тыт менен Эшиң[1] бар,
Кадырды билер эсиң бар.
Эштин сайы жогору,
Өлгүчө бирге конолу,
Ынтызар болсоң бери кел,
Олтуруп эрмек бололу
Кыз-Коргон, Сейтек[2] жер мында,
Кыйналсаң көчүп кел мында.
Ак-Шопыл, Сейтек[3] жер мында.
Алсыз болсоң кел мында.

## ШАРШЕНДИН ТОКТОГУЛ МЕНЕН УЧУРАШУУСУ

«Токтогул эң даңктуу, өтө салттуу, түгөнбөгөн ырдуу» деп угамын. Ушул акынга бир кезиксем деп кумар болдум, бирок муунум эле титирейт.

Токтогул чайканада уктап жаткан экен. «Бул эмнеси? Эл көп ырдатып чарчаткан го» деп ойлодум. Бу кишини батынып ойгото албай эмне кыларымды бил-

---

[1] Жердин аты

[2] Жердин аттары

[3] Жердин аттары

бедим. Аңгыча бирөө арак ичип олтурган экен. Ошол арακты алып алып аракка: «Э арак, өң карама тамаксың, кедейге, кембагалга азапсың, анча-мынча кишини тоотпойсуң»,— деп, күрсүлдөп жибердим эле, Током ойгонуп башын көтөрдү.

— И, салоом алеким, Токо! Сизди мурун көрбөгөн экенмин, үстүңүзгө кирбеген экенмин. Мен болсом ушул элдин күчтүүсүмүн, жалгыз үй болсом да түптүүсүмүн. Сиз менен эсендешейин деп келдим. Токо, Шаршен деген менмин,— дедим.

Анда Токтогул колун сунуп:

— Оо балам, укчумун кабарыңды, отур, отур! — деди да, комузун алды. Мен жанына отура кеттим.

— Кеп өңдө-түстө эмес Шаршеним. Таңдайыңдын агын айт да, маңдайыңдын багын айт, баалуу иш кылбаса, эр азамат жарыбайт. Бу туугандарың Токомдун күүсүн угуз деп ээрчип келишкендир, эмесе, ырдап берейин. Келе комузду.

Током комузду колуна алып, минтип ырдады:

Колумдагы комузум,
Кошо чыгат добушум.
Кооздоп ырдайт элине
Өнөрпоздун жолу ушул
Уят болот өңдөнөт
Унчукпай бекер коюшум.
Салам айтам журтума,
Сагынган мен бир ырчыңа.

Ар ким ашык болчу эле
Сагынышып сыртымдан.
Саал ылдыйлаган кезегим
Күлүктүк күч курчумдан.

Агарды балдар сакалым,
Арманым айтып жатамын.

«Акын Током кайда?» деп
Астачы элем катарым.
Андагыдай эмесмин,
Алтымыш тогуз жашадым.
Айтам десем айталбайм
Айтпасам
Калкым, сынат назарың.

Жаш чагымды ойлосом,
Керүүдө жайлуу тал элем.
Керегим тийчү жан элем
Келин-кыздын жанында
Кеп айтып турчу бала элем
Кечки күйгөн шам элем.

Бала чакты ойлосом,
Капталда калың тал элем,
Кадырым бийик жан элем,
Камандарга-манапка
Каяша берчү бала элем.
Караңгыда шам элем
Азыр ойлойм өзүмдү
Кериге оттоп мал болдум,
Кебимди таппай дал болдум.
Кеңгиреген жаман чал болдум.

Эми болжойм өзүмдү
Капталга оттоп мал болдум.
Каруум кетип дал болдум
Капырай, каңгыраган чал болдум.

Абалым жок, алым жок
Арып калган кезегим.
Алтымыш ашып жетимишке
Барып калган кезегим.

Жол жоргодон бул тапта
Таныл калган кезегим.
Жону жука ылдыйлап
Карып калган кезегим.

Оңбогон ушу карылык
Оозумда отуз тишим жок
Өңүм менен түсүм жок
Өңгөчө менин күчүм жок.

Мурункудай элестеп
Түнкүсүн көрчү түшүм жок.
Ойноп күлөр кишим жок,
Бала болгон кезегим,
Эчтеме менен ишим жок.

Абаң сайрайт, нарк ушул
Ар кайсынын салты ушул.
Айтып бердим азыраак
Аңгеменин жартысын.
А балдар, токтоп калайын,
Аңгеменин арты ушул.

Менин Токтогулга кайтарган жообум:

Токо, билбеген экенмин,
Бирге жүрбөгөн экенмин.
Чынын айтайын,
Сүрдөгөн экенмин.
Токо, башка ырчылар ырдаса,
Эки күн же жети күн ырдайт
А менин ырым чай кайнар-кайнаганча
түгөнбөйт,
Кээде кайнай электе түгөнүп кетет.
Мына ырдап көрөйүн:

О торгойдой Токо, билбедим,
Ортодо нечен тоосу бар.
Тобунда бирге жүрбөдүм.
Далай даңкыңды угуп сүрдөдүм,
Тамаша ырларым бар эле?
Токо, жагар бекен бир кебим?

Күлүктөй Токо, билбедим,
Көпчүлүктө бирге жүрбөдүм.
Көрө электе сүрдөдүм
Күлкүлүү ырым көп эле,
Токо, жагар бекен бир кебим?

Азыраак айтпай каламбы?
Ардактуу Током, аманбы?
Учурашпай каламбы?
Улуу Током,, аманбы?

Аргымак, күлүк, тобурчак
Ат минген Током, аманбы?
Ак калпак кыргыз ичинде
Нарк билген Током, аманбы?
Токо, менин акындыгым аз эле
Ар ишке оозум маш эле
Токо, ырчылыгым аз эле
Ышкыга оозум маш эле.

Чоң ырчы, Током, сен элең,
Чочуган иниң мен элем.
Комузчу Током, сен элең
Корунган иниң мен элем.
Букарага болушуп
Намысчыл Током аманбы?
Бир жума чапса талыбас
Алысчыл Током, аманбы?

Кедейлердин кенчисиң,
Күмүш Током, аманбы?
Кечке чапса талыбас
Күлүк Током, аманбы?

Токо, акын жок жерде акынмын,
Айтайын деп жатырмын.
Алдымдан жоо качырса,
Кайра тартчу баатырмын.
Ардактуу Токо, толук ук,
Амандашып жатырмын,
Агайин астап калганда,
Айдоодо жүрчү бакырмын.

Ырчы жок жерде ырчы элем,
Эмгекчи элдин алдында
Эрмек болуп турчу элем
Азыраак жерге жеткирбес
Алабарман курч элем.
Ак сакалга жакынмын
Ашына себер мурч элем.

Кызык-кызык кеп айтсам,
Калкым, кулак салып турчу элең
Токо, мен да акын элем ортого
Аралашып жүрчү элем
Сарбагыш менен солтого
Усталык жайым бар эле,
Токо, картөшкө кошкон сорпого!..

Чайканада эл көп. Күлкү. «Шаршен да жакшы айтты. Оо, чиркин, Токомдун дабышы комуз менен кошо кетет экен» деп, эл тарады.

## САГЫНДЫМ САЛАМ БЕРМЕККЕ

Сагындым, салам бермекке,
Сайрайын бир аз эрмекке.
Сайраган кызыл тилдүүдөн
Жаралган жокмун мен жеке.
Ак калпактуу кыргыздын
Асылдары, аманбы?
Алдыңа келген Токтогул
Амандашса жаманбы?
Ардактап жакшы күтөлүк
Ачылган күндөй заманды.
«Манапка каршы болдуң» деп,
Падыша залим сүрдү эле.
Колумда чынжыр салынуу
Бутумда кишен жүрдү эле
Калың журт, сенден түңүлүп,
Кайырсыз жоодон сүрүлүп
Карып жан тентип кетти эле.
Кара ниет залим манаптын
Бу кылары эп беле?
Көмөлөндү падыша
Көптүн зары жетти эле.
Тукуму соолду залимдин,
Туйгунум Ленин серпти эле.
Талкаланды калганы,
Туш-туштан шумкар тепти эле
Керенелүү кызыл туу
Келди колго буландай.
Жайылып чыктык жарыкка
Мергенсиз жаткан куландай.
Чиновник төрө, бай-манап
Жоюлду ичте тура албай.
Каруусу кетип калган көз

Белге чапкан жыландай.
Улуу жолу Ленининдин
Ырысы болду элимдин.
Ырыстуу элдин ичинде
Ырдаган сайын элирдим.
Калкымдан кеткен кара түн
Как жарылып тийген күн.
Душмандар угуп солкулдайт
Өскөн элдин дүбүртүн.
Желгенден корккон тулпарлар
Жер теңселте жүгүрсүн.
Падыша, байды кулатып,
Малайдын күчүн улантып
Багын ачкан Ленин.
Бардык жарды-жалчынын
Оюн тапкан Ленин.
Өмүрү өчпөс эмгектин
Шамын жаккан Ленин.
Кеңеш өкмөт элине
Нурун чачкан Ленин.
Эчен карып шордуунун
Муңун ачкан Ленин.
Ала-Тоонун койнунда
Жашаган кыргыз эл элек.
Жаралгандан бер жакка
Жакшылык доору келе элек.
Кыйнаган бизди падыша
Караңгы түндө тебелеп.
Ырыстуу болдук кыргыз эл
Ынтымак, бирдик бакээлеп.
Кыргыздын жаңы борбору
Эски Пишпек бир атың.
Көчөлөрүң чаң болуп,
Камыштуу кара там болуп,
Жок эле сенин ыраатың.

Үйлөрүң кооз тунуке
Үч кабаттан салынган
Эски Пишпек аты өчүп
Боронзо[1] болуп жаңырган.
Толкун суудай большевик
Тоодой күчүн тургузган
Булуту жок, күн ачык,
Күлүңдөгөн жер асман,
Өктөбүрдүн кызыл туу,
Эмгекчи, сага жарашкан.
Ырыс берип большевик
Иреттеди башкарып.
Өсүп келе жатабыз
Өнөр десе качпадык.
Жакыныңа жан тартып
Жаат курап бузулба
Кеңешке кара санасаң.
Жолугасың кусурга.
Көчмөндүү кыргыз көп журтум,
Өрчүгүлө жалындап.
Байыртан калган ылакап:
«Ырыс алды — ынтымак»,
Ырыскы берип тараткан,
Жаңы дүйнө жараткан
Большевик бар бизге бак!

[1] Фрунзе

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН АЛЫМКУЛ

А л ы м к у л :

Токтогул келе жатат — деп,
Калың эл уктук кабарды
Алдыңдан тосуп Алымкул
Айтып турам саламды.
Алыс жерге бардыңыз,
Токо, ат-көлүгүң аманбы?

Т о к т о г у л :

Ачып берди өкмөт,
Акыйкат теңдик заманды.
Арабыздан тазалайт
Алдамчы бузук адамды.
Мурун болсо теңчилик,
Мен көрбөйт элем камалды.

А л ы м к у л :

Тосту калың элиңиз,
Торгоюм Токо, келиңиз.
Тою болуп кедейдин
Толкуп жатат жерибиз.
Сыймык конуп кедейге
Ойдо жок сонун көрүнүш.

Т о к т о г у л :

Куттуу болсун тоюңар,
Кубанган кедей элибиз.
Курсагы чоңдор, ашыкпа,
Сыйрылат түбү териңиз.

Алымкул:

Кагаз берип кадырлап
Канча бел ашып адырлап,
Карган кезде бардыңыз
Не көрдүңүз, Пишпектен?

Токтогул:

Карыса да, келсин — деп
Калк борборун көрсүн деп.
Кабары чыккан атаңды
Калың кыргыз издеткен.

Алымкул:

Агарып сакал калса да
Алтымыш жашка барса да
Аралап барып көп жерден,
Алдыңбы байге Пишпектен?

Токтогул:

Ачайын деп капамды
Алдырышты атаңды.
— Арыса да келсин — деп
Алты сан кыргыз издеткен.

Алымкул:

Саламат аман көрдүңбү,
Токо, самаган кыргыз калкыңды?
«Бир келген экен Током» — деп,
Билдиби кыргыз баркыңды?

Токтогул:

Кырк жыл жерде жатса да,
Чирибейт деген алтынды.
«Кыргызга керек киши» — деп,
Калың эл билди баркымды.

А л ы м к у л :

Ашуу ашып, суу кечип,
Адырдан өттүң тегиз деп,
Айланып келбей Ак-Чийге
Токо, кайда кеттиң эңиштеп?

Т о к т о г у л :

Алымкул балам, токтой тур,
Ак шумкар учат жем издеп.
Ак куулар учат көл издеп,
Пишпекке «Ала кетем» деп,
Айлыңа бардым, таппадым,
Алмадай балам, сени издеп.

А л ы м к у л :

Айттым беле, э Токо,
Алганыңдан бериш деп,
Кайрылып келбей Ак-Чийге
Капкадан өттүң эңиштеп?

Т о к т о г у л :

Көп какшабай токтой тур,
Карчыга учат жем издеп.
Каз, өрдөк учат көл издеп
Кайрылып бардым Капкадан
«Кашыма кошуп алам» — деп,
Каргадай балам, сени издеп.

А л ы м к у л :

Кырда турат желбиреп,
Кызылдан болду байрагы.
Кыз-келиндер аралаш,
Кызык болду майрамы.
Кесирлүүлөр келген жок
Кедейдин бүтүн аймагы.

Т о к т о г у л :

Кысылып жүргөн кедейлер,
Кырга чыккын, сайрагын.
Кырк жылы кызмат кылсаң да,
Берген эмес каймагын
Басынсын эми бай-манап
Бүгүн, кыргыздан бөлүп айдагын.

А л ы м к у л :

Жарды-жалчы колунда
Жаркырайт кызыл байрагы.
Жан бакчылар келген жок
Бул жалпы кедей аймагы.
Жаңырып элдин бактысы
Жашасын кедей майрамы.

Т о к т о г у л :

Жанчылган кедей, кайдасың?
Жарыкка чыктың, сайрагын.
Жанчып жүргөн манапты
Бүгүн жаныңдан алыс айдагын.
Кесирлүүлөр бошотсун
Кедейдин конуш жайларын.

А л ы м к у л :

Эстейт экен калың эл,
Токо, сиздей элге керек асылды.
Теңчиликтин таңы атып
Денебиз жумшап жазылды.
Ардактайт элиң ар убак,
Токо, алмадай асыл башыңды.

Т о к т о г у л :

Батрак, кедей ээлейсиң,
Бай-манап жүрчү өрүштү.

Ачып берди кедейге
Түбөлүк байлык жемишти
Ак там салып, дарак тик,
Алдыңар кедей, тегизди.
Кедейлер көргүн бет болуп
Кесир сүйлөп тургaнды
Көтөр кедей, колуңду.
Көрөсүң теңдик жыргалды.
Балам, мен жалаа менен айдалдым,
Ыраатын көрбөй элимдин,
Кыйноодо жүрүп картайдым
Кызыгын көрбөй өмүрдүн
Карып калган атаңа
Капканы калды жакындап
Кара жолтой өлүмдүн.
Аман жүрүп жетилсең,
Акыны болгун атактуу
Ак калпак кыргыз элиңдин.
«Акын Током сөзү» — деп
Айта жүр, балам бардыгын
Менин, алтындай ширин кебимдин.

## КАРЫГАНДА ТОКОҢДУ

Карыганда Токоңду
Кадырлады Төлөгөн.
Айлансам аздыр апама
Акын кылып төрөгөн.
Ышкылуу жаштар угуп кал,
Ырга көзүм көрөгөн.

Пишпекти карай бет алып
Таластан Токоң жөнөгөн.
Торгойдой сайрап силерге
Тузун таттым Таластын.
Талыкпай ырдап күн-түнү
Тайбуурулдай таңаштым.
Талаага сөзүм кетпесин,
Талдап, балдар талашкын.
Кадимки Кең-Кол боюнда
Белгиси турат Манастын.

Ыраазы болуп баарыңар
Ынтымак менен тарашкын.

## ТОКТОГУЛДУН БАСМАЧЫЛАРГА КАРШЫ ЫРДАГАНЫ

Баатырсанып турарсың
Баргандан олжо жыярсың.-
Барчын куштай чамынып,
Большевик жакын барганда
Башыңды тартуу кыларсың.
Кең көкүрөк жайык төш,
Көк жоолук менен бубарсың.
Көзүңү таппай оолугуп,
Көрүнгөн элди кубарсың.
Большевик менен комсомол
Көрүнүп койсо көзүңө
Көчүңдү тартуу кыларсың.
Алты пул чака көргөндө

Аянбай атың урарсың
Адамды көрсөң кубарсың
Алдыңан чыкса большевик
Атыңды тартуу кыларсың.

Биздин кеңеш өкмөт
Желдеген жейрен минмекке
Желпинген жоого тиймекке.
Кылычы болот, өзү курч
Кылданган жоого тиймекке
Кыялы, бузук душмандар
Кыябына келгенде
Кыйкырат четке сүрмөккө.

Айылга келсе токтолуп,
Аялды көрсө октолуп,
Шарыятын кор кылат,
Жебегени жок болуп,
Сендей басмачынын шоруна
Баары жолборс, баары шер
Большевик чыккан козголуп.
Айлаңды таппай турарсың
Балдарың таппай куурарсың
Очогуң менен жок болуп.

Кармanganың жалгыз ок.
Жоо жарагың түтөтмө.
Кээ биринде ал да жок
Кээ биринде шылк этме,
Эмнеңе көбөсүң?
Каарман балдар жолукса
Жатарыңа жай таппай
Турарыңа сай таппай,
Бир балааны көрөсүң.

Кара күчкө оолукпа,
Кай муратка жетесиң?
Беш тыйындык эсиң жок,
Кантип алга өтөсүң?
Кара чаар жолборстой
Качырып чыкса кызыл эр
Катының таштап кетесиң.

Эми эле, шерменде болуп каласың
Казынаңда огуң жок.
Шерматыңа барарсың
Шерматың кошо жок болот,
Өлгөн дөбөт өңдөнүп,
Кең-Төбөдө каларсың.

Жанчарман баатыр эл менде,
«Аламын» — деп алдырып
Калкожо, Аман басмачы,
Элге болдуң шерменде,
«Көңкүгө кол салам» — деп,
Күлкү болдуң көргөнгө.

Кай муратка жетесиң?
Каарына алса өкмөт
Катын, балаң калтырып
Кашкарга качып кетерсиң
Эне-атасын кор кылган
Эси жоктон экенсиң.

## БАСМАЧЫНЫН ОГУ ЖОК

Басмачыны эл башка атты,
Башын карга жаздантты.
Каракчыны эл какшатты
Каргыш ок тийип аксатты.

Жыгып минип жакшы атты,
Жылгалап салат таскакты.
Бери кел деген бирөө жок,
Бекинип жүрүү максатпы?

Басмачынын огу жок,
Бастырып жүрөт обу жок.
Эч ким жардам берүү жок,
Элден жыйган колу жок.

## БАЙЫШБАЙ КАРМАЛГАНДА

«Кан болом» — деп, Байышбай,
Капталдай качып кутулдуң.
Куткарбайт Кеңеш өкмөт,
Сен кажыбас торго тутулдуң.

«Бек болом» — деп Байышбай
Берилбей качып кутулдуң.
Кетирбейт Кеңеш өкмөт
Эми сен бекем торго тутулдуң.

Сар кызыл минип Байышбай,
Сай ылдай качып кутулдуң.
Кеңештин жайган тору бар
Салкын төр жайлап сен жүрүп,
Эми кар түшкөндө тутулдуң.

## КАНАТЫ ЖАЗЫ, БООРУ КЕҢ

Басмачыны жайлады,
Бай, кулакты кармады.
Өрт болуп жанып келатат
Өксүгөн кедей балдары.
Асманда жүргөн барчынды
Алакан жайып кармайбы?
Алты огу жок басмачы
Ант ичкендей саргайды.
Сары алтын шаарды бузам деп,
Сакеңди кудай албады.
Ал акмактын кесири
Абыканды жайлады.
Өсүп толкуп баратат
Өкмөт Ленин балдары.
Кеменгер Ленин чоң болду
Кедейдин иши оң болду.
Кектешкен душман кор болду.
Манаптын иши пас болду,
Кулак болуп кулжуңдап
Ичерге суусу түгөнүп,
Көрөргө күнү аз болду.
Байкуш кедей батрак,
Акылман Ленин жол башчы

Тар жолуңду кеңитти.
Касам урган басмачы
Качып бир жүргөн эликпи?
Минилбеген азоону
Жорго кылып жатыры.
Алышкан душман жете албас
Коргон куруп жатыры.
Асмандагы булуттан
Арбын экен акылы.
Кедейдин жолун кең чапты
Баркына жетип ойлонуп
Туу карматты элиме.
Эми бай-манап моюн толгойбу
Кедейдин айткан кебине?
Бардык иши бат болду
Бай-манап элден жат болду.
Кыраан шумкар өңдөнүп
Кайратың Ленин тап койду.
Калкымдын көөнү чак болду.
Аялга берди теңчилик
Укук тийди колуна.
Ушак айтчу бай-манап
Убайым кайгы жолунда.
Кедейлер чыгып байге алды.
Бай-манаптын шоруна
Манапсыган кулактын
Эми батрак минсин мойнуна.
Каралдан башын куткарып,
Катарына жеткирди
Батракты окутуп,
Бай-манаптан өткөрдү.
Карыны каптай бай-манап,
Жүрбөйсүң эми чалкалап.
Кара таман кедейлер
Кашайтат сенин көзүңдү.

Убара болбо жалбарып,
Укпайт айткан сөзүңдү.
Эзилген кедей-кембагал
Эски күнүң эсиңе ал
Бай-манаптын колунан
Куткарды Ленин өзүңдү.
Манаптын отун өчүрдү.
Бай күнү батып, кеч кирди.
Ала бер, кедей өчүңдү
Атаңар Ленин акылман
Төбөңдү көккө жеткирди.



## БИЗДИН КОЛХОЗ «КЫЗЫЛ ТУУ»

Колхоздо болсоң жашайсың,
Көптүн иши шаңданат.
Ак иштесең колхозго,
Бар дүнүйөң камдалат.
Биздин колхоз «Кызыл Туу»
Колхоз үчүн белен суу.
Жекелер суу талашат
Арыктын бою ызы-чуу.

## КОЛХОЗ ЖӨНҮНДӨ

Калың элим жаңырып,
Колдо бары ортодо.
Уюмдашып биригип,
Каршы турду жолтого.
Эмгек кылды Ленин,
Элимдин ишин оңдоого.
Кедей, жарды, кембагал
Эми түштү оң жолго.
Баарысы каршы турушту
Элди жеген чоңдорго.
Каршылыкка катуу тур
Кайраттан, элим, кор болбо!
Катуу сокку ургула,
Кыянат бузук зорлорго.
Келди кедей заманы
Жоголду байлар тарабы.
Баш бербеген бай-манап
Таш капты го талабы.
Убагында кутурган
Элден өчтү карааны.
Айдалгандан бер жакка
Уюмду[1] жакшы билемин.
Өлгөнчө элди кыдырып
Баяндап айтып жүрөмүн.
Азабын берип байлардын,
Талкалады түнөгүн
Тургусуз кылып ордунан
Түшүрдү кайрат жүрөгүн.
Мал-жерин алып байлардын,
Кедейдин берди тилегин.

---

[1] Мында кедейлер уюму жөнүндө сөз болуп жатат.

Кыдырып көрдүм элимди,
Анжыян, арка жеримди,
Аралап көрдүм атайын
Өйүз-бүйүз төрүмдү.
Бай-манап жүрөт, кээ жерде
Кедейге бийлик коно элек
Толук уюм боло элек
Аралап айттым баарысын
Мен билген кептин жаңысын.
Мурун азап тартпаса,
Токтогул кайдан карысын?
Устуну байдын урады,
Бийликтен байлар кулады.
Кутуруп жүргөн бай-манап
Запкыны көрүп кедейден,
Зар какшап калган убагы.
Ардактуу көсөм Лениндин
Камкордугу бу дагы.
Көрбөгөн эле калың эл
Мындай сонун жыргалды.
Өткөздү баштан кедейлер
Эчен толкун кырдаалды.
Калың кыргыз элимдин
Кубанчы күндөй нурданды.
Өнүп-өсүп кедейлер
Өз бийлигин колго алды.
Азап көргөн көп элге
Ардактуу кеңеш жол салды.
Байлардан алып түмөн мал,
Бирикме чарба курулду.
Азаптан элим кутулуп
Нур заманга бурулду.
Ленин ысмы дүңгүрөп
Жер жүзүнө угулду.

***

Уурулук кылып, мал берип,
Ушакчы болбо жан берип
«Ушундай акмак болчу» деп,
Кетпесин сенден эл жерип.



## НАСААТ СӨЗ

Акынды мактаганың —
Элди жактаганың.
Эр эмессиң
Өз жаныңды сактаганың.
Жолдошуң чырда турса,
Куланар кырда турса,
Абийир эмес, калп айтып актаганың.
Адамдын жаны баары бирдей
Бирде таза, бирде кирдей.
Жаман-жакшы жүрөсүң
Өмүрүңдүн өткөнүн билбей.



## АКБАРЫ

А л ы м к у л :

Кыйкырсак кантет, Токтогул,
Тигил кызыл тору жеңени?

Токтогул:

Кызылды көрсөң кымтыңдап
Кыйкырасың, жубарымбек,
Ашыкпагын жеңе деп,
Абалы бир айландырып көрөлү.

Алымкул:

Кадырлап айтсам болобу
Калем каш кара торуну?

Токтогул:

Ашыкпай балам, тура тур,
Табылар башка сонуну.
Картаңды сүйбөс жан болуп,
Кайнатпасын шоруму?

Алымкул:

Кайсы бирин ырдайбыз,
Токо, кимдин жагат поруму?

Токтогул:

Жакшынын жөнү ошондой
Башка болот жоругу.

Алымкул:

Кызыл тору жакпаса,
Токо, мен кыдырмак болдум көбүнө.

Токтогул:

Кыялын билип таап айт,
Кызыкпай балам, өңүнө.

Алымкул:

Баары эле жакшы көрүнөт
Барчын куштай теминген.

Т о к т о г у л :

Сулуу болуп жүрбөсүн,
Сыртына чыгып семирген.
Сымбатын таап ырдайлык
Балам, сындуусу чыгат келинден.
Ак сакал ырдап жатат деп,
Айып көрбө, балдарым
Мен, айрылгам жаштык өмүрдөн.

А л ы м к у л :

Ак булбул сайрайт эмеспи,
Токо, ак чынардын шагына.
Андай болсо ырдайлык
Токо, келишкен сулуу агына.

Т о к т о г у л :

Эй, жубарымбек, ошол «ак» деп айтып ырда
Кебиӊ жагат карыӊа.
Кетели ырдап ошону,
Угулсун шары барыга...

А л ы м к у л :

Мергенчи салат белеске,
Токо, беш кабат болот капканын.
Андай болсо ашыкпа,
Токо, табайын издеп аппагын.

Т о к т о г у л :

Ырдасаӊ балам, акты ырда,
Ылайык ошол тапканыӊ.
Ыргыштап жаштык курч болот.
Балам, ыксыз жерге чаппагын.

А л ы м к у л :

Тээтиги мелтиреген перидей
Карачы бермет, шуруну.

«Мени качан ырдайт» — деп,
Токо, бизди карап турубу?

Т о к т о г у л :

Белгилеген ак келин
Сенин бетиңде кызыл нуруңду.
Ырдасаң, балам ошону айт
Ошонун жагат кылыгы.

А л ы м к у л :

Кемсели жибек баркыттан,
Келишкен жакаң кайырма.

Т о к т о г у л :

Келинден жакшы табылса,
Балам, кеткиң бар дейм айлына.
Акылы дурус көрүнөт,
Балам, ушул ак келинден айныба.

А л ы м к у л :

Желбегей кийген бейкасам,
Аркагы базар жибеги.

Т о к т о г у л :

Эй, балам, айтууга сонун ак келин,
Аялдын таза чүрөгү.
Айтсаң балам ошону айт
Адамдын эрийт жүрөгү.
Арман күн, баштан кеткенсиң
Жаштыктын уя түнөгү.

А л ы м к у л :

Келиндин таптык актарын,
Токо, кезегин таап мактадың.

Т о к т о г у л :

Кетпесин сөзүң бекерге,
Жубарымбек, ким экен ал аппагың?
Кер жоргодой төгүлчү
Менден кетип калган жашчылык,
Балам кезексиз жерге чаппагын.

(Бир бала чаап келип : «Келиндин аты Акбары»
деп ырчыларга шыбырады.)

А л ы м к у л :

Күкүктөр сайрайт шактагы,
Карачы, күндөй беттин аппагы.

Т о к т о г у л :

Келүүчү жаштык калганда,
Күүгүм жашка барганда.
Күкүк болуп Токоңду,
Күйдүрөсүң Акбары!

А л ы м к у л :

Булбулдар сайрайт шактагы,
Бурулган өңдүн аппагы.

Т о к т о г у л:

Булбул жаштык өткөндө,
Бул өмүргө жеткенде,
Буралып сүйлөп керилип,
Мени муңайтасың, Акбары!

А л ы м к у л :

Бутунда кийген маасысы,
Токо, булгары эмес, акери,

Токтогул:

Бүтүн күмүш көрүнөт,
Колуна салган шакеги.
Буралган сулуу Акбары,
Муңайттың мендей акеңи.

Алымкул:

Көйнөгү аппак тувардай,
Көрчү, Токо, Барыны.
Көк зоодон учкан улардай.

Токтогул:

Көтөрүлдүм мен дагы,
Балам, көргөндө токтоп туралбай,
Көзүңдү түздөп тиктеп тур,
Балам, көп жашынып уялбай.

Алымкул:

Кызыл тил сайра, талбайсың,
Кыялың шекер балдайсың.

Токтогул:

Кыпкызыл бетиң анардай
Жаш кезимде жаралбай.
Кыз кезиңде кандайсың?

Алымкул:

Жаңшоодон тилим талбайсың,
Жамалың шекер балдайсың.

Токтогул:

Жайнаган чолпон нур жүздүү
Чырагым, жаш кезиңде кандайсың?

А л ы м к у л :

Кызылдан кийген желеткең,
Кырка таккан седептен.

Т о к т о г у л :

Кыдырып жүрүп сендейди,
Көрбөдүм кыйла элеттен.
Кысынып менден уялба
Кызыктуу жашты жөнөткөм.

А л ы м к у л :

Жашылдан кийген желеткең
Жарашат таккан седептен.

Т о к т о г у л :

Жакшы эле жүрдүм, сендейди
Көрбөдүм кыйла элеттен.
Жашынып балам уялба
Жаш кезимди жөнөткөм

А л ы м к у л :

Жалгыз өзүң ырдабай,
Токо, жан жолдошун билелик.

Т о к т о г у л :

Билсең боло, жубарымбек,
Бир кишини жиберип.

А л ы м к у л :

Айтып ырдап турубуз
Токо, аялдын таза чүрөгүн.

Т о к т о г у л :

Атын барып сурап кел,
Ушунун, алган курдаш күйөбүн.

(Ошол кезде бирөө чаап келип, Акбаранын күйөөсү Самсаалы деди).

А л ы м к у л :

Жанына келди курдашы,
Токо, жараштырып ырдачы!

Т о к т о г у л :

Жаман бала көрүнбөйт
Ушул Самсаалынын тулгасы,
Жайнаган Бары сулуунун
Жарашкан экен курдашы.

А л ы м к у л :

Күлүктү минген Самсаалы,
Күлпөтү жакшы Акбары.

Т о к т о г у л :

Күйөөсү бактуу жан экен,
Күндөй сулуу тапканы.
Күнү-түнү тойго окшойт
Булардын күлүп-ойноп жатканы...

А л ы м к у л :

Кызыл ат минген Самсаалы,
Кылыгы жакшы Акбары.

Т о к т о г у л :

Кыздын чапкан алтыны
Самсаалынын кырга салган капканы,
Кызык жыргал эмеспи,
Булардын кыңшылашып жатканы.

А л ы м к у л :

Жоргону минген Самсаалы,
Жоругу жакшы Акбары...

Т о к т о г у л :

Жокту ойго түшүрдү
Жоодарынын аппагы.
Азамат экен Самсаалы
Жоруктууну тапканы...

А л ы м к у л :

Алдына минип турбайбы
Айбандан сулуу торуну?

Т о к т о г у л :

Азамат экен Самсаалы
Алганың жандын сонуну.
Акбары менен бирге өстүң
Самсаалы, алып келчи колуңду.

А л ы м к у л :

Алтын, күмүш аралаш
Алкымга таккан күбөгү.

Т о к т о г у л :


Азамат жигит көрүнөт,
Акбарынын күйөбү.
Акбарыдай болсун де
Азамат эрдин сүйөрү.

А л ы м к у л :

Акбары кылган кийим го,
Самсаалынын кайырма жака ичиги.

Т о к т о г у л :

Жаман көрбө, Акбары
Картайган мендей кишини,
Ачылган бактың, Самсаалы,



Алганың жандын түзүгү
Көтөрүлдү көңүлүм
Акбары, көргөндө сенин жүзүңү.

Алымкул:

Базардын шалы жибеги —
Башына салган жоолугу.

Токтогул:

Балам, тиктеп карачы,
Акбары жандын сонуну.

Алымкул:

Адырдын чөбү козголсо,
Агарган шамал жол жүрсүн.

Токтогул:

Акбары, жаман көрбөгүн,
Айтканыма эл күлсүн.
Бей орун сөздү сүйлөбөй
Бейбаш балдар тек жүрсүн.

Алымкул:

Жайлоонун толук кези ушул —
Жайкалып шибер көрүнгөн.

Токтогул:

Айтканың ырас, Алымкул,
Аркар менен кулжасы
Арчанын бүрүн кемирген
Кеңештин жолу күч алып,
Мактарга чыксын келинден.

Алымкул:

Кундуздай чачың капкара,
Куюлуп түшкөн далыңдан.

Токтогул:

Куп келишкен киши экен,
Курдашына табылган.
Гүлгүндөй жайнап отурсаң,
Ким кетсин, Бары жанындан.
Эскирип кетти кайран жаш,
Күлүк элем чабылган.
Элирип Токоң сүйлөсө,
Эркек-аял чогулуп,
Мен кирген үйгө жабылган.
Перидей келин экенсиң
Бермет, шуру тагынган.
Кадимки жашта бар болсом,
Аябай тартып иймекмин
Аякка куйган бал болсоң.
Булбулдай конуп сайроого
Буралган кырчын тал болсоң.



## СУУ ЧЫКСА ТАЛАА КУЛПУНАТ

Казгыла, балдар, казгыла,
«Кара-Сакал» арыкты.
Боз шыбак баскан кур талаа
Суу тилеп канча зарыкты.

Суу болбосо, жер карып,
Алалбай түшүм эл карып,
Эмгек-элге, суу-жерге
Сиңсе деп каалайм мен карып.

Бай-манап жерди ээлешип,
Дыңдарын тандап тейлешип.
Танап жер бербей жардыга,
Кетирген алын жөөлөшүп.

Мол чыкса сууңар жериңе
Түбөлүккө жыргарсың,
Түгөнбөгөн кениңе.
Адам тоону томкорот,
Байласа кайрат белине.

Суу чыкса, талаа кулпунар
Манаска окшош тулкуңар.
Эгин, чөбүң мол болсо,
Жорток атың тулпарча
Жоо көзүнө булкунар.

## БАЛАЛЫК

Алтын жаак, жез таңдай
Акын болгон Токондун
Башынан өткөн балалык
Казал айткан бул сөзүм
Кыргызга калсын таралып.
Алтын ширин нечен сөз
Аныктап элге жайылсын.
Ичиме кетер камалып,
Балалык ойноо эң кызык,
Ыр менен кабар алалык
Сайраган тилим талбачы,
Жыйылган топко чабалык

Кайран жаштык өмүрүм,
Өтүп кетти саналып.
Адамды көзгө илбеген
Дүйнөнүн жайын билбеген.
Айтылуу каның болсо да,
Алдынан чыкса тилдеген
Бир жашында билинип,
Кылыгы көзгө илинип,
Баланын жыты жыпардай
Дүйнөгө көзүң тигилип.
Эки жашар кезинде
Күлдүн баарын чаңдатып,
Чарчаганды билбестен,
Меймамды билбестен,
Мейманды көзгө илбестен,
Басып жүрөт балалык.
Энесинен башкадан,
Жат кишиче жалтанып.
Качып жүрөт балалык.
Сайрачы таңшып комузум,
Балалык жыргал кызыкты
Ыр менен элге жаялык!
Үчкө жашы чыкканда,
Жыгылып туруп сүйүнүп
Алдыңан чыкса аталап.
Көтөрүп алып жыттасаң,
Чарчаганың билинбейт.
Шашып келсең күйүгүп,
Баланын тили эң кызык
Сүйлөп берсе кужурап.
Таңга маал ойгонуп
Торгой мисал быжырап
Үч жашар ойноо кезинде
Тили чыгат булбулдун
Аламан сүйлөп бергенде

Кайгысы чыгат муңдуунун,
«Кагылайын тилиңден»,
Деп жалынып апасы.
Ак сүтүн берип эмизип
Алдап тамак жегизип,
Курсагы менен күлкүсү
Баланын жоктур санаасы
Ата-энеси жыттаса,
Алыс качат капасы.
Таңга маал торгойдой
Сайрап турат балалык.
Төрткө жашы чыкканда,
Урушturуп балдарды
Кайрап турат балалык.
Бешке жашы чыкканда
Кайгы, капа ойлонбой
Жайнап турат балалык.
Элде жокту «тапкын» — деп
Ата менен энесин
Кыйнап турат балалык.
Бала кезде Токондун
Башынан өткөн балалык.
Төрөлүпмүн ал кезде
Азаптуу күнгө жаралып.
Балалык жөнүн айтпасам,
Дүйнөдөн кайтсам бир күнү
Курсакта кетер камалып.
Балалык кезиң өткөн соң.
Калат го сакал агарып.
Карылыкка жеткен соң,
Келин кийчү шайыга
Жатсаң келбейт балалык.
Арман кылып ыр кошуп,
Айтсаң келбейт балалык.
Барчынга таптап куш салып

Кардыгып үнүң бүткөн соң
Кырдасаң келбейт балалык.
Кайран жаштык өткөн соң
Ырдасаң келбейт балалык.
Кайрат кылып канчалык
Ырдасаң келбейт балалык.
Картайганда бой түзөп
Сынасаң келбейт балалык.
Тогуз жолдун тоомунда
Үшкүрүп үч ай токсон күн
Турсаң келбейт балалык.
Тобурчак минип артынан,
Куусаң келбейт балалык.
Алты жашка чыкканда,
Алышып ойноп жаш балдар
Кыйын кызмат кылгансып,
Чарчап келет алсырап,
Жааган күндөй бүркөлүп
Апасынан нан сурап.
Багалек түрүп жарышып,
Башы оогон жакка барышып,
Көпөлөк кууп «кон...кон» — деп,
Кумардан чыгып канышып,
Боз борбаштын баласын
Куш кылып таптап салышып
Чегиртке жесе борбашы,
Кубанышат дарбышып.
Каткырып күлүп калышып,
Кандай кызык балалык!
Балалык баштан өткөн соң
Ажырап бизден кеткен соң
Кайра келбейт балалык.
Ак кар кетип, жаз келип,
Жер карайып, көк чыгып,
Көк тукаба өңдөнүп

Көйкөлүп шибер чөп чыгып,
Жер гүлдөгөн кезинде
Байчечекей, мандалак
Жайнаган жердин бетинде
Сүйүнүп балдар теришип
Ар кимиси бир-бирден
Торпок менен эңишип,
Шиш менен жерди челишип
Томураңдап жаш балдар
Жетиге жаш чыкканда,
Акактатып тердетип
Чүлүк тагып мурдуна
Ак өпкө кылып курутуп.
Чатакташкан эмедей
Тебетей калып бир жерде
Чапанын таштап унутуп
Жаактан ылдый тер агып.
Башынан майын чыгарып.
Жоогазын менен мандалак,
Казганына кубанып.
Кара суу кечип түрүнүп,
Чыбыктан кесип ат минип,
Чымылдап чуркап күйүгүп.
«Менин атым күлүк» деп,
Чыккандары сүйүнүп.
Кара баткак, чаң кечип,
Тарам-тарам жарылып,
Балтырынан кан агып.
Ары-бери чуркашып,
Бир күндө он беш суу кечет.
Бирин-бири «жүр» дешет
«Кечээ көргөн чымчыктын,
Балапанын алалык.
Баарыбыз барып чоң сазга
Чегирткеге салалык».



Кандай кызык иштери
Кайра келбейт балалык.
Сегизге жашы чыкканда
Секирип ойноп жүрсө да
Ойну канбайт балалык.
Тогузга жашы чыкканда
Балалык саал токтолуп,
Үч жашар ойноо кездеги
Элестер келбейт жок болуп.
Онго жашы чыкканда
Балдар менен күн-түнү
Ойноп жүрөт оолугуп.
Он бирге жашы чыкканда.
Эчтемени билбеген
Келин-кыздан чочунуп,
Он бешке жашы барганда
Балалык кыял токтолуп,
Ортодон эки жыл өтүп
Он сегизде ойлонуп.
Ок жыландай толгонуп.
Кеп айтмакка жакындап,
Келин-кызга октолуп.
Жыйырма жашка чыкканда
Жалындуу жүрөт от болуп
Келин-кызга кыйшаңдап
Кезектүү жерден жолукпай
Зырп этип ичи чок болуп
Кайран жаштык жыйырма беш
Кайрат толгон убагың.
Укурук салган кур аттай
Жайнап толгон убагың.
Балдар менен булкушуп
Күч сынашып турмакка
Кандай да болсо кам урат
Көтөрүп жерге урмакка.

Жабдык салып, ат минип
Жарышкың келет балалык
Ат үстүнөн эңишип
Бирин-бири жеңсем деп
Алышкың келет балалык.
Балалык өткөн башымдан
Жаш кезимден айдалып
Эки кол кайчы байланып
Кыйноо тарткам жашымдан
Жаңшасам ырдан жактырбай
Каршы чыгып Токоңо
Жалпы зулум асылган
Кузгундардын зарпынан
Кармалып кеткем Сибирге
Каргадай балам кашынан.
Жыйылган топко талыкпай
Булбул Токоң таңшыган.
Ала барчын бүркүттөй
Бала кезде шаңшыган
Жыйырма бешке койсочу
Өмүрдү өйдө жылдырбай
Жаратканда башынан.
Бала кезде ырдасам
Бардык адам жашыган.
Кайра келбейт балалык,
Кайрылбай бизден кеткен соң
Кирген суудай жаштыкты
Кайдан издеп табалык?
Бир күнчө эркин билинбей
Өтүп кетет өмүрүң
Кадырлашып сыйлашып,
Капа болбой жаш балдар
Көтөргүлө көңүлүң.
Картайып кеттим, кайран жаш
Ажалдан аман сактаса,

Далайды көрөт алтын баш.
Жаш кезимде айдалдым
Капканга түшүп камалдым.
Жыргалын көрбөй элимин,
Атам деп ыйлап калбады,
Азамат уул, келиним.
Балалык кезде токтобой
Алып учуп элирип,
Жылкыдай туйлайт жүрөгүң
Талаанын кызыл гүлүндөй
Тамылжып сонун ирең иң
Айдалып жүрүп нечен жыл
Азап тартып жүдөдүм.
Каршы чыгып Токоңо,
Кузгундар салган жүгөнүн.
Агарган таң, жарык күн
Ошол кезде зарланып
Тийсе экен деп тиледим.
Жыргал доор, кең заман
Жаштарым, келди тилегиң
Кайран жаштык балалык,
Жатпагын бекер камалып.
Сайраганда Токондуң
Түгөнбөйт ыры жамалып,
Отузга жашың барганда
Он сегиз менен жыйырма беш,
Ойлосоң артта калганда.
Ойноп күлгүн, жаш балдар
Калбагын бекер арманда.
Теңтуштун көөнүн калтырып
Жаман айтып тилдешип
Жакалашпа жалганда.
Каруусу кетип басалбайт
Карылык жетип калганда
Пенде качып кутулбайт

Канча мыкты болсоң да
Суук өкүм кишен салганда.
Кайра келбейт балалык,
Жаш кезекти ойлосо
Ким да болсо арманда.
Кыркка жашың жеткенде
Жиниңдин баары кагылып
Жайкы жүргөн закымдай
Балалык баштан өткөндө
Ойлойсуң шону сагынып.
Ата-энең көзгө көрүнбөйт
Бала кезде көпкөндө.
Ала барчын түнөгөн
Аскалуу курбу кызыл таш,
Өмүрүң өтүп билинбейт.
Кырктын өзү кыйла жаш
Кырк бешинде белсенип
Түрүнсөң келбейт балалык
Түрлүү сонун асылдан
Кийинсең келбейт балалык
Жаштар менен жарышып
Жүгүрсөң келбейт балалык.
Ак сарбашыл кой союп
Бүлүнсөң келбейт балалык.
Кырк бештен жашың ашканда
Элүүгө кадам басканда
Эңкейип белиң ийилет
Эстеген менен жетпейсиң,
Элирип жаштык качканда
Кайрылып сени карабайт,
Какшанып тилеп жатсаң да
Элүү бешке барганда
Балалык кетет таптырбай
Келин-кызга кеп айтсаң
«Катыгүн!» деп жактырбай

Арман кылып ошондо
Картайганың билинет.
Алтымышка барганда,
Бутуңа тушоо салганда
Эки тизең бүгүлөт.
«Ак сакалдуу аке» — деп,
Карылыктын белгиси —
Келиндериң жүгүнөт.
Кейпиң кетет мүчөңдөн.
Жылуусу кайтат тизеңден
Колуңдан кайрат күч кетет
Жаш кезиңде ишенген.
Кечке чейин ойлонсоң
Келбеси анык балалык
Алтымыштын өзүндө
Аркандаган аттайсың.
Кейикчээл болсоң картайып
Келиниңе батпайсың.
Эки тизең урунуп,
Кемпириң менен жатпайсың.
Алтымыштын бешинде
Айылга жаман көрүнбөй
Напсиңди тый, эсирбе!
Көкүрөк соо, дарман жок
Балалык турат эсиңде.
Таяк алып колуна,
Малды көздөп турасың
Эртең менен кечинде
Жетимишке барганда
Ийилип белиң калганда
Балалыкты ойлонуп,
Болосуң жаман арманда.
Жаштарга жаман көрүнбө
Агарып сакал калганда.
Жетимиш бешке барганда

Кыялың болот баладай.
Чолпондой болгон эки көз
Тиктөөгө калат жарабай.
Карыш жерге басалбай
Картайганың билинет,
«Аттиң, кайран жаштык» деп,
Көкүрөгүң кирилдеп,
Кийимге мүчөң келишпейт
Шалдырап боюң бириндеп
Сапатың кетип калганда
Белиңден кайрат күч кетет,
Колуңдан кылар иш кетет.
Аныктап укурук салганда
Ак шумкарды колго алып,
Айдың көлдү жээктеп
Бойлосоң келбейт балалык.
Балдар менен жарышып
Ойносоң келбейт балалык.
Санааңды бөлүп жүгүртүп
Ойлосоң келбейт балалык.
Көк шумкарды колго алып
Көк тескейди капталдан,
Бойлосоң келбейт балалык.
Сексенге жашың барганда
Селкилерге кошулуп,
Ойносоң келбейт балалык.
Көңүлүңдү көтөрүп
Ойлосоң келбейт балалык.
Базардагы сооданын
Наркын билбейт балалык.
Ата менен эненин
Баркын билбейт балалык.
Колу, бутун какшатып
Жууганды билбейт балалык.
Сабыр кылып бир жерге

Турганды билбейт балалык.
Бир жатындаш төрөгөн
Тууганды билбейт балалык.
Кызылды көрсө кылчактап,
Кызыгып турат балалык.
«Алып качсам жетпейт» — деп
Бузулуп турат балалык.
Ачуусу тез кишиден
Кысынып турат балалык.
Тийбегенге тийишип
Кутуруп турат балалык.
Экөө болсо, бирөөнү
Уруп жүрөт балалык.
Көрүнгөндөн жемени
Угуп жүрөт балалык.
Эрегишип ойношуп
Айылдын четин болжошуп,
Балбандарча марашып,
Эки чүкө талашып
Жеөлөшөт балалык.
Бир заматта элдешип
Биригишет балалык.
Ак чөлмөк ойноп чуркашып
Сүйүнүшөт балалык.
Көпөлөктү көргөндө
Эки көзүн айырбай,
Жүгүрүшөт балалык.
Тебетей менен жеткени
Чаап алса кубанып,
Жарышып жүрсө тызылдап,
Жаш балдарга ылайык,
Уттуруп койсо чүкөсүн,
Кабагы салык томсоруп,
Күйүнүшөт балалык.
Кыйшык консо сакасы

Кызарышып чырдашып,
Сөгүнүшөт балалык.
Чебеленип чыйпылдап
Сүйлөп турат балалык.
Кызыганда кыйкырып,
Жаат болуп бир-бирин.
Тилдеп турат балалык.
Даярдашып колдорун,
Ыкыс берип беттешип,
Күүлөп турат балалык.
«Курумду берип кеткин», — деп
Кычы кылып калыска,
Сүйрөп турат балалык.
Көк чыбыктан тандашып,
Ат минишет балалык.
Көңүлдөрүн көтөрүп,
Шат жүрүшөт балалык.
Жарышабыз бүгүн деп
Аттарыңды мингин деп
Болжол коюп бир жерди
Бак кылышат балалык.
Атым бар деп аябай,
Жанын чабат балалык
Шакылдата ургулап,
Санын чабат балалык.
«Менин атым чыкты» деп,
Бирөө келет кууланып,
Итере салып сен мени,
Ошон үчүн чыкты деп,
Өздөрүнө көп чатак
Жана салат балалык.
Бул жарышкан болбойт деп
Кайра чабат балалык,
Чарчаганда, башынан
Майы тамат балалык.

Ойдо жокту ойлонуп
Жаңы табат балалык.
Бирин-бири кектешип
Сен үйүңө кет дешип
Чындап турат балалык.
Айылды көзгө илбестен
Кары жашты билбестен
Келсе дагы, келбесе
Ырдап турат балалык.
Кеч киргенде чарчашып,
Кызарып чүкө калчашып,
«Кайта өкчөгөн болбойт» — деп
Карганышып, антташып,
Тентек жүрөт балалык.
Тиричиликти түк билбейт
Ачуусу келсе урушуп,
Чакырсаң да түк күлбөйт
Эс тартканча кубатын
Кыйнап жүрөт балалык.
Бейбаштыктан келтек жеп,
Ыйлап жүрөт балалык.
Чүкө берген кишини,
Өмүрүнчө унутпай.
Сыйлап жүрөт балалык.
Ар кайсыга оолугуп,
Жиндеп жүрөт балалык.
«Алчыдан жазбайт сакам» — деп,
Мактанып төшүн ургулап,
«Мен ким?» деп жүрөт балалык.
Баш аламан тантырап
Сүйлөп жүрөт балалык.
Кыялына жакпаса,
Атасындай адамды
Тилдеп жүрөт балалык.
Арабам деп сүйүнүп

Дагырага жип байлап,
Сүйрөп жүрөт балалык.
Уят сөздү билбестен,
Үйдүн ичин бүлдүрүп
Элдин барын күлдүрүп,
Чачып жүрөт балалык.
Апасынан тил укса,
Бүргөдөй ыргып секирип,
Качып жүрөт балалык.
Карышкыр коюн кыргансып,
Катуу жумуш кылгансып,
Шашып жүрөт балалык.
Көзү түшсө бир ишке,
Топтолушуп келишет,
Тобокел деп киришке,
Эрегишкен адамча,
Ата-эненин абийирин
Ачып жүрөт балалык.
Үйүндөгү буюмун
Ата-энеден жашырып,
Үч-төрт чүкө бергенге
Сатып жүрөт балалык.
Суу мылтык кылып алышып,
Пахтадан чайнап ок кылып,
Шилекейин агызып,
Чымчыктарды кубалап,
Атып жүрөт балалык.
Меники жакшы мылтык деп
Сарамжалдан сактанып,
Тырс деп калса мактанып,
Эң бир сонун кызыкка
Батып жүрөт балалык.
Үч тыйынга баа коюп
Сатып жүрөт балалык.
Кымтый алган буюмун,

Эч бирөөгө көрсөтпөй
Сындырышат балалык.
Билип калса чуулдап,
Чын кылышат балалык,
Ийинин көрсө чычкандын,
Суу куюшат балалык.
Ийинден кууп чычканды,
Тынчына койбой чыгарып,
«Келгиле, балдар, мында», — деп
Чуу кылышат балалык.
Адырдан түлкү куугансып,
Чыбык менен чапкылап,
Өлтүрүшөт балалык.
Колдон качкан азоону
Көндүрүшөт балалык.
Тынбай сайрап бул Токоң
Он жашында ырдаган.
Сабыр кылып эч качан
Бир жерге тынып турбаган.
«Жаңшаган булбул болот» — деп,
Карыялар сындаган.
Кежир болот балалык
Кезектүү ишти кылбаган.
Тай кулундай элирип,
Так секирип туйлаган.
Айтып коет көргөнүн
Балалыктын ичине
Бир ооз сөз сыйбаган.
— «Айранды сүткө кошкун» — деп
Апасын кыйнап ыйлаган.
Жаш кезекте Токтогул
Балдар менен кошулуп,
Баш оогон жакка баргамын.
Баарынан күлүк мен элем,
Балапан кууп алганмын,

Багалектеп күрөшүп,
Балдардын жыккам балбанын.
Тамтыгын койбой айыргам
Дамбалы менен чалбарын.
Ак сүтүн берип эмизген,
Алдап тамак жегизген,
Энемдин тилин албадым.
Күн батканда келчүмүн.
Оюндан канбай арманым
Чарчагансып сандалып
Балалык бойдон кетсе да,
Карылык кууп жетсе да,
Көңүлгө бекем кармадык,
Алтындай ширин сөздөрүм
Балдарга калсын арналып
Сайрагын, тилим талыкпай
Таңшыгын, добуш кардыкпай.
Балалыктын жөнүнөн
Бакка конгон булбулдай
Барган сайын төгүлгөн
Балалык кыял жаш кезде
Туурга конгон туйгундай
Кыз-келиндин ичинде
Кылыгым сонун көрүнгөн.
Талбаган күлүк мен элем,
Сүрөтпөй топтон бөлүнгөн.
Таң атып, күн чыкса да,
Танбаган адам кебимден.
Артымда балам жаш калып,
Көрбөдүм убай келинден.
Токондун толук пикири
Ыр, комузга берилген.
Коного чапкан күлүктөй
Кызыганда элирген,
«Кутулсам» деп зарлагам,

Эрк бербеген замандан.
Балалыктын кыялы
Оюмда турат кетпеген,
«Торгойдой, Током ыры» — деп
Арманда болуп бир көргөн,
Уксам деп кайра дегдеген,
Көкүрөктө казалым,
Көмөкөйдөн жаңырган.
Килитин ырдын ачканда,
Куйрук улаш табылган.
Бала кезде ырдасам
Дайранын ташкын суундай,
Барган сайын төкчү элем,
Башка сөзгө бурулбай.
Сайрап чыксам жашымдан:
Сарттар, багыш элимден,
Кетмен-Төбө, Шамыкшал
Киндик кесип, кир жууган
Касиеттуу жеримден.
Ат аксаган байгеден,
Аягын ташка кагынып
Балалык айткан бул сөзүм
Бекер жерге калбастан,
Жаштарга кетсин жайылып.
Токондун сөзү түгөнбөйт,
Калың топко барганда
Кайнап чыгат табылып.
Жыргалдуу заман туш келди,
Аман болсоң көрөрсүң,

Ар кандай сонун жаңылык!
Ушу кезде калбапмын
Жаңыдан кайра туулуп
Эрктүү жыргал заманда
Кайгыңар кетти жуулуп.

Бизге каршы кузгундар
Түпсүз болуп жок болду,
Эл ичинен куулуп.

## КҮЛГҮН ЖАШ ӨТҮП ЭСКИРЕТ

Күн чыгып, качан кеч кирет?
Күлгүн жаш өтүп эскирет.
«Күлгүн жаш өтүп кетти» — деп,
Күйүттүү киши үшкүрөт.

Ай чыгып, качан кеч кирет?
Асыл жан өтүп эскирет.
«Асыл жан өтүп кетти» — деп
Армандуу киши үшкүрөт.

Кыраңга бүткөн тал элек,
Бир убакта биз дагы
Кыл мурут кызыл бала элек.
Кыл мурутум ак болду,
Кыз-келин менден жат болду.

Кериге бүткөн тал элек,
Бир убакта биз дагы
Кер мурут кызыл бала элек
Кер мурутум ак болду.
Келиндер менден жат болду.

Кериге бүткөн тал болдум,
Келин түгүл кыз түгүл,
Эми кемпириме зар болдум.

Эсил жаштык өткөнүн
Эстеп кээде капамын
Эң көп ойго батамын.

## ӨМҮР

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу,
Жаратканы чын болсо
Жай-жайына койсочу.

Кызыл оңбос болсочу,
Кыз буралбас болсочу.
Көгөргөнү чын болсо
Гүлдөр соолбос болсочу.

Жибек оңбос болсочу,
Жигит өлбөс болсочу.
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге көмбөс болсочу.

Чөп куурабас болсочу,
Көз тунарбас болсочу.
Кызыл жүзү бозоруп,
Кыз кубарбас болсочу.

Картаң өмүр жыйырма беш
Жашка барар болсочу.
Кайран жанды кол менен
Жасап алар болсочу.

Өзөнгө элим толсочу,
Өмүр өтпөс болсочу.
Жашка ажал келбес болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу.

Балалыкта гүл чайнап
Балапан куштай толорсуң.
Кайран өмүр өткөн соң
Кайрылып келбей коёрсуң.

Аргымак болсоң коерсуң,
Ак болот болсоң жоерсуң.
Алтындай өмүр өткөн соң,
Артыңа келбей коерсуң.

## КАРЫЛЫК

Көмүрчүнүн атындай
Кыйшаң болгон кезегим.
Көп өмүрүм өткөрүп
Шыйпаң болгон кезегим.

Араба тарткан тор аттай
Оор болгон кезегим.
Омурткамдан жыртылып,
Жоор болгон кезегим.

Арканы жок, жиби жок
Тушайт экен карылык.
Колду, бутту кан кылбай
Бычат экен карылык.

Күрүчтөй болгон тишиңди
Чагат экен карылык.
Каран түндү башыңа
Салат экен карылык.


Сайраган булбул тилиңди
Бууйт экен карылык.
Сайгактай болуп өмүрдү
Кууйт экен карылык.

Картайып кеттим, Токтогул,
Кара чачым ак болуп.
Кайран жашты жоктодум,
Канаттуу куштай балалык,
Кайрылып келбейт окшодуң,
Эскирип кеттим, Токтогул,
Ээгимде сакал ак болуп.
Эсиз жашты жоктодум.
Ителги куштай балалык,
Эңсесем, келбейт окшодуң.

Картайып кеттим, кайран баш,
Кайрылып келбес арман жаш,
Катарымдан калтырды
Карылыкка барган жаш.

Эскирип кеттим, эсиз баш,
Эңсесем, келбес арман жаш,
Эл көзүнө жеңилттиң
Элүү бешке барган жаш.

Аяктай булчуң эт кетти,
Анардай кызыл бет кетти.
Алтымышка жакындап
Айыл-үйдөн четтетти.



Көрүнбөй жыгып карылык,
Көзүмдүн курчу жашыды.
Көргөнүмдүн баарысын
Көкүрөккө ташыды.

Белди эңкейтип, күчтү алды,
Берметтей аппак тишти алды,
Бузулуп урап короосу
Булдурттап кызыл тил калды.

«Күкүгүм Током кайда? — деп,
Күзөчү эле катарым.
Көңүлдүн оту өчкөнгө
Күйүт менен капамып.

Каалаганды алдырбай,
Каршы келди карылык.
Калың топко баралбай
Каламымбы зарыгып?

Агарды менин сакалым,
Арманым айтып жатамын.
«Акын Током кайда?» — деп
Арзычу эле катарым.

Андагыдай жашым жок,
Аны ойлосом капамын.
Алтымышка мен чыгып,
Алдыма келди сапарым

Эңиштеди базарым,
Эстегенде капамын.
Ээгим түшсө мейличи,
Эрмек болуп жатамын.
Бир кезекте байкасам,

Кериде кырчын тал элем.
Келин-кыздын жанында
Кеп сүйлөөчү бала элем.
Кеч киргенде кадимки
Күйүп турчу шам элем.
Керектүү күчтүн барында
Керилген булбул жан элем.

Бул кезекте байкасам,
Кериге оттоп мал болдум.
Кезегим кетип башымдан
Кебимди таппай дал болдум.

Келин-кыз түгүл бул кезде
Кемпириме зар болдум.
Керилген жаштан айрылып,
Кебимди таппай дал болдум.

Алы-күчтөн ажырап,
Арып калган кезегим.
Аппак болуп сакалым
Карып калган кезегим.

Жол жоргодон бул кезде
Танып калган кезегим.
Жанып келбес болсо да,
Жаштыгымды сеземин.

Жоголсом жалган дүйнөдөн
Жоругум айтсын өз элим...
Кара жаак, кызыл тил
Кармасам, колго комузду
Калың элдин ичинде
Какшатчу элем добушту.

2—2209

Каруу, күч кетти жонумдан
Кайран жаш кетти колумдан.
Картайып Токоң бөлүндү
Кайран жаштын тобунан.

Ысыгы кетти койнумдун,
Кызыгы кетти ойнумдун.
Алтымыш жаш, сен келип,
Асыл сөздү койдурдуң.


Keриден ташты көтөргөн
Кетти кайран балбан кез.
Келин-кыздын жанында
Келтирип комуз чалган кез.

Атаны арман карылык,
Алтымыш жашап карыдык.
Какшансам кайра жашарбайм
Капалуу көңүл тарыгып.

Кайран жаш келбейт кайрылып,
Калгамын жаштан айрылып.
Келиндерге мен калдым
Кеп айтыштан айбыгып.

Күндө үч убак май берип,
Сыйласаң келбейт жашчылык.
Күнүгө арман күү чертип
Ыйласаң келбейт жашчылык.

Күндө мээнет тарткызып,
Кыйнасаң кетпейт карылык.
Боюңа туташ чапталган
Туйласаң кетпейт карылык.



Күндө муңдуу күү чертип
Чакырсаң келбейт жашчылык,
Күрөк менен күмүштү
Сапырсаң келбейт жашчылык.

Бакшы болуп кыйкырып,
Бакырсаң кетпейт карылык.
Бычагыңды этиңе
Батырсаң кетпейт карылык.

Күндө үч убак телмирип,
Жалынса келбейт жашчылык.
Бүтүн денең алтынга
Малынса келбейт жашчылык.

Арстандан бетер качырып,
Чамынсаң кетпейт карылык,
«Арбак урган шүмшүк» — деп,
Таарынсаң кетпейт карылык.

Алтын жабуу үртүктөп,
Ат минсең келбейт жашчылык.
Арманың жазып, муңайып
Кат берсең келбейт жашчылык.

Соемун деп чоң бычак,
Апкелсең кетпейт карылык.
Чоң баканды көтөрүп,
Тап берсең кетпейт карылык.

Элден мурун эңкейип,
Белимди алды карылык.

Көкүрөктү көтөрткөн,
Желимди алды карылык.

Оозумдагы шекердей
Кебимди алды карылык.

Тик бастыртпай бөкчөйтүп,
Тиземди алды карылык.
Эки бутту жылдырбай
Кишен салды карылык.

Кадам бассаң арбыбас
Тушоо салды карылык.
Кара темир чынжырдан
Кырчоо салды карылык.
Үстү-үстүнө үшкүртүп
Күчүмдү алды карылык.
Дал ортомду бүкчүйтүп
Мүчөмдү алды карылык.

Шалбыратып теримди
Этимди алды карылык.
Айдай тунук тастайган
Бетимди алды карылык.

Карайлатып тунартып
Көзүмдү алды карылык.
Эми билсең оңбогур,
Өчүң канды, карылык!

Балдан таттуу ооздон
Сөзүмдү алды карылык.
Ушинтип жүрүп акыры
Өзүмдү алды карылык.

Айткан сөздү угузбай
Кулакты алды карылык.
Жаштыктын соккон дубалы
Урап калды, карылык.

Жетимишке барганым —
Жеткирип айткан арманым.
Жемирилген жарга окшоп
Кетти менин дарманым.


Жаш кезекте жабыгып
Жыргал көрбөй зарладым.
Жетимиш жашка туш кылып,
Армандуу дүйнө, алдадың.


Эсил кайран, Токтогул,
Эркин жашты жоктогун,
Эсил өмүр гүлдөй жаш
Эки келбес окшодуң.

Кайрып чертчи, Токтогул
Кайран жан, кайрылып келбейт окшодуң.
Картайып белим бүкчүйдү,
Калкымдан кетер окшодум.

Айтып чертчи, Токтогул,
Алтындай жашты жоктогун.
Асыл өмүр, гүлдөй жаш
Айланып келбес окшодуң.

Буруп чертчи, Токтогул,
Булбул жаш, бурулуп келбейт
окшодуң.
Буурул болсом мейличи,
Буралган жашты жоктодум.





## ТОКТОГУЛДУН ӨЛҮМ АЛДЫНДА ЫРДАГАНЫ

Эки эли тилим сүйлөсүн,
Эки эли тилим өзү эмес,
Ээрчиген добуш үндөсүн,
Эсилиң Токоң көзү өтсө,
Эсине алып ким көрөт
Эңилчек баскан мүрзөсүн?..
Элимден кетсем мейличи,
Эркинде элим гүлдөсүн.

Кара тилим сүйлөсүн,
Кара тил жалгыз өзү эмес,
Комузум добуш үндөсүн,
Кайран Токоң көзү өтсө
Кайрылып келип ким көрөт
Кара чым баскан мүрзөсүн?..
Калкымдан кетсем мейличи,
Калың журтум гүлдөсүн.

Боз булбул Токоң сүйлөсүн
Боздогон жалгыз тил эмес,
Борумдуу добуш үндөсүн
Боз булбул Токоң көзү өтсө
Бурулуп келип ким көрөт
Боз турпак баскан мүрзөсүн?
Араңдан кетсем мейличи
Аркамда элим гүлдөсүн!

## КЕДЕЙКАН

Илгерки өткөн заманда, кыргыз эли ачарылыкка учурап, алдуусу тентип-тентип оокат таап, алсыздары кайың саап, кыздары шимүүр шимишип, эл жардылыктан итке минип, азып-тозот. Ошондо кыргыздан Курама, Сары деген эки бир тууган киши түркмөн элине тентип барган. Баргандан кийин Сарысы ачкандан өлүп калат.
Курама өнөрлүү, колунан иш келген, өнөрүнүн аркасында ар кимге батымдуу болгондуктан, түркмөн элине эки жылы оокат кылып жан сактап туруп, үчүнчү жылга айланганда өлөт. Аялынын боюнда эркек бала калат. Арадан көп убакыт өтпөстөн аялы төрөп, баласынын атын Керээз коет. Керээз үч жашка чыкканда энеси өлүп, томолой жетим калат. Кийимсиз жылаңач, жылаңбаш, тамаксыз курсагы ач, кыңкысын суукка үшүп, жатса итче бүрүшүп, көргөндөр шылдыңдап күлүшүп, Керээз жетим көрбөгөн жамандык калбады. Керээз аты калып, Кедей жетим атка конду. Бечарага кайрымдуу бир сопу киши бар деп угуп, Кедей жетим сүйрөлүп, сүлдүрөп, сүйлөй албай үлдүрөп сопуга барып кайыр сурады. Сопу: «балам, менде эч оокат жок, эгер болсо берер элем. Өнөрүм сопу, атым Саалы. Саалыда сары чака жок, сопуңдун солуп турган маалы. Балам Кедей жетим, мен сага бир жакшылык кылайын: бүгүн мында конуп эртең менен Гүлсаана деген бир кемпир бар, атасы жокту асырайт, жылаңач барса кийгизет. Сен, балам, ошол Гүлсаанага баргын, жалбарып-жалынып жаштыгыңды, жетимдигиңди зарлап бир айтып көргүн. Сени Гүлсаанадан башка киши батырбайт, батырмак тургай тамагынан таттырбайт!» — деди.

Жетим кемпирди издеп тапты да, кемпирдин үйүндө кызмат кылып, малын багып, отун жагып, суусун алып, тезегин терип, алы жеткен оокатына каралашып, отун-суусуна аралашып турду.

Кедей жетим жакшы көрүнүү үчүн түндөн туруп уйкусун бөлүп, жаман сөз айтпас бекен, жаш көңүл кайтпас бекен деп, кемпирге жагынып жүрдү. Баланы кемпир жактырды. Бирок кемпир балага сыр чыгарбады. Кедей жетим бир күнү: «кемпирге энекелеп бир жалынайын, эгер менин муңумду укса жана мусапыр экениме көзү жетсе, мени мындан ары да багып калар. Көзү жетпесе, күнүмдүк оокатыма жарар» — деп, Гүлсаананын маңдайына барып, эки колун бооруна алып калтаарып, жүзү жалтанып зарлап айтып турганы:

Айланайын энеке,
Мен болоюн көлөкө,
Мен мусапыр жетимди
Жалдыратпа бөлөккө.
Түңүлбөсүн энеке,
Түбүндө жарайм керекке.
Беш тырмагың береке,
Берекелүү энеке.
Он тырмагың береке,
Оюңдан чыкпайм энеке,
Эрезеге жеткенче,
Кор кылба мени бөлөккө.

Кийимимди тоздурба
Кызыматкермин астыңда.
Ушак-айың кеп уксаң
Көңүлүңдү аздырба
Бала болуп байралып,
Турсам кантет мен мында?

Ата-энесиз баламын,
Жетимдигим — жаманым.
Жергесиз жетим дебесең,
Жетилсем, сени багамын.
Ажалдан кудай сактаса,
Ачылар күнү замандын.

Туубасаң да, энеке
Тутунуп мени багып ал.
Үч-төрт жылда жетилем,
Мен табамын далай мал,
Көлөкөсүз жүргөнчө
Бир балалуу болуп кал.

Сен жесир эне, мен — жетим,
Жетимдигим — илдетим,
Баш кошуп оокат кылалы,
Мойнумда сенин милдетиң.

Жай таппадым жатарга,
Үй таппадым батарга.
Каралды болгун, энеке,
Мен бир жетим начарга.

Гүлсаана кедей балага боору ооруп ойлонуп турду. Багып алайын десе, бакма балдарды бир нече жолу багып жүрөгү күйгөн. Бакпайын десе, жетим баланын зарына, ыйлап суранганына көңүлү чыдабай, «Бакса багып алайын, какшанып жалгыз отурганча ушуну тутайын» деди.

Мен бир жесир кемпирмин,
Эченин бактым жетимдин,
Баксам багып көрөйүн,
Жамандык кылсаң, тентирмин.

Далайды бактым балам деп,
Бала кылып алам деп,
Баласы менен курусун
Баарынан уктум жаман кеп.
Эч бирөө да айткан жок:

— Энеке сени багам,— деп
Жалынып келет сенчилеп
Жаңыдан мени тапканда,
Өз баламдай сыйладым,
Ошолорду бакканда.

Өгөй бала курусун,
Өкүнөм ошол өткөнгө.
Өз балдарым деп жүрсөм
Карабай кетчү көпкөндө,
Энесинип сөз айтсам,
Сайсөөгүм сыздайт сөккөндө.

Өлөйүн десем жан таттуу,
Кирейин десем жер катуу.
Өпкөгө тээп өткөндө
Ажалы жетип, күн бүтүп
Айрылдым эле эримден,
Аманат дүйнө койбоду
Азамат эле керилген.
Арбагын сыйлап отурам,
Балам, кеталбадым элимден.

Эрезеге жетерсиң
Балам, элиңди таап кетерсиң.
Эмгегимди ойлонуп
Эстебей койсоң бекерсиң.
Тууруңа жетерсиң
Балам, тууганың издеп кетерсиң.

«Тутунган энем эле» — деп,
Турбай койсоң бекерсиң.

Мен баксам сени арыкта,
Өгөйлүгүң таанытпа.
Өлгөнүмчө бөлүнбөй
Турарыңды анықта.
Кете берип көпкөндө
Балам, душманга мени зарылтпа.

Алтымышка жаш жетти,
Энеңден кайрат-күч кетти.
Беш-алты жыл багууга
Алайын балам, милдетти.

Менден жооп албастан,
Бир жакка өзүң барбагын.
Жолдо жатса, бирөөнүн.
Эч нерсесин албагын.
Эне ордуна көрүнсөм
Балам, бул сөзүмдү кармагын.

Көрпөдөн ичик кылайын
Көбөсүн макмал кынайын.
Көйкөлтүп сага кийгизип,
Көкүлүңдөн сылайын.
Жаннаттан[1] ичик кылайын
Жакасын кундуз кынайын.
Жалгыз балам эле деп
Жатсаң-турсаң сылайын.

Жаман жерди бастырбай,
Жармадан кардың ач кылбай.

---

[1] Жаннат — бейиш

Өгөйлүгүң билгизип,
Өң түзүңдү аздырбай.

Төркүнүм алыс ыраакта,
Төбөгө чаап кууратпа.
Калп-карөзгөй сөз айтып
Карыларга суратпа.
«Канакей балаң?» — дедирип
Калтыра көрбө уятка.

Колумда туруп көгөрсөң,
Кубатым кетип карганда.
Көлөкөңө жөлөнсөм,
Өлүп кетсем ошондо,
Балам, сен ак кепиндеп көмөрсүң?
Арманым калбас жалганда.
Жолуктуң, балам карганда.
Өлсөм болду алдыңда
Мүнөзүңдү кошпогун
Мурунку баккан балдарга.

Кедей Гүлсаана кемпирдин сөзүнө эрип, колун берди. Мойнунан кучактап, көзүнүн жашы бурчактады. Эч адамдан сыйлуу кеп укпаган, ичинен кайгы чыкпаган жетим кемпирди жанындай көрүп, көзүнүн жашын төгүп, кубанганынан айткан сөзү:

Сизден башка адамдан
Укканым жок жылуу кеп,
Уруп-согуп чыгарчу:
«Ырысы жок жетим» — деп.

Күйүк көмөч, күлчө нан
Кудайы кайыр сурадым.
Үч жашымдан түрткү жеп,
Мусапыр болуп куурадым.

Ажал жетип өлөрдө
Энеке, алдыңа келип турамын.

Арсыз жетим кедеймин
Ата тургай, энем жок
Ачка куурап жүргөндө
Алымды сурар жеңем жок
Жумшак тил, жылуу сөз угуп,
Энеке, сенден көөнүм ток.

Жайытым жаман тарыды,
Жалдырап көңүл арыды.
Сенден башка эч адам,
Энеке, сурабады алымды
Жумшасаң тилиң алайын,
Уктасаң, төшөк салайын.

Моюнума көтөрүп,
Өлгөнүңчө багайын.
Жакшылыгың унутсам
Өрттөнсүн бакты-таалайым.

Жамандык кылсам жашымда,
Жаныма тиер кусуруң,
Жакшылап баксаң, энеке,
Көңүлүм кантип бузулсун.
Жаңылып кетсем кокустан,
Жаш башымды туз урсун!..

Алым ошол болгон соң,
Кантип болом тоң моюн.
Тузуңа кара санасам,
Туугандан эки болбоюн.
Өлбөсөм да ошондо
Өмүрүмдө оңбоюн.

Бара-бара сынарсың,
Ичиңден сүйүп тынарсың.
Алынып кетсем, энеке,
Амандыгым сурарсың
Көңүлүңдө кайгы жок,
Күлүп-жайнап турарсың.

Жетимди кемпир багып алды. Кемпирди эне дейт, тамагын ичип-жейт. Кийими бүтүн, бой тартып калды. Жүргөн жери ызы-чуу, айылды кагыштыра, ар кимди чабыштыра баштады.

Анткени менен энесин жакшы багат. Бардыгын байлардан уурдап табат. Анысын кемпир билбейт, билип калса тилдейт. Кедей өзүндөй эпчил, албеттүү азаматтан төрт жолдош таап алды.
Бешөө жатса да турса да, бир жүрө турган болушту. Төрт жолдошу Кедейдин чалгынчысы болуп кайсы жерде ыктуу бай болсо, ээн мал болсо көрүп, Кедейге айтып келишет. Түркмөн элинин байларынан Кедейдин жебегени калбады. Бир күнү түркмөндордүн каны элинин баарын жыйып алды, байлары, бектери, дагы башка Кедейге жедирип жүргөндөрдүн баары чурулдап ханга арыз болушту: «Кедей жетим деген куу чыкты. Бул куунун жебеген кишиси калбады. Баарыбызды күйгүздү, же бул элди аттырыңыз, же элдин урматы үчүн Кедей жетимди таптырыңыз», — дешти. Кедейдин төрт жолдошу элдин арасында эле. Хандын буйругун угар менен жүгүргөн бойдон Кедейге келишти. «Кантебиз, ханга бардыгы арыз болушту. Хан кырк жигитин чакырып: «таап келгиле, таппасаңар башыңарды алдырамын» — деп, катуу буйрук кылды» — дешти. «Мен ханга карматпаймын, кырк жигит эмес, сексен жигит келсе да, караанымды көрсөтпөймүн», — деди Кедей бала. Жолдоштору: «Жок, андай кайрат жарабайт, көпкө топурак чачабызбы, андан көрө сен бир жакка

качкын, бул Чамбылга[1] турбагын» — дешти. Шаардан жарым күндүк жолго качып чыгышып, бир аңдын ичине Кедейди жаткырып, жолдоштору тамак ташып түн ичинде келип-кетип турушту.

Хандын кырк жигити издеп эч жерден таба алышпагандыктарына кайгырышып, бир-бирине керээздерин айта башташты. «Бир Кедей үчүн кыркыбыз өлмөк болдук. Кыркыбыз кырк жерде туулуп, ажалыбыз бир жерден экен го,» — дешип убайым санашып, бирин-бири карашып, үшкүрүк басып, өңдөрү азып келе жатып, Саалы сопуга учурап калышты. Кырк жигиттин сопудан сураган жери:

Беш убак намаз окуган,
Бей намаздан чочуган.
Касиетиң бар эле,
Өзүң теңдүү сопудан.

Көпчүлүктүн чакырган
Жашы менен карысын.
Жыйып келип бергенбиз
Бүтүн элдин барысын.
Тыңшап турчу Залимкан
Чуулдаган арызын.
Бири айтат: — алды уюмду,
Бири айтат: — мен да алдырдым
Уйдан артык буюмду.

Алардын арызын укканда,
Залимкан жакшы туюнду.
— Кедейди таап келгин, — деп
Кекетип бизге буюрду.

[1] Чамбыл — ошол убактагы жердин аты.

13—2209

— Таттуусун билсең жандын деп,
Датчыларга Кедейди.
Тапсаң тирүү калдың деп
Табалбадык Кедейди
Далайдан бери биз издеп,
Уламадан уладык,
Улуулардан сурадык.
Угуп көргөн киши жок
Убайым менен куурадык.
Кедей үчүн кыркыбыз
Кетмек болдук куланып,
Кайда экени билинбейт
Карааны көзгө илинбейт
Кедейди таппай кырк жигит
Кейишин тартып зирилдейт.
Өлөбүз го сопу аке
Өлгөн кайра тирилбейт.
Көрүп-билип калсаңыз
Жүрөгүбүз toктосун,
Жүргөн жерин чалсаңыз.
Айтып берип Кедейди,
Ажалсыз бизди өлтүрбөй,
Ажыратып алсаңыз,
Алдага жүзүң жапжарык
Акыретке барсаңыз.
Кетпеди кайгы көңүлдөн
Биз калсак, сопум, өлүмдөн...
Табалбадык Кедейдин
Дайнын сурап көбүңдөн,
Таап берсеңиз жакшылык
Кетпес эле көңүлдөн.
Сопу айтты: — балдар, тура тур,
Соболумду уга тур.
Көргөнүмдү айтайын,
Көпчүлүгүң көңүл бур?

Башынан билем жөн-жөнүн
Бала экенде көргөмүн.
Андан кийин билбеймин,
Тирүүсүн же өлгөнүн.
Бир кондуруп үйүмө,
Кетиргемин келгенин.
Бар дегемин бай кемпир
Өзүнүн аты — Гүлсаана,
Төрөгөн эмес бир бала,
Менин айткан акылым,
Отунун алып, от жагып,
Оокат жагын тырмала,
Арамдыкка бурулуп,
Андан кетип куураба,
Ар эшикти бир түртүп,
Адатыңча ыйлаба, —
Деп ошондо Кедейге
Акыл берген болчумун.
Ар ким келсе үйүмө
Бир түнөтүп койчумун.
Сообу тиер бекен деп.
Алсыз жетим шордуунун
Кетти эле мага бир түнөп,
Ачарчылык убакты,
Кекетип кокус Залимкан,
Тапшырса өлүм суракты.
Гүлсаанадан табасың,
Күйгүзүп жүргөн чунакты.
Түркмөндөрдүн элинде
Тууралык бар кебинде.
Түзүгүн айтып берерин
Тура тур, балдар, эринбе.
Тууганыңды коркутуп,
Душманыңа телинбе.
Төрт түлүктүү малы бар,

Мал үчүн жыйган камы бар
Карыптарга боорукер
Кайрылуу жайы дагы бар.
Катарлантып салдырган
Мейманкана тамы бар.
Баргыла, балдар, жалооруп,
Жалынгыла бир конуп.
Ал Гүлсаана кемпирге,
Аңдоостон бир сөз кетирбе.
Адагы кыйын шум киши,
Алдап, соолап сурагын.
Акырын айтып жесирге,
Колуңардан кетирбе.
Кемпир да кыйын киши эле
Акырындап сыр сура,
Аламандап сүйлөбөй
Акылыңды бек кура.
Ачылып сырын айтпаса
Алды алдыңдан чуркура.
Аябай жесир кемпирди
Айдап бар ханга туптуура.
— Кемпирдин уулу болчу, — деп.
Хан алдында буркура.

Кырк жигит дароо кемпирди тапты. Таап алышып жармысы үйгө кирди. Жармысы тышта калышты. Сакчы кемпирдин артык дөөлөтү жок, өзүнүн оокатына тың, баягы сопунун сөздөрү чын чыкты. Жигиттер акырындап, сурай баштаган жери:

Улуңуз кайда, байбиче,
Таанышлык деп келдик.
Азаматтын бири экен,
Алышалы деп келдик.
Сыртынан угуп Кедейди

Алдыңызга көп келдик.
Келген сайын таппадык.
— Балаң кайда? — дегенден,
Байбиче, сизге батпадык.
Достошууга Кедейге
Чыктык эле аттанып.
Жамандыгы тиет деп
Ойлонбогун сактанып.
Биз да уулуңдай азамат
Жетишебиз баркына,
Тууган, душман, кас, дос бар
Бирөө түшсө артына.
Биз себепбиз, байбиче,
Душмандан келер дартына.
Айтып бер, эне, баланды
Биз билбейбиз залалды!
Алдадан тилеп адалды
Кучакташып достошуп,
Кудайдын мөөрүн болжошуп,
Аман-эсен кетебиз.
Кол кармашып коштошуп.
Кемпир айтты: балдарым,
Кедейди тап деп зарладың.
Мен билбеймин уулумдун
Кайда кетип калганын.
Менин калп айтканым өлгөнүм.
Карып калган убагым.
Байкагын, балдар сөз жөнүн.
Шумдук го, балдар, келгениң.
Ажал жетип өлгөнчө
Чындыгы жакшы пенденин.
Угуп турсаң, балдарым,
Баштан өткөн зарларым.
Жетимишке келгенче
Арылбаган арманым.

Отузумда калганым.
Аламын деген эр келди,
Алда канча эл келди
Алдоосуна алданып,
Билдирбедим эч белги.
Жаман-жакшы көп келип
Жалынса да тийбедим.
Жашымдан берки бир арман,
Бала төрөп сүйбөдүм.
Көралбадым кызыгын
Жаркыраган дүйнөнүн.
Ачарчылык убакта
Келди эле мага бир жетим,
Аман-эсен асырап,
Баккандыгым илдетим,
Жетимдерче сандалтпай
Көтөргөмүн милдетин.
Колума тийди онунда.
Он жылы турду колумда.
Отуралбай бурулдап,
Ыйлачумун жогунда.
Жатындан жарып чыкпаса,
Бакма бала курусун.
Өгөйлүк менен билдирет
Олтурушун, турушун.
Өз баладай кылабы
Үй оокатын, жумушун?
Бакты эле деп санабайт
Ал-жайыма карабайт
Элик болуп сүт бердим,
Көлүк болуп күч бердим
Энемсиң деп ойлонуп
Эмгегиме жарабайт.
Кете берген көпкөндө
Келиптирсиң, балдарым

Кайгы көп жүрөк, өпкөмдө,
Келип кетет учурап,
Нары-бери өткөндө.
Кайрылуу элем карыпка,
Боорукер элем жетимге,
Оокат кылып олтурам,
Бир айылдын четинде
Келип кеткен болучу
Кече күнү кечинде.

Кырк жигит ханды карай кемпирди айдап жөнөдү. Шордуу кемпир бели бүкүрөйүп, көзү тикирейип, башы эңкейип, ээрди телпейип, көзүнүн жээги ириңдеп, көкүрөгү кирилдеп:

— Мен бала бакпай, балаа баккан экенмин го, — деп убайым жеп кедеңдеп, хан менен бек дарга асып жиберет го деп айласы кетип, кырк жигиттин алдында бара жатканда жолунан хандын бир вазири чыгып: «Кайда алып барасыңар?» — деди. «Кедей жетимдин энеси экен, уулуңду таап бергин десек, табалбаймын дейт. Өзүбүз эч жерден таппай, өлүмдөн кутулар бекенбиз деп ханга энесин алып баратабыз» — дешти кырк жигит. Мен силерди хандан сурап аламын, кемпирдин бардык малын, үй-жайын алгыла. Анан уулун колго түшүрүп берет, — деди вазир. Кемпирдин оокат турмушун, малын, үйүн бүтүн алды, кемпир байкуш зар ыйлап, жанын кыйнап малсыз журтта калды. Кедей муну угуп кайраты ташып, төрт жолдошун ээрчитип энесине келсе, энесинин баласына карап ыйлап туруп айткан сөзү.

Күнөөсүз мени талаттың,
Күйдүргү, балам, оңбогун.
Эч жазыгым жок эле,
Дүйнөдө эки болбогун.

Эмгегимди унуттуң,
Балам, элүү жашка толбогуң!
Араң оокат кылчу элем,
Малым менен жан сактап,
Бактым эле, чырагым,
Эркеледиң алчактап,
Талап кетти барысын,
Балам, сага өчөшкөн жоо каптап.
Ардагым Кедей, сен үчүн
Ач калган иттей улудум,
Ажырап оокат жайымдан.
Айла кетип курудум
Малымды талап алса да,
Үй оокатым калбады.
Ушу күндү көрсөтүп
Үшкүртпөй өлүм албады.

«Энеке, эми көп кайгырбагын, мен сени кор кылбаймын. Мен ууру болдум. Бирок уурдаганда жардыны уурдабастан, хандын кадырын сактаган, элди жеген казынын, вазирдин малын уурдагамын», — деди Кедей. Анан жолдошторуна: «Вазир менен хан өлсө сүйүнө турган эл толуп жатат» — деди да, канжарын ичинен байланып, шакардай кайнап, кабагым-кашым, дебей, эч кайгы жебей жөнөп кетти. Жолдоштору «ушундай дагы эр болобу, мунун жүрөгү адамдын жүрөгү эмес, жолборстун жүрөгү го» дешип таң калышып, акмалап Кедейдин аркасынын жөнөштү. Кедей айтканындай вазирди мууздап качып чыкты. Вазирдин жигиттерди кууп чыгып узатпай кармап калышты, өлөсөлүү кылып уруп, орго салып кайтарып койду. Калган жазасы хандын акылы менен берилсин дешти. Олдоктогон кароолчунун жанына Кедейдин төрт жолдошу келип акмалап турушту. Анда кароолчунун: «ушундай дагы эр болобу, жыйырма-отуздай киши кызылдай са-

бап жатса, башы-көзүн жашырып да койгон жок. Кып-кызыл кан тулку боюнан агып турса да ичиркенбеди. Анын үстүнө тирүү калсам далайыңардын каныңарды ичермин деп жулунуп жатканын көр» деп, өзүнчө сүйлөнүп турганын төрт жолдошу уга коюп, кароолчудан жалынып сурап турган жери:

— Айланайын кароолчу,
Толгонгон жашык бооруңан.
Кедейдин тирүү калышы
Келеби сенин колуңан?
Айрылганы турабыз
Эч амалдын жогунан.
Бул бечара Кедейдин
Жүрөгүндөй жүрөк жок,
Телегейди тең санап
Тилегиндей тилек жок.
Түшүптүр торго чалынып,
Тирүү калса арман жок
Калбаса хандын каарына,
Пайдасы тийчү жан эле
Бакырлардын баарына.
Тап коет эле өлбөсө,
Залим хандын тагына.
Себепкер болор бекенсиң
Өзүңдөй эрдин канына?
Ушу сапар калкалап,
Куткарып берсең өлүмдөн,
Жакшылыгың тирүүдө
Кетпес эле көңүлдөн.
Акыл-эсин токтотуп,
Чыңай элек бу карып
Өзүн өзү ойлонуп
Сынай элек бу карып.
Эрдигине чыдабай
Келе жатат бу карып.

Белгилүү — эрден болмокчу.
Бересизби чыгарып?
Зарланабыз алдыңда
Сагырга[1] бооруң ачыса,
Биз садага, жаныңа!
Баш кошконбуз бешөөбүз
Ата-энесиз жетимче,
Көк болот эле бу кургур
Мизи курчуп жетилсе.
Оокат үчүн сен дагы,
Күн-түн орду сактайсың.
Күнүмдүктөн арттырып,
Эч береке таппайсың.
Чындап бооруң ооруса,
Чыгарып берип жолдош бол!
Бүгүндөн калса өлтүрөт,
Биз алабыз милдетин,
Чындыгына келе кол.
Өлтүрбөгүн, тирилткин,
Өзүңө түбү чоң пайда.
Өчүрбөстөн тамызгын,
Пайдасы жок түбүндө
Залимге кылган намыздын.
Биз тилейлик аманын
Ордон чыкса жалгыздын,
Ордон аман чыгарып,
Сыр алышып таанышкын.
Чын дүйнөлүк дос болуп,
Чыпалактан алышкын.
Мындай эрди кор кылба
Муңга бизди зар кылба.
Биригишип кол кармаш

---

[1] Сагыр — жетим.

Кул бололук алдыңда.
Кедей менен беш элек
Болобуз алты сиз менен.
Ор кайтарып жүргөнчө
Кол кармашкын биз менен.
Акыреттен жай табат
Адилдигин үзбөгөн.
Бүгүндөн калса бул өлөт,
Ырыскысы түгөнөт.
Карыганда энесин
Кайрылып барып ким көмөт?
Адам уулу өлбөсө,
Азып-тозуп күн көрөт.
Анттуу-шерттүү дос болуп
Кайтарганча ор сактап
Жүргүн, оокат кылалык,
Кол кармашып бир жүрүп.

«Менде катын-бала, жакын тууган, жакшы санаалаш киши жок. Минтип уйкудан калып, убара болуп ысыкка күйүп, суукка тоңуп, эки колумду боорума алып өмүрүмдү өткөрүп, душманымды багып жүргөнчө, Кедейди ордон чыгарып, ушулар менен кетейин» деген ойго келди кароолчу. Танапты салып ордон Кедейди чыгарды. Кедей жетим келер менен энесинин мойнун кучактап, энеси жана жолдоштору менен коштошту:

Мен өңдөнгөн жетимден
Беш алтыны бактыңыз.
Берсе кудай тилекти,
Бейишке кирип жаттыңыз.
Өөдө кылган сен элең
Өз баландай асырап.
Өлүмгө кетип баратам,
Өз элимден ажырап.

Жетилтип бактың жашымдан,
Нечен иш өттү башымдан.
Тилиңди албай, энеке,
Зыянкеч болдум жашымдан,
Залимдер кууду артыман.
Качамын хандын зарпынан.
Тирүү койбойт кармалсам,
Тентимек болдум калкыман.
Токтонбойт санаа, көңүлүм.
Элиме суук көрүндүм.
Эч бир айла табалбай
Энеке, сенден бөлүндүм.
Калкыма салдым көп чууну,
Ханы менен бек кууду.
Тың чыксам залим көралбай
Чыйрак чыкты деп кууду.
Төрт жолдошум, бир энем
Амандыгым тилеген.
Залим хандын заарынан
Ажыраштым силерден.

Барсам кайда батамын?
Башымды жутту чатагым,
Жакшы жолдош, жан энем,
Айрылганга капамын.

Түшчү болсом колуна,
Тирүү койбос Залимкан.
Мендей далай карыптын
Мойнуна чынжыр салынган.

Мен өңдөнгөн эченди
Караңгы орго салдырган.
Жетелетип далайдын
Желдетке башын алдырган.

Кедейдин тыңын Залимкан
Карадарга астырган.
Сөз кайрыган адамды,
Дубалга тирүү бастырган.

Хан менен беги кажады
Кор башы, байдын далайга
Өтөт го кыйын азабы.
Бирин-бири колдошот
Бузулган ишин оңдошот.

Уруксат бергин, кетейин
Убайым шорун кечейин.
Карып жанга күч келди,
Кагылайын энеке,
Качпаганда кантейин?!

Аталашпай алынган,
Жатындаштай жагынган.
Жетим кезде багыма
Жетелешип табылган,
Көрүнбөй калсам бирерде,
Көңүлү учуп сагынган.

Айланайын төрт жолдош
Качпасам жакшы иш болбос,
Качпасам чын өлөмүн,
Кош аман бол, кайыр кош!
Жамандык өтсө кечиргин,
Жашыбыздан көңүл дос!

Адалды жесек, бир жедик,
Арамды жесек, бир жедик.
Азган-тозгон жетимдер
Баш коштук эле иргелип,

Кош, аман бол, жолдоштор,
Санаа бурбай жүрөлүк!

Айланайын балам, деп,
Айткан жоксуң атыман.
Ажыраштым энеке,
Ар кимге тийген саатыман.
Жалдыратпай ар кимге,
Бактың эле жашыман.
Тилиңди албай, энеке,
Тетири жүрдүм башынан.
Тапшырайын, төрт жолдош.
Жакшылап баккын энемди.
Жай тапчу болсом бир жерден
Билемин кайта келерди.

Залимканга кор кылбай,
Алып кетем силерди.
Баккан энем, төрт жолдош,
Бешөөңөр тең аман бол!
Ажырашар күн — ушул
Алыска сапар бастым жол.
Айрылыштык амалсыз
Амандыкка бердим кол.

Энеси Гүлсаана: «— Балам, кош бол! Тилимди албадың. Өлөр убагымда таштап кетип баратасың. Мен болсом кудайдын салганын көрөрмүн. Сен кайда болсоң да аман болгун. Сага бир насыят айтайын, айланайын. Башта тилимди албасаң да, эми алгын. Хива деген шаар бар. Анын Азимкан деген ханы бар. Ак эшен деген эшени бар. Ал эшенди Азимканга кадырлуу киши деп уккамын. Балам, ошол эшенге кол берип, кудайга шүгүр айтып, жаман жүрбөй, жакшы жүргүн»,— деп кемпир бечара ботодой боздоп,

кулундай чыңырып, алы кетип жыгылып кала берди. Төрт жолдошу да ыйлап-сыктап калышты. Кедей так отуз күндө Хива шаарына чокою жыртылып, буттары шишип басалбай араң жетти. Көчүгү менен жылып-туруп, Ак эшендин мечитинин алдына жетип буркурап ыйлап олтурду:

Кагылайын, эшеним,
Кайдан табар экемин?
Качан көзгө көрүнөт
Караңгы жайлык жетегим?
Кабар алган киши жок,
Мен мусапыр карыптан.
Жакшы киши дечү эле,
Жакырларды жарыткан.
Адеп берип нечеңге
Акырет жолун таанытkан.
Кардым ачка, каруу жок
Кайрылбай өтөт карды ток.
Азирет эшен, сиз үчүн
Эт жүрөгүм кызыл чок.
Азирети эшенди
Көрөр күнүм бар бекен?
Басып өткөн изинен
Өбөр күнүм бар бекен?
Ажал жетсе, кол берип,
Өлөр күнүм бар бекен?
Басып издер бутум жок,
Шишип жаткан убагым.
Үстүмдө бүтүн киймим жок,
Үшүп жаткан убагым.
Чалчык суудан темселеп
Ичип жаткан убагым.

Эки бутум тең шишип,
Аксап жаткан убагым.

Эч адам алым сурабай
Садага жок, кайыр жок
Какшап жаткан убагым.

Мечитинде жатамын,
Жүзүн көрбөй өлөмбү
Азирет эшен атамдын?
Ак эшенге кол бербей,
Өлүп кетсем капамын.

Бу дүйнөдө жарыбас
Бир мусулман келбеди,
Муңдун баары мендеби?
Мен мусапыр карыптын
Көзүнүн жашы селдеди.

Асанга даарат албадым,
Ак селде башка чалбадым.
Кол берем деп ниэтимди
Ак эшенге арнадым.
Эшендин дайнын табалбай
Ээн талаада зарладым.

Эшенди издеп бар деген
Энемдин сөзүн сыйладым.
Тек жүр, деп акыл беришкен
Төрт жолдошту кыйбадым.
Эшендин дайнын табалбай
Эмгек тартып ыйладым.

Бир мусулман учурап
Алымды сурап келсечи.
Эшенге кабар берсечи,
Элинен азган карыпты
Эшеним келип көрсөчү.

Ак эшендин азанчысы Сакы сопу деген киши азан айтмакчы болуп мечиттин мунарасына чыгып баратып ыйлап жаткан Кедейди көрүп, эшенге жүгүрүп барды. «Таксырым, мечиттин алдында ачка, алсыз начар, кийимсиз жылаңач бирөө «эшениме кантип барамын, барсам кайдан издеп табамын» деп ыйлап жатат» — деди. Ак эшен «алыскы жерден мен үчүн келген кишинин алдына барбасам болбос» — деп, беш калпасын ээрчитип Кедейге келди. Кедей Ак эшен экенин билип, буркурап ыйлап, бутун кучактап элинин кайырсыздыгын ушактап сүйлөдү:

Ассалому алейкум,
Амансызбы, жан бабам?
Арманын айтса мен балаң:
Мен мусапыр бир Кедей
Муңун айтып зарланган.
Касиеттүү эшеним,
Карыптарды жалгаган.
Ач-арыктын атасы,
Алданын тийген батасы,
Ачылар бекен, жарыктык,
Мен мусапыр капасы?
Зыярат кылбай нетемин?
Азирет сизге кол берип,
Мурадыма жетемин,
Аптиек окуп, кат кылдың
Алданын сөзүн жат кылдың
Алдыңа келген адамды
Күнөөсүнөн сап кылдың.
Куран окуп, кат кылдың
Кудайдын сөзүн жат кылдың.
Кудай деген момунду
Күнөөсүнөн сап кылдың.

Куран окуп маани айттың
Куданын сөзүн даана айттың.
Чар китеп окуп, маани айттың.
Чалияр сөзүн даана айттың.
Түн терметип олтурдуң
Ичиңе нурду толтурдуң.
Касиетин барынан
Бер кудай деп кол сундуң.
Алты жүз экен калпаңыз.
Азганга тийген аркаңыз
Кудай сүйгөн кул элем,
Куруган күндө алкаңыз
Таң атканча «үү» деген
Дааратына суу деген
Өмүрүнчө тобо деп
Акыреттин камын жеп,
Калас болгон күнөөдөн
Кор кылба да, зар кылба
Кол куушурам, эшеним
Кызмат кылып алдыңда.
Колу узарган сиз менен
Кожо-молдо дамбылда
Кол тапшырам деп келдим,
Чачымдан көп күнөйөм
Кудайдын жакын кулусуң.
Азирет, сизден тилейин
Алданын сүйгөн жакыны,
Азиздигиң билейин,
Бир момундун уулумун
Бир куданын кулумун.
Убарам кыйын ушунча
Тилек кылып турумун.
Кокусунан колумду
Албасаң, эшен, курудум
Дааратыңа суу камдап,

Кумганыңды алайын.
Беш убак намаз окусаң
Жайнамазың салайын.
Таксыр, сизге кол берип
Жаман санаа, жашчылык
Пейлимден кайтайын.
Жаныңызда бир жүрүп
Берсеңиз теспе тартайын.
Кими адал, ким арам.
Таксыр, калпаларың байкайын.

Кедейге аң-таң калып, сөзүн угуп алып, көңүлү толуп, ыраазы болуп, сакалын тарап, Кедейди карап, арамдык кылбаймын, шарыяттан жылбаймын деп насам ичкин» — деп Кедейге эшендин айтканы:

Аллейкума ассалям,
«Алы начар экен»—деп
Алдына келдим мен — бабаң.
Эсенсиңби, карагым?
Сөзүн ук эшен бабаңдын.
Кол бергени келипсиң
Оңолду сенин талабың.
Жаш экенсиң мусапыр
Өз жайыңа карагын.
Кол берип анан бузулсаң
Каарына алат пир деген
Каргышына жолугат
Жакшы асырап жүрбөгөн.
Колу буту шал болот
Кожосун көзгө илбеген.

Кол берген киши көп болгон,
Чыдаган эрлер ток болгон,
Чыдамсыздар бузулуп,
Чын каргыштан жок болгон.

Каргыш менен Кедейим
Касам ичип каргангын.
Калп кара өзгөй сүйлөбөй
Калпалыкка арналгын.

Кусулдаарат аласың
Куданын жолун табасың.
Пайгамбардын үмөтү —
Башыңа селде чаласың.
Беш убак намаз окуйсуң
Бейиштен бурак токуйсуң
Периштелер дарс айтса
Бейнамаздан чочуйсуң.

Кожону көрсөң кол бергин,
Молдолордон жол көргүн.
— Эшеним,— десе эңилгин
Күнөйүңдөн жеңилгин.
Бирөө менен сүйлөшсөң
Мээри болот кебиңдин
Убаданы унутпа
Чын сөзүңдү дуруста.
Кол берген соң Кедейим
Бирөө менен урушпа.
Улуу киши жумшаса
Тартынбай бар жумушка.

Кедей карганып, эшенге зарланып, жакасын карманып ант берди:

Азирет эшен пирибиз,
Жуулду ички кирибиз.
Мынчалык издеп келген соң
Мухамбетке жарык динибиз.
Айтканыңдан жылбайын,

Арамдыкты кылбайын,
Азирет, сизге кол берип,
Ал жолуңда жыргайын.

Чыкпайын таксыр жолуңан.
Кутулуп, сизге келгемин,
Залимкандын торунан,
Астыңда туруп Ак эшен
Арылсам болду шорумдан.
Кол берип сизден бузулсам.
Кудай урсун кут урсун,
Байгамбар урсун, бата урсун,
Мынакей, ушул ант урсун!
Бирөөгө зыян кааласам,
Көкүрөгүм дарт урсун!

Эшеним, сиздей пир урсун,
Жаңылсам ушул жолуңан.
Жашатпасын,дин урсун.
Жаш башым тентип ар жерде
Мындан бетер кыдырсын.

Батаңды алып, кол берип,
Мурут атка коноюн.
Калп айтчу болсом бул сөздү
Кара эшегиң болоюн,
Касиетиң болбосо,
Кантип сага жолоюн!

Курсагым ачка, кийим жок,
Курдаштан көргөн сыйым жок
Жамандыкты көп көргөн
Бу күндө менден кыйын жок.

Кедей турат зар ыйлап
Кайта-кайта карганып
Кара жаш кетип көзүнөн
Кайгы менен зарланып
Колун алды Ак эшен
Куру сөзгө алданып.

Күүлөнүп эшен чакырды
Калпалар деп бакырды.
Калпалар келди каркылдап,
Дубаналар сопулар
Асалары шаркылдап.

Калпалары кагырап,
Дубаналар дабырап,
Ак урушуп күрсүлдөп
Мечиттин ичи дүбүрөп.
Эшен баштап жөнөдү
Мусапыр Кедей жүрсүн деп:
Казаначы, кан сопу
Намазынды бат оку.
Менин тилим ал, сопу.
Алып келгин Кедейге
Селде ороңчу ак топу.

Башына селде чалайын,
Жайнамазын салайын.
Кызмат кылып туруучу,
Нөкөр кылып алайын.
Деп, Ак эшен Кедейди
Даaратка колун тийгизип,
Таза кийим кийгизип,
Беш убакты намаздын
Белгилерин үйрөтүп,
Безилдетти Кедейди

Шарыяттан сүйлөтүп
Эки колу боорунда
Ак эшендин доорунда
Даарат менен Кедейдин
Тартса теспе колунда.
«Иллалда» деп олтурат
Байгамбардын жолунда.

Кусулдаарат колунда
Башына селде чалынат.
Кудайым деп жалынат,
Кол куушуруп эшендин
Кызматына камынат.
Түнүнкүсүн уйку жок,
Күндүзүндө тынчы жок,
Ак эшенге жагынат.

Кедей он күнү кызмат кылып турду. Анан оюна бир пикир алды да, бир сыр сурасам кандай жооп берер экен деп жалгыз отурганда эшенге барып мындай деди:

Айланайын эшеним,
Айтпаймын сөздүн бекерин.
Аз калды өлүп кетерим.
Ушул арман сөзүмдү
Таксыр, бүгүнкү күн чечериң.
Таксыр эшен жарыктык,
Чыгарсаң ички сырыңды,
Мен да айтамын чынымды.
Таппай турам, азирет
Сыр чыгарар ыгыңды.
Ат чабым жерде оолуң бар,
Оолу толгон коонуң бар.
Оюм менен билемин,
О дүйнөлүк сообуң бар.

Садагасы кетейин
Оодарылбас жолуң бар.
Ал оолуңдун ичинде
Алма, өрүгүң гүлдөгөн
Ичинде булбул үндөгөн.
Бейнамаз басып келбеген.
Сиздей болсо, жарыктык,
Азирети пир деген.
Касиеттүү пиримсиң
Карыпка сооп издеген
Кагылайын эшеним
Кардым тойду сиз менен.

Мечитиңе күнүгө
Бешимден киши жыйылган.
Бериштелүү эшеним
Пенденин баары сыйынган.
Карыптарга кайрыкер,
Бечарага боорукер,
Мен сураган сырыңды,
Азирет эшен айтып бер.
«Үф» деп жүргөн дубанаң
Үлкөн молдо уламаң.
Таң атканча чарк уруп,
Ак тилеген кудайдан.
«Ак» деп жүргөн дубанаң.
Алым молдо уламаң
Акыретти ойлонуп
Адалдан насип сураган
Касиеттүү эшен деп
Калкың кадыр кылабы?
Калк башкарган Азимкан —
Мартың кадыр кылабы?
Мартыңа кандай кадырың?
Жакырың Кедей сурады,

Эртели кеч кол берип
Элиң кадыр кылабы?
Эл башкарган Азимкан —
Бегиң кадыр кылабы?
Бегиңден көөнүң тынабы?
Бегиңе кандай кадырың,
Бечараң Кедей сурады.
Каныңа барбы кадырың?
Каныңдын айтчы сабырын
Сырдашпасам сиз менен
Таксыр, кетер эмес жабырым.
Бегиңе, кандай кадырың?
Бегиңдин айтчы сабырын.
Күчөп кетти, эшеним,
Менин кайгы жабырым.
Таксыр, мен сизден сурайын
Сырыңызды угайын.
Бул дүйнөнү жапжарык
Жаратыптыр кудайым.
Жашырбай айтсаң сырыңды
Ичимден чыксын убайым.

Эшен мактоону жакшы көргөн жоон өпкө киши экен, Кедейди карап, сакалын сылап, өзүнүн өзүн чыңап, ошондо анын айтканы:

Уккан-көргөн мусулман
Учурашып кол берет.
Сырымды алса сенчилеп
Зыяратка көп келет.

Муңуңду ачсаң, Кедейим,
Мусулманга мен керек.
Кадыр кылат ханыбыз,
Калк агарткан чагыбыз.

Кайгың чыгып ичиңен,
Ачылар Кедей багыңыз.
Ызаат кылат бегибиз
Үйүлүшүп күнүгө
Дуба алышат элибиз.

Эмне, Кедей, кемиңиз?
Кемчилигиң жоголуп,
Табылар, балам эбиңиз.
Хан кадыр кылбаса,
Калпасы мендей болобу?
Калпасы мендей болбосо
Калкынын көөнү толобу?
Бир куданын алдында
Калп-карөзгөй оңобу?

Беги кадыр кылбаса,
Эшен мендей болобу?
Эшени мендей болбосо
Элинин көөнү толобу?
Бир куданын алдында
Эки сөздүү оңобу?
Амандыгын тилеймин
Азим падыша төрөнүн.
Ардагымдай көрөмүн,
Аябай чындап сурасам,
Чымындай жандан бөлөгүн
Билип турам берерин.
Кол тапшырдың пирим деп
Табайын балам эбиңди.
Азимкан менен Ак эшен
Кадырлашпайт дедиңби?
Айтчы, Кедей сырыңды
Толтурайын кемиңди.

Кедей чакчарылып, санаасы тынып, эшендин сөзүнө ыраазы болуп, жашынан берки жамандык-жакшылыктарын эшенге айтат:

Азирети эшеним,
Айтпаймын сөздүн бекерин.
Арамдык сырым жашырсам
Ала болуп кетемин.
Үч жашымдан айрылдым
Ата менен энемден.
Жетимдиктин зарынан
Айбанга башым теңелген
Тоютум кандай ал кезде,
Токмок жедим көп элден.
Бир жесирде бала жок
Мен жетимде ага жок.
Ошол жесир бакпаса,
Тирүү калар чама жок.

Жакшылап бакты балам деп,
Айткан жок мага жаман кеп.
Сообуң тиер деп жүрдү
Чоңоюп алсаң аман деп.

Байдын малын уурдадым,
Малай жүрсөм турбадым.
Миң башы менен корбашы,
Колго тийсе, бурдадым,
Бир түп тиккен багым жок,
Бир жерге салган тамым жок.

Мекен курган шаарым жок
Никелеп алган жарым жок.
Аркамда калган туяк жок
Колго түшсөм сурак жок

Ошончону бүлдүрдүм
Качып чыктым кармарда
Залимкандын каарынан.
Тентип келдим, эшеним
Түркмендердин шаарынан.
Кабар алып угуңуз
Мен карыптын зарынан.
Сопу болдум кол берип,
Азирет, сенин барыңан

Айланайын азирет,
Ачылып сырым эми айтсам:
Алыстан даңкың эшитип
Кол бергени келатсам,
Башында бар селдеси,
Оозунда бар келмеси,
Сыртында бар канаты,
Боюнда кусул даараты.
Теспеси бар колунда
Китеби бар койнунда.
Жалдыратып көрүнөө
Жаналчу милдет мойнунда
Азирейил периште
Айбаты кыйын келиште
Айбаты менен жол тосуп
Алдымдан чыкты чак түштө.
— Келдиң, Кедей балам, —деп,
Чымындай жаның алам деп
Алда-таала кудайдын
Буйругуна барам деп.
Адамдын барын күйгүзүп
Бу жүрүшүң жаман деп.

Каршы чыгып жолуман,
Кармап алды колуман.

Аман калдым аз күндүк
Ажалымын жогунан.
Канаттуу, каарлуу түрүнөн
Кара жандан түңүлөм,
Калтырап алым калбады
Кайраты менен сүрүнөн.

Өлүүгө жанды кыйбадым,
— Аз күндүк тирүү койгун,— деп
Периштеге ыйладым,
Мен өңдүү эчен карыптын
Бир канчасын сыйладың
Эшенге кол берейин
Аз күндүк өмүр тилейин.

Сабыр кылгын азирет
Чачымдан көп күнөйүм.
Мен эшенге кол берип,
Анан кийин өлөйүн.
Албасаң да, азирет
Алгын деп өзүм келейин
Деп тиленсем периште
Он үч күн берди убада.
Кол тапшырып өлүүгө
Разы болдум буга да.

Он күн турдум сиз менен
Тааныштыңыз биз менен
Үч күндүк калды өмүрүм
Ачылып кетсин көңүлүм

Кадыр кылса ханыңыз
Ханыңызга барыңыз.
Кадыр билги, эшеним,
Калбасын кайгы зарыбыз

Ызат кылса бегиңиз,
Ылайык болсо кебиңиз,
Бегиңиздин үч күндүк
Тактысын алып бериңиз.

Кимдин, кимдин заманы,
Кедейкандын заманы
Кетсин ичтен арылып,
Кемчиликтин жаманы.
Кедейкан болсун бир атым
Ушуну сизден сурадым
Баркымды билсе Азимкан
Алып берер убагың

Үч күндүк өмүр ичинде,
Такты үстүнө минейин.
Тагдыр жетсе, эшеним,
Кыямат көздөй жөнөйүн.

Дооранымы кылыңыз,
Жаназага туруңуз.
Бир атагым калса деп
Жалдырайт кедей уулуңуз.
Үч күндүк өмүр ичинде
Арылып кетсин муңубуз.

Кедейдин түрүнөн эшен чочуп кетти. Кече эле өлөрүн санап араң келген Кедей, бүгүн хан болом деген эмнеси? Мунун көңүлүн калтыра тилдеп коюн деди.

Эл куруткан, куу Кедей,
Секиргиң келет бүргөдөй.
Арам өскөн экенсиң
Адал иштеп, нан жебей.
Ырысы жок, куу Кедей
Ыргыгың келет бүргөдөй

Кежир өскөн экенсиң
Кетмен чаап, нан жебей.
Калпалык атак жаманбы?
Хандыкка бурдуң санааңды.
Кантип сүйөт Азимкан
Калк куруткан арамды?

Сопулук атак жаманбы?
Бузасың, буруп санааңды.
Кууратып келсең тыяктан
Куда-сөөк, тагаңды
Кантип берсин Азимкан
Каракчыга тактысын,
Алдатабы Азимкан,
Арам куу, сага бактысын?

Адам акын көп жесең,
Канга сурак бербесең.
Кармалып өлөр күнүңдө
Качып келдиң мында сен.

Ууру болсоң тыякта
Хан болгуң келет быякта.
Каракчы, сени хан кылсам
Каламын го уятка?
Калп-караөзгөй сүйлөбөй
Капалык менен жан сакта.

Урууга тагың бергин деп
Азимге кантип барамын.
Ушул жерде билинди
Ууру Кедей арамың.
Ишиңден байкап олтурсам
Ичиңде жок адалың.

Барсам да бербейт Азимкан
Калк куруткан сен кууга.
Көрүнгөндү күйгүзүп
Качып жүрсөң суу-сууда.
Көпчүлүктүн баарысын
Салып жүрсөң уу-чууга.

Качып келип куу, Кедей
Касам ичип кол бердиң
Карып го деп ойлонуп,
Калпалыкка жол бердим.
Хан кыл мени эшен деп,
Кармадыбы куу белгиң?

Кедей эшендин сөзүн угуп, ойлонуп туруп, ханга кадырлуумун, бекке ызааттуумун, элге ынамдуумун, Азимкан чымындай жандан бөлөгүн менден аябайт дебеди беле, ошолорун кайра бир айтып көрөйүн деди:

Калкым кадыр кылат деп
Калк башкарган Азимкан
Мартым кадыр кылат деп
Ханымдан көөнүм тынат деп
Карыпка жана мактандың
Кайта неге сактандың?
Эшендигиң чын болсо
Бир уятка капталдың.
Элим кадыр кылат деп
Эл башкарган Азимкан
Бегим кадыр кылат деп,
Бегимден көөнүм тынат деп
Кедейге жана мактандың
Кезексиз эшен сактандың.
Эшендигиң чын болсо,

Бир уятка капталдың
Элимде калпы бар десем,
Эшени калп турбайбы?
Эшени баштап калп айтса,
Элин кудай урбайбы?
Эл агарткан Ак эшен
Өзүн-өзү булгайбы?
Калкында калпы бар десем
Калпасы калп турбайбы
Калпасы баштап калп айтса
Калкын кудай урбайбы?
Касиеттүү Ак эшен
Өзүн-өзү булгайбы?
Калп сөзүңдү эшеним,
Калпалар менен ылгайлы.
Жаратканды алдында
Жалганчы эшен экенсиң,
Жадигер дуба окуган
Алдамчы эшен экенсиң
Жараткан акка бир күнү
Жазыктуу болор бекенсиң?
Бир кудайдын алдында
Жалганчы эшен экенсиң.
Бир сөзүңдү эки айткан
Алдамчы эшен экенсиң.
Бул мүнөзүң барында
Мүдүрүлөр бекенсиң?
Хан болсом да өлөмүн
Болбосом да өлөмүн
Калп болсоң да эшеним
Жанымдан жакшы көрөмүн.

Ак эшен уят болуп, ичине кайгы толуп, Кедейге мактанып коюп, уятынан кантип кутуларын билалбай ойлонуп турду да, башына селдесин чалып, мойнуна теспесин салып, колуна асасын алып, өтө мактанып

койгон экемин деп, өзүнө өзү наалып, Кедейди «жүргүн, Азимканга алып барайын. Берсе тагын алып берейин, бербесе экинчи уят болуп кайра келейин» — деди. Кедей аны ээрчип, Азимкандын ордосуна келишти. Кырк жигиттин бирин чакырып, дарбазаны ач деп эшендин суранып турган жери:

Кызматкерлер, сакчылар,
Хан ордосун бакчылар.
Белине канжар такчулар,
Ханга каршы душмандын
Башын кыя чапчулар.
Хан эшегин күзөткөн,
Ийрини тез түзөткөн,
Ишим бар, балдар Азимде
Ан үчүн түндөп келдим мен.
Сен, кырк жигит, мен эшен
Азимканга кеңешем.
Ачкыла, балдар эшикти
Кандай адам дебестен.
Дарбазаны ачкын, карагым
Азимканга барамын.
Азимкан менен силерге
Ичимде жок арамым.

Билесиңер, кырк жигит,
Мурунтан менин баркымды.
Азимканга бет болуп,
Айтып чыгам дартымды—
Деп, Ак эшен бакырды.
Кырылгыр деп чакырды.
Ачууланып Ак эшен,
Дарбазага асылды.

Кырк жигит коркуп шашышып,
Коркконунан чыдабай,

Securing
Кополдору качышып,
Зыярат кылды эшенге
Дарбазаны ачышып.
Азирет эшен бабабыз
Кол куушуруп турабыз.
Бизде болсо жумушуң
Бир башынан сураңыз.

Ак эшен, сизге жүгүнүп,
Тобо таасыр кылабыз.
Азирет эшен сиз менен
Көрүшчү элек жыл алыс.
Касиетиң байкасам,
Мусулманга күйгөн шам.
Аз күнүнө кол берип,
Батаңды алган миң адам.
Шашып салам бердиңиз,
Түз эмес сиздин белгиңиз.
Мындан мурун келбеген
Не жумушка келдиңиз?
Биз кызматкер ханыңа,
Каргасаң калдык каарыңа,
Бир душманды ээрчитип
Келипсиң таксыр, жаныңа.

Бул кайдагы арамы?
Бузат го түбү араны.
Түбү бузук көрүнөт,
Тийбесин мунун залалы.

Биз кырк жигит кызматчы,
Мындай душман көрүнсө,
Кылыч менен бир чапчу.
Башка боор адамды
Башпактырбай узатчу.

Кызыр эшен пирибиз
Биз кызматчы иниңиз
Мунуңду кармап калалы
Өзүңүз жалгыз кириңиз.

Ак эшен ойлонду. «Бу Кедейди атайын ээрчитип келип, Азимканды бир көрсөтүп чыкпасам, экинчи уят болбоймбу» деди.

Ай кырк жигит карагым,
Сөзүн ук эшен абаңын.
Азимкандын алдына
Кишим менен барамын.
Азыр ушул кедейдин
Көрө элекмин залалын.
Силер кайдан билдиңер
Бу кедейдин арамын?
Көрүп-билип бир өскөн
Кайсыңар эле тааныган?
Калпалыкка кол берип,
Тааныш болду жаңыдан.
Каныкмын айткан сөзүнө
Касам ичип карганып,
Калпа болду өзүмө.
Бир көрсөтүп чыгамын
Азимкандын көзүнө.
Бул ойлонсо залалды,
Мен тилеймин адалды.
Бир кудай өзү билет го
Баарыбыз тең караңгы.
Акка кара иштесе,
Ал өзү көрөт залалды.
Башымда көптүн милдети
Баарына дуба кыламын.
Байкачы сөздү, чырагым,
Азимканга сүйлөшүп
Азыр кайта чыгамын.

Кырк жигит руксат берди. Эшен Кедейди ээрчитип Азимкандын үстүнө кирди. Азимкан тагынан ыргып түшүп, салам айтып, эки колун бооруна алып, Ак эшенге карап төмөнкүнү айтты:

Ассалом алейкум,
Айланайын Ак эшен!
Алдыма келдиң селдечен,
Кыйыгыңа каламын,
Айтканыңа кирбесем,
Өлтүрөм десең, мен мына,
Сураймын десең, эл мына.
Кийсең, тажы, чен мына.
Өмүрүңчө келбеген
Таксыр не жумушка келдиңиз?
Сыймык мына, бак мына,
Минсең, алтын так мына.
Өмүрүңчө келбеген
Не келдиң, таксыр, астыма?
Коркомун келген жөнүңдөн,
Кайгымды чыгар көңүлдөн.
Кайдан келген бул кишиң
Санаасы эки бөлүнгөн?
Кабары жок өлүмдөн,
Оттой күйүп жүрөгү
Орою суук көрүнгөн.
Биздин элдин уулу эмес
Оңолуучу куу эмес.
Атам эшен жарыктык,
Кылар ишиң бул эмес.
Кайдан келген бу наадан
Үмүтү жок кудайдан?
Азирети эшеним,
Ушу беле убадаң?
Чыгара тургун мунуңду,

Каргашалуу зулумду.
Карып кылып жүрбөгүн
Астыңда Азим уулуңду.
Жашырбастан чыныңды
Жалгыз айт, таксыр, сырыңды.

Барсам, өзүм барчу элем,
Барганда бата алчу элем.
Барган сайын, эшеним
Кеңешими салчу элем,
Ар жумада астыңа
Зыярат кылып турчу элем.
Пирим эшен колдойт деп
Өз ичимден тынчу элем,
Тазасы сен эшеним,
Адамзат пендеден.
Өмүрүңдүн ичинде
Так үстүмө келбеген.
Чыгара тур ушуну.
Чын арамза кишини.
Чыдабайт менин көңүлүм
Жалгыз бүтүр ишиңди.

Азимкандын сөзүн угуп, эшен чочуду. Чочуганы менен өз намызын ойлоп, «бу Кедей менин кадырымды көрсүн жана элине да, ханына да кадырлуу, касиеттүү киши экен деп ойлосун» деди:

Алейкума ассалам!
Алдыңа келди мен бабаң.
Бир кудайдын буйругу
Мени, сен жалгаган.
Алдыңа келдим, саламга
Амансыңбы, жан балам?
Уят болдум ушуга.
Ушу турган кишиме,

Урмат кылат деп келдим,
Балам, бир жарагын ишиме.
Абийирим кетти ушуга,
Аркамда турган кишиге,
Атайын келдим Азимкан,
Аныктап жара ишиме.
Балам, бир ишиңди кааладым,
Сөзүн ук эшен абаңын.
Мен билбеймин, Азимкан,
Сен билдиңби арамын?
Качып келген мусапыр
Залимкандын каарынан.
Хан каарына калган соң
Тентибейби шаарынан.
Кабар алдым, Азимкан,
Бул Кедейдин зарынан.
Кол берем деп келатса,
Кудайдын кабар элчиси,
Жан алмакка келчүсү
Азирейил периште
Каары кыйын келиште:
— Келдиң кедей балам,— деп
Чымындай жаның алам деп
Алда-таала кудайым
Дар көйүнө барам деп.
Көрүнгөндү күйгүзүп
Бу жүрүшүң жаман деп
Ала турган болгондо
Азирет деп жалынып,
Айласы кетип зарылып,
Периштенин алдына
Кол куушурган табынып.
Ак эшенге кол берип,
Анан кийин өлсөм деп,
Кол берүүгө кайгы жеп

Ал periште азизге
Убадасын берген бек.
Уруксат берген периште:
— Колуңду бергин, балам,— деп
Он үч күндө барам деп
Ошондо жаның алам деп.
Кутулуш жок өлүмдөн
Кайдан да болсо табам деп
Кызмат кылды он күнү,
Кыбырабай кашыма.
Үч күндө келер өлүм деп
Кайгысы түштү башына.
— Кадыр кылса ханың,— дейт
Ханыңызга барың дейт.
Үч күндүк калган өмүргө
Сурап бергин тагын дейт.

Так үстүнөн өлсөм дейт
Үч күндүк өмүр ичинде
Падыша болуп көрсөм дейт
Ак кепинден аруу жууп,
Азирет эшен, көмсөң дейт
Кимдин кимдин заманы,
Кедейкандын заманы.
Атагым калса артта дейт
Айланайын ак эшен
Кадырыңды салып көр
Азимкан падыша мартка дейт.
Балам Азим, ушуга
Мактадым эле сыртыңдан.
Уятыма чыдабай,
Эки бетим жыртылган.

Кадыр салып сурадым,
Азим балам, тагыңды.

Алты атандан бер жакка
Ачкан кудай багыңды.
Бир уяттан куткарып
Тынчыткын, балам жанымды.
Жаназага турасың
Дооранын өзүң кыласың.
Өлө электе бу Кедей,
Балам, баркыбызды сынасын.

Бул сөздү уккандан кийин, Кедейдин түрүнөн чочуп, жүрөгү копшуп, эшенди карап Азимкандын айткан жери:

Айланайын эшеним,
Айттыңыз сөздүн бекерин
Алдамчыга так берсем
Билемин алдап кетерин.
Алтын тактан айрылсам,
Кайра кантип жетемин?
Кагылайын эшеним
Кааладың иштин бекерин.
Каракчыга так берсем,
Билемин алдап кетерин.
Күнүмдүккө кордук иш,
Күмөндөр кайта жетерим.
Бербеймин, эшен бербеймин
Бетпактын жүзүн көрбөймүн.
Бектигимен айрылып,
Бечара болуп өлбөймүн.
Каракчың жүзүн көрбөймүн,
Хандыгыман айрылып,
Карып болуп өлбөймүн.
Бүгүн минсе тагыма,
Каргаша кылат багыма.
Так бермек турмак кесипти
Жолотпоймун жаныма.

16—2209

Тагыма кедей минген соң
Казана оозун ачпайбы
Карк алтыным чачпайбы.
Кандык доорум кеткен соң
Касиетим качпайбы?
Көк сандык оозун ачпайбы,
Күмүшүмдү чачпайбы
Алтын тактан айрылсам
Көрүнөө бактым качпайбы?
Калк куруткан куу болсо
Эпчилдиги бу болсо,
Жүзү кара Кедейдин
Жүргөн жери чуу болсо
Кантип берем тагымды,
Качырбайбы багымды?
Кайдан алып келдиңиз
Бир кара нээт залымды

Хандын айтканына Ак эшен капа болуп, Кедейге экинчи уят болбосом экен, эми Азимканга сөзүм өтпөй калса, тирүү жүрүп пайдасы жок деген пикирди ойлонду. Эмнеси болсо да кайтарып бир айтып көрөйүнчү деп айтып олтурган жери:

Андай эмес, карагым,
Сөзүн уккун абаңын!
Уят болбой Азимкан,
Орундалсын талабым.
Кырк вазир, кырк жигит
Кырк желдетиң дагы бар.
Алты атасы хан өткөн
Сен азаматтын багы бар.
Он эки шаар элиң бар
Опол тоодой демиң бар.
Ойлоп көрчү, карагым,
Кай жериңде кемиң бар

Уят кылбай Кедейге
Урмат кылар эбиң бар.
Он эки шаар калкың бар
Казанаң толгон алтын бар.
Кайгырасың, карагым
Каериңде дартың бар?

Кашында Эшен абаңдын,
Балам, капасын жазар шартың бар.
Качып жүргөн бир Кедей
Кантип бузат элиңди?
Карыганча эшениң
Ушуну билбейт дедиңби?

Абаң бар, Кедей алдаса.
Убададан тайгылса.
Ал өзүнө кылган каргаша
Кол-бутунан айрылат,
Кожонун тилин албаса.

Каргасам кара таш кылам,
Жолун бууймун астынан.
Колу, бутун шал кылып
Боору менен бастырам.

Колу, бутун шал кылам,
Эки көзүн көр кылам.
Кулагын укпас кер кылам,
Кудайдан тилеп кем кылам.

Атама атаң кол берген,
Алда сүйүп жол берген.
Абалтан бери атабыз
Кол кармашып бир келген.

Алты атабыз колдошкон,
Акырет жайды болжошкон,
Айрылдыкпы экөөбүз
Атабыздай болбостон?
Кадырлашып бирге өскөн,
Адалды жесе бир жешкен.
Ажыраштык экөөбүз
Атанын жолун билбестен.

Азимкан балам, тагыңдын
Үч күндүк күчүн бербедиң.
Канчалык кадыр салсам да
Киши ордуна көрбөдүң.
Кош, Азимкан, аман бол
Ушудур мени көргөнүң.
Ушулдур мени көмгөнүң.
Балам, сен баркымды билбедиң
Тирүү да болсом өлгөнүм!..

Азимкандын айласы кетти. «Алты ата, жети бабадан бери колдошуп, сыйлашып келе жаткан эшен мени кайдан алдап кетсин жана эшеним айткандай, бир Кедей кантип урууулу элдин баарын үч күндүн ичинде өзүнө каратып ала койсун» — деп ойлоду. «Эгерде алдаймын десе жерге кагып жибербейминби. Андан көрө эшен менен убаданы бек кылып, тагымды берип турайын» деди.

Ишенип, келсең мен үчүн,
Мен бердим, таксыр сен үчүн.
Кедейдин нээти бузулса
Көзүңдү салгын мен үчүн.
Кадырыңды кыйбадым,
Капа кылбай сыйладым.
Таксыр кандай болот бул ишим?
Кадырыңды калтырбай

Бер дедиң, таксыр берейин
Убадасын бек кылсын
Бети кара Кедейиң!
Хандыгымды алууга
Кайсы күнү келейин?
Адашсам таксыр айбат бер,
Капа болсом кайрат бер!
Кандайча шумдук иш болду.
Хандыгым калды күмөндөр?
Таарындың, эшен, жан кыйнап,
Тагымды бердим мен сыйлап.
Алдаса Кедей алдамчың
Алдыңа барам мен ыйлап.
Көңүлүң болсун чак деди,
Сеники болду так деди.
Тилегиң болду, Кедейим
Тактыга чыккын бат деди.
Андай Кедей болбоду,
Болбой мойнун толгоду.
Алтын-тактын үстүнө
Тажысын кошо болжоду.
— Тактысын жалгыз минбеймин
Башынан сырын билбеймин.
Башыма кийген тажы жок,
Тамаша болуп жүрбөймүн.

Тактысынын үстүнө
Тажысын берди башынан.
Тажы менен шып этип
Сыймыгы учту кашынан.
Такты берди, минбеймин,
Тажы берди, кийбеймин.
Ийнимде хандык тонум жок,
Тамаша болуп жүрбөймүн.
Тажы, тагы курусун,

Тонун кошуп бербесе,
Таазим кылып турсун деп
Элин кошуп бербесе,
Тажы, такты, алтын тон
Баары ылайык келбесе.
Тонун да чечти ийнинен,
Айрылды хандык кийиминен.
Азимкан чыкты муңайып
Ак эшендин кийнинен.

Кедейкан такка минди, тажысын кийип, тонун жамынып, хандыкка камынып, кайрат менен чамынып, кырк вазирди чакырып, хандык кабарын айтты:

Кырк вазир кайдасың?
Кырылгыр кайсы жайдасың?
Кыюусу менен таптымбы
Азимкандын айласын?
Кырк вазир, келгиле,
Кыраандыгын билгиле,
Жар чакырган шаарыма
Билгизгин элдин баарына,
Эмдигиче келбейсиң,
Эңилип салам бербейсиң!

Кырк вазир келишти,
Ханга салам беришти:
— Кут босун алтын тагыңыз.
Ачылган сиздин багыңыз.
Кол куушуруп алдыңа
Саламга келген чагыбыз.
Хан болду кара башыңыз,
Узун өмүр жашыңыз.
Катууланып чакырдың,
Таксыр хан, неге келди ачууңуз.

Кыйкырыгың угулуп,
Кырк вазир дедиңиз.
Таалайлуу таксыр Кедейкан,
Таберик сиздин кебиңиз.

Ачылсын ички сырыңыз,
Алдыңа келип турубуз.
Таксыр Кедейканыбыз
Ачууңуз келсе уруңуз.
Жазып койсок, таксыр хан
Кыркыбызды кырыңыз.
Ачууңуз токтолсун,
Жазыгыбыз жок болсун.
Буюрсаң кызмат кылалы,
Кылчайып эшикке чыгалы
Таксыр Кедейканыбыз,
Кызматыңда турабыз.

Кедейкан кырк вазирге сүр көрсөтүп, ушу баштан сезин алып коюуну ойлоду. Мен ушул элден эмесмин, аз күн болсо да Кедейкандын заманы дегидей кылып хандыгымды катуулук менен ишке ашырсам болду. Жумшак сөз, көңүлчөктүк азыр жарабайт деди:

Кырка турган кырк вазир,
Кырылгыр, сөзүм ак азыр.
Сурасаңар пикирди,
Толуп жатат менде сыр.
Кылычыңды тагынып,
Кызматыңа жабылып.
Алды-алдыңан чамынып,
Кыркың кырк ат мингиле,
Кырк көчөдөн киргиле!
«Кедейкандын заманы!»
Жар чакырып жүргүлө.

Кабарымды эл уксун.
Эл сураган бек уксун,
Бу кедейкан жок эле
Кайдан келди деп уксун.
Калк эскирткен кары уксун,
Хандыгымды айткыла,
Катын менен бала уксун.
Элүү башы, он башы
Эл бийлеген корбашы
Карыпка кара санабай
Жетимдин малын талабай,
Садага кайыр берүүчү
Эл ичинде кээ жакшы
Эч бир укпай калбасын.
«Таксыр, сөзүң акыл деп».
«Хандыгың болду макул» — деп,
Кырк вазир чыгышты.
Тагыныштты кылычты.
Кыркы кырк ат миништи
Кырк көчөдөн киришти.
Кедейкандын хандыгын
Жар чакырып жүрүштү.
— Кимдин-кимдин заманы?
Кедейкандын заманы.
Алтын тагын алдырып,
Азимдин өчтү жамалы.
Калайыкка угулду,
Кедейкандын амалы.
Калктын баары таң калды,
Жакаларын карманды.
Же вазирлер Кедей деп,
Аткан сөзү жалганбы?
Же болбосо Азимкан
Чын эле түшүп калганбы?
Эсепчи мурда келбесе,

Эч кимге кабар бербесе,
Дайны жок Кедейдин
Хан болушу эмнеси?
Эл чогултуп шайлабай,
Эрдикке жеткен ким болду?
Деп сурашып, калың эл
Ушак кылып тим болду.
Кедейкандын хандыгы
Уруулуу элге дүң болду.
Калк чогултуп шайлабай
Хандыкка жеткен ким болду?—
Деп сүйлөшүп, калың эл
Кары, жашы тим болду
Кедейкандын хандыгы
Жар чакырып дүң болду.

Кедейкан кырк жигитти чакырып алып, буйрук берип турган жери:

Кырк жигитим, жигитим,
Кырк борум сенин келбетиң.
Буйрук кылам, бүтүргүн
Мойнуңдагы милдетиң.
Он эки шаар калаанын
Адамы укпай калбасын,
Алыстагы адамдар
Кабар укпай калбасын.
Бада баккан, мал баккан
Эгин айдап, дан тапкан
Элим укпай калбасын.
Алыскылар кабарсыз
Кебимди укпай калбасын.
Мата саткан дүкөнчү
Басып жүргөн бекерчи,
Кош айдаган эгинчи,
Камчы жүгөн өрүмү

Карала болуп көмүрчү,
Карсылдаткан темирчи,
Күмүш чапкан зергерчи,
Бозо саткан кергерчи,
Кийик аткан мергенчи,
Капкан салган түлкүчү,
Калдаңдаткан бүркүтчү.
Кызыл, жашыл, көк кылып
Борумдаган боекчу.
Ырчы, чоорчу, кыякчы
Куш таптаган мүнүшкөр,
Ат байлаган саяпкер
Ар өнөрдөн талапкер
Ушулардын баарына,
Кырк желдетим, кабар бер
Кимиси туура, ким арам,
Эл арасын биле кел.
Букаранын пайдасын
Ойлонбойсуң эмгиче,
Кырк көчөдөн киргиле
Элүү башы, он башы
Эл бийлеген корбашы
Эсебин тапчу көп жакшы
Эл эскиртип нарк билген
Карыҥ билбей келгин де.
Эркек, аял — кары, жаш
Баарың калбай келгин де.
Алтымышта карыганы
Алты жашар балдары,
Эртеңки күндө келбесе
Ичинде калат арманы.
Чакырып алат ханың де
Чак болгун эртең барың де.
Хан чакырса, барбасаң,
Тирүү калбайт жаның де.

Казанага сатылат
Жер сууң менен малың де!
Жардык айтсам баарыңа
Көзүмдү салып көрөйүн
Көпчүлүктүн зарына.
Кудай сүйүп чакырды
Азимкандын тагына.
Такыр жыйгын калтырбай
Таанышайын эл менен.
Чоочун элем, кырк жигит
Мындан мурда келбеген.
Калтырбай жыйгын баарысын.
Жашы менен карысын
Алтын тактан айрылган
Азимкан ойлор намызын.
Калың эл менен кырк жигит
Ким экеним таанысын.
— Таксыр хан, сөзүң акыл — деп,
Айтканыңыз макул — деп.
Жумшадыңыз, таксыр хан,
Элдин баарын чакыр — деп,
Кырка турат кырк жигит
Эки колу боорунда.
Кызматка көнгөн башынан
Азимкандын доорунда.
Угуп алып далай кеп:
— Улуксатпы, таксыр? — деп
Хан алдында кырк жигит
Ар кимиси өзү бек.
Жалмаңдатып кылычты,
Жабылыша чыгышты.
Көп кечикпей эртелеп
Бүтүрүүгө жумушту.
Кыркы кырк ат минишип,
Кырк көчөдөн киришип

Жар чакыра баштады,
Эл иретин билишип,
Чакырып атат жаңы хан
Каары кыйын абыдан.
Эч бир адам жок экен
Эл ичинде тааныган.
Эшен, молдо, улама.
Эңтеңдеген дубана.
Эки этегин түрүнүп
Ар кимден кайыр сурама.
Катын, эркек карыңар
Кары, жашың — баарыңар,
Чакырып жатат ханыңар.
Хан чакырса, барбасаң,
Тирүү калбайт жаныңар!
Казы, мупту, сарбаздар[1],
Жүз башы, бийлер жүргүлө
Алганы жок жесирлер
Атасы жок жетимдер
Көп кечикпей бачым кел!
Эринип барбай койгонуң
Эртең чыгат ойронуң
Каары кыйын хан экен,
Калың журтум ойлогун!

Эртеси таң ата алты жаштан жогоркулары бүт чогулуп, кылкылдаган көпчүлүккө көз жетпей калды. Кедейкан тажысын кийип, тонун жамынып, вазирлерин, кырк жигитин алып, чогулган элге чыга келди. Элдин ортосунда туруп, көпчүлүк элге учурашып, Кедейкандын айткан сөзү:

Ассалоом алейкум,
Элим, аман барсыңбы?

[1] Сарбаз — аскер башчы.

Элүү башы, он башы
Бегим аман барсыңбы?
Эл бийлеген корбашы
Жакшың аман барсыңбы?!
Эл ичинде дубана
Бакшың аман барсыңбы?!
Амандыгын сураймын
Бириң эмес барыңын,
Жашың менен карыңын.
Жүзүн көрүп таанып ал
Мен өңдөгөн ханыңын.
Кедей элем алым жок,
Кериде жаткан малым жок
Эли журтум, эсенби?
Силер барда көөнүм ток.
Карып элем алым жок,
Капталда жаткан малым жок
Калың эл, сенин барыңда
Хандыгымдан көөнүм ток.
Кече түшкөн Азимкан
Салыгын кандай салчу эле?
Алымын кандай алчу эле?
Чыгымын кандай бөлчү эле?
Киминди жаман көрчү эле?
Киминe тике турчу эле,
Жигити кимди урчу эле?
Хандыгын кандай кылчу эле?
Кечеги түшкөн Азимкан
Киминерге тынч эле?
Жакшы турса, Азимдин
Жолу менен барайын.
Жаман болсо, бир жолу
Ишимди бөлүп алайын.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Элим, мен боломун таалайың.

Элинин сүйлөөктөрү, сүрдүү көсөмдөрү ылганып басып келип, ханга салам берип, сөзүнө жооп айтып турган жери:

Ассалоом алейкум,
Куттуу болсун тагыңыз!
Ачылган сиздин багыңыз,
Кол куушуруп, таксыр хан,
Саламга келген чагыбыз.
Букара калың элиңиз,
Таберик сиздин кебиңиз
Кырк жигиттен чакыртып,
Таанышайын дедиңиз.
Кабыл болду мурадың
Бизге келип хан болуп
Тажы кийген убагың.

Азимкандын ал жайын
Көпчүлүктөн сурадың.
Азим падыша ханыбыз
Казынанын пулу деп
Кырк вазир, кырк желдет
Кызматтагы тууру деп
Ай башында алты сом,
Алымдарын болжосоң,
Азимкандын тушунда
Көп албаган ошондон.
Жаңырганда ар бир ай
Он сегиз сом алучу.
Алганынын бары ушу
Андан башка бар тапкан
Өзүбүздө калуучу.

Кедейкан көпчүлүккө карап, көңүлүнүн кири тарап, элдин пикирин улап, көпчүлүктү сынап, айтып турган жери:

Азимкан эски ханыңар
Мактайсыңар барыңар.
Арам ойлор жүрүптүр
Түз эмес экен араңар.
Азимканга кетүүчү
Адалдан тапкан малыңар
Азырак ханың белгисин
Айтайын, угуп алыңар.
Бети кара Азимкан
Кантип чыдап салды экен?
Кай бети менен алды экен?
Айына он сегиз сом бүт төлөп,
Элим, не оокатың калды экен?
Айда он сегиз сом пул алып,
Ойдо жок күндө суралып
Жүзүңдү кантип көрдү экен?
Күндө чыгым салдырып
Агар алтын, ак күмүш
Ай башына алдырып,
Элим, эки көзүң чөлдө экен!
Мен силерден, калың эл,
Алмак тургай беремин,
Силерге тийсин керегим.
Эртең эрте келгиле
Эрдигимди көргүлө!
Он сегиз кабат казанам
Ортосунан бөлгүлө
Оймо тазга он теңге
Берарман тазга беш теңге,
Кыйык тазга кырк теңге
Казынамдан, калың эл,
Алынбай калбайт эчтеме.
Бир үйдө жалгыз бүлөгө
Үймөлөнгөн бир табак
Беш бүлөгө — беш кадак.

Берейин деген пейлим ак.
Кырк вазир, кырк жигит
Бөлүп алсын кырк табак.
Мындан кийин жоголсун
Азимканды мактамак
Баары бирдей тең болсун
Бул пикирди сактамак.

Жакшылары үйүлүп, жардылары сүйүнүп, нары-бери түртүштү. Элдин баары дүбүрөп, экиден-үчтөн күбүрөп, таң калышып турган жери:

Ким көрүптүр мындайды,
Жанагы сөзү чындайбы?
Жалган эмес, чын болсо,
Дүнүйөгө жыргайлы,
Айткан сөзү төрөлүк,
Асандан келип көрөлүк.
Агар алтын, ак күмүш
Таразалап бөлөлүк.
Анык падыша турбайбы,
Асандан келип жыргайлы,
Алты ата, жети бабабыз,
Көргөн эмес мындайды.
Эбин таап эл алган
Эр Кедейкан турбайбы!
Эрте келип курдайлы[1]
Жети атабыз башынан
Көргөн эмес мындайды
Бети кара Азимкан
Өлөрүнө көрүнүп,
Нээти бизден бөлүнүп,
Ай сайын салык салыптыр
Алтын, күмүш алыптыр.

[1] Курдайлы — шаттаналы.

Эч адамга билгизбей
Ан үчүн түшүп калыптыр.
Азимканды ушактап
Аркасынан тузактап
Ар кимиси аныгын
Билине албай кылчактап.
Ушу сөзү чын болсо,
Бай болобуз баарыбыз.
Көбөйөт го малыбыз
Жашарат го карыбыз.

Таң атты. Кедейкан ордунан туруп, убадасы боюнча, казынасын калкка таратып бердирип, элге айтып турганы:

Алтын, күмүш алгандар,
Айбаты толук балбандар.
Хан болуп такка минсем да,
Калкыма айтар арман бар.
Эртеңки күндө Азимкан
Такты, тажым талашат.
Алтын такты, алтын тон,
Бу жыйылган көпчүлүк,
Кимибизге жарашат?
Азим тагын талашса,
Кимибизге өтөсүң?
Кимдик болор экенсиң?
Кимибизди бозортуп
Жолго таштап кетесиң?
Азим тагын талашса,
Кимибизди шайлайсың?
Кимибизди бозортуп
Жолго салып айдайсың?
Угуп көңүл тынчысын,
Кимдин көөнүн жайлайсың?
Ага-иниңди жам кылсаң

Азимди кайта хан кылсаң,
Алдоо сөзгө ынатып,
Азимканды чыңатып,
Абийиримди алдырсаң
Кайта түшүп берейин
Хан болбосун Кедейиң!
Кадырым элден тайгылса,
Кайда барып өлөйүн!
Мени шайлап хан кылсаң,
Көңүлүмдү жам кылсаң.
Санаам тынып жатайын,
Көбүңдү жыйдым атайын.

Көпчүлүктүн Кедейканга берген жообу:

Таксыр, Кедей ханыбыз,
Багындык сизге баарыбыз.
Азимакандын мүнөзүн
Айталык кулак салыңыз.
Арбак уруп Азимкан
Ай сайын салык салыптыр
Агар алтын, ак күмүш
Эчтеме койбой алыптыр
Өлөрүнө көрүнүп,
Бир жолу пейли тарыптыр.
Азимкан такты талашса
Кедейкан сизге өтөбүз,
Сизди шайлап кетебиз.
Азимканга алдырып,
Ай сайын чыгым салдырып
Ысыбаптыр чекебиз.
Азимкан такты талашса,
Кедейкан, сизди шайлайбыз.
Азимканды бозортуп
Жолго салып айдайбыз.
Жооп берсең ошондо

Таксыр өлтүрүүдөн тайбайбыз.
Таксыр Кедей ханыбыз,
Сизге өтөбүз баарыбыз,
Арылбаптыр, билбеппиз
Муңубуз менен зарыбыз.
Томаякты тоздуруп,
Доңуздан бетер кошкуруп,
Жок жардыга жолобой
Жакырлага жанашпай
Жакшылар өзү бир бирин
Жамандыкка каалашпай
Кемириптир кедейди,
Жакыр кылып жардыны.
Өз боюна тартыптыр,
Өрүш толгон малдууну
Байга кара санабай
Жардыны ченеп талабай
Ойронуң чыккан Азимкан
Оокатынан айрыптыр
Оңолсун деп санабай...

Эл Кедейкандын айтканын эп көрүп, анын адилет сурагына көнүп, кубанычта жыргап жатып калышты. Убадасы толгондо, туура үч күн болгондо, Ак эшен менен Азимкан келип, салам берип, алтын такты сурады. Кедейкан каарын бетине алып, желдеттерин чакырып, экөөнүн башын аларда, экөө тең өлүп каларда, араң качып кутулушту. Кедейкан көңүлү тынып, адилеттүү сурак кылып, хандыкты жүргүзө берди.

Кедейкан бир күнү өзүнүн жетим убагынан беркини ойлонуп отуруп, башынан өткөн жетимдик, карыпчылык турмушунун баары көз алдына келип, баккан энеси Гүлсаана оюна түштү да жашып кетти. Мен эми энемди, төрт жолдошумду алдырайын деп, кырк жигитин чакырып жумшап турган жери:

Кырк жигитим, келгиле,
Келип салам бергиле!
Алыскы жолго жумшаймын,
Кызматыңды билгиле!
Кырк жигитим камынгын,
Кылычыңды тагынгын.
Кызыл чаар жолборстой
Кыркышар жоого чамынгын.
Такалансын аттарың.
Сүрүңдөн корксун жаттарың
Бир айлык жолго барасың
Аттарыңды таптагын.
Эринип бир күн жатпагын,
Өзүңдү өзүң сактагын,
Өз элиме жиберем
Өнөрүмдү мактагын.
Кыркыңар эки бөлүнбө
Залимканга көрүнбө,
Түркмендердин байлары
Залимкандын жөнүндө.
Каласыңар өлүмгө.
Ушул сөздү, кырк жигит
Бек сактагын көңүлгө.
Саалы деген сопу бар,
Өзү молдо — окумал,
Дабырабай кырк жигит,
Акырын издеп таап ал.
Балапан тууп жетилген,
Пайгамбарга жашы тең,
Кантип кабар албайын
Хан болгондо энемден?
Энемдин аты — Гүлсаана,
Бар тууганы бир бала.
Ошо бала — мен Кедей
Энемди көрөр күн кана?

Төрт жолдошум дагы бар,
Саалыны тапсаң — табылар,
Энемди эстеп, аларды
Унутуп койсом, тарынар.
Жатындаштан жакыным,
Жашымдан бирге — акылым,
Адал, арам тең жеген
Ардактаган сырдашым.
Төртөө тең курдашым,
Ошолордон өйдө эмес,
Хан болсом да бул башым.

Кырк жигит түркмөн элинен Кедейкандын энесин, төрт жолдошун таап келишет.

Кедейкан кырк жигитке ыраазы болуп, сыйлыктар берип, энесинин жана төрт жолдошунун келгенине кубанат.

Көңүлү жайланып Хиваны жердей берет, элге тынч, бей-бечарага кайрымдуу, калыс жана камкор жетекчи болот.



## КОММЕНТАРИЯ

«Экинчи айдалганда». Жуманалы болуш жыйырмадай куралдуу адам менен түн ичинде келип, улуу акын Токтогулду кармап кетет. Жол жүрүп бара жатып, Кабактагы Сасык дегендикине конуп калышат. Токтогулду бир жаман тамга камап койгон эле. Коргол ырчынын комузун сурап алып, Токтогул «Кербез» деген күүнү чертип, ушул ырын ырдаган. Бул ыр Ж. Бөкөнбаев тарабынан 1938-жылы Коргол ырчыдан жазып алынган.

«Камактан күйгөн жан элем». Бул ыр Коргол ырчыдан 1958-жылы жазып алынган.

«Найманбай менен беттешүү». Райымбектин ашында Найманбай ырчы Токтогулду көрө коюп, ошо замат ага карата ырдап коё берет. Токтогул анын сөзүнө жараша жооп кайтарган. Бул ыр Тогуз-Торо району, «Кызыл-Жылдыз» колхозунун мүчөсү Кирдикеев Назардан 1953-жылы жазып алынган. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Фондудагы материалдын негизинде эки жол ыр кошулду.

«Саратандын кызы качкандагы ыр». Саратан деген кишинин кызы качып кеткенде, кудалап жүргөн кайыны тарабынан кишилер жана күйөөсү келип кызды таап бер деп чатак салат. Токтогул ошол окуянын үстүнөн чыгат да, сексеңдеген чал күйөөнү мыскылдап, толгон малы туруп, кызын кары

адамга саткан Саратанды жемелеп ырдаган. Бул ырды Бешимов Жолчубек 1953-жылы Өзбекстандын Наманган областы, Казанский районундагы колхозчу-малчылар Жанныбеков Айдар менен Чикеев Төлөштөн жазып алган. Алар кетмен-төбөлүк Калчоро дегенден үйрөнүшкөн экен.

«Айтыш». Коңур-Өгүз деген жерде чоң той болуп, эр эңишке Арстанбап тараптан Балтабай деген балбан, сарттар уруусунан Сейитбек деген балбан чыгып, эңиште Сейитбек жеңилип калат. Ошол жерде Эшмамбет Балтабайды мактап, Токтогулга тийиштик кылып ырдай баштайт. Мындагы максат — элди күлдүрүү, көңүлдөрүн ачуу. Бул ыр 1940—1950-1956-жылдары чыккан жыйнактарга басылып келген. Мурунку текст сакталды.

«Кызды узатканда». Саяктардан Өмүрчү деген киши Айша аттуу кызын сарттардын сасык уругунан чыккан Алымбайдын баласы Бөлөкбайга бермекчи болот, кызды узатар алдында кызга карата Токтогулдун ырдаганы. Ыр 1957-жылы Ж. Таштемиров тарабынан Сапаров Сагындыктан жазып алынган.

«Токтогул менен Алымкулдун жолугушуусу». Бул ыр Алымкулдун айтуусу боюнча алынды. 1940—1950-1956-жылдарда чыккан жыйнактарда басылган. Азыркы басылышында өзгөртүүсүз жиберилди.

«Токтогул менен Курман». Колхоздошо электен мурун Бекмурат деген той берип, ошондо аты чыгып келет да, баш байгени өзү алат. Аны угуп турган Токтогул Бекмураттын токолу жөнүндө сөз козгоп, анын күйөөсүн сынга алат. Бекмуратты куураган арчага теңеп, токолун «Гүлдүн бурагына» окшоштуруп жатканы да ошо. Бул Аксы багытына белгилүү ырлардан болуп саналат.

«Барпы менен жолугушуу». Бул ыр Барпынын өз оозунан жазылып алынган эки варианттын негизинде

Т.Байзаков тарабынан бириктирилип жыйнакка кошулду.

«Азаттык күндүн жогунан». Бул ыр Үч-Терек кой совхозунун жумушчусу Кулуев Жанаалыдан райондук газетанын кызматкери Ошбаев тарабынан жазып алынып, Токтогул райондук «Ленин осуяты» газетасына 1957-жылы 8-сентябрда жарыяланган. Экинчи жолу 1957-жылы 6-ноябрда «Ленинчил жаш» газетасына басылган. Жогорку материалдардын негизинде жыйнакка киргизилди.

«Кандай аял тууду экен Лениндей уулду». Бул ырдын кимден жазылып алынганы белгисиз жана ырдалган жылы да такталган жок. Биринчи жолу 1940-жылы 22-январда «Ленинчил жаш» газетасына «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» деген ат менен жарыяланган. Ошондон бери Токтогулдун жыйнактарында басылып келе жатат. Азыркы текстине өзгөртүүлөр киргизилген жок.

«Замана». Кимден жазылганы белгисиз. Мурунку жыйнактарда басылып келгендиктен, эч кандай өзгөрүүсүз жиберилди.

«Ыракмат айт, алкыш айт». Бул ыр Коргол ырчыдан жазып алынган, 1956-жылы чыккан китептеги тексти боюнча жиберилди.

«Бийик көтөр тууңду». Бул ыр 1952-жылы Киров районундагы колхозчу Бөгөналиев Маселбектен жазып алынган. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген. Азыр эч өзгөртүүсүз жиберилди.

«Ленин ачты жолуңду». Бул ыр 1953-жылы Тогуз-Тородо туруучу Чоңмуруновдон жазып алынган, 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген. Азыр ошо жыйнактагы текст боюнча жиберилди.

«Бай уулуна». Бул ыр тил жана адабият Институту уюштурган экспедициянын катышуусу Бешимов тарабынан Жаңы-Жол районуна караштуу Таш-Төбө кыш-

тагында туруучу Казакбаев Кебектен жазып алынган. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген.

«Элди карачы». Бул ыр Шеркулов Шекербек жазып тапшырган материалдын негизинде биринчи жолу 1939-жылы 8-сентябрда «Кызыл Кыргызстан» газетасына жарыяланган. 1956-жылы жыйнакка киргизилген. Азыркы басылышында фондудагы материалдын негизинде айрым ыр саптары кошулду.

«Туулган жерим». Шекербек Шеркуловдун эскертүүсүнө караганда, Токтогул бул ырын 1931-жылы Таласка келгенде, Алымбек дегендин үйүндө ырдаган экен. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагында жарыяланган. Кийинки китептерде да басылып келди. Азыр фондудагы материал боюнча жиберилди.

«Куткарды Ленин акылман». Жыйырманчы жылдарда Караван районунда чоң той болуп, ага Токтогул да барып калат. Ала-Бука районунан Рысалиев Суванкул да барып, Токтогул менен бирге болот. Конокто отурганда Токтогул ушул ырын ырдаган экен. Бул ыр 1952-жылы Бешимов тарабынан Ала-Бука району, Ала-Бука сельсоветине караштуу Сары-Талаа кыштагында туруучу Рысалиев Суванкулдан жазып алынган. Фондудагы материал боюнча жиберилди.

«Орозго». Жыйырманчы жылдардын арасында Кадыке, Шалпык, Ороз дегендер актив болуп, туура эмес иштерди иштешет. Токтогул алардын жаман жүрүш-туруштарын ашкерелеп ушул ырын ырдаган.

«Эсенсиңби, карындаш». Акыш деген келин Токтогулдун келген кабарын угуп, Баймураттыкына келип калат. Токтогул анын акын экенин билбей ырдайт. Бул ыр 1957-жылы «Ала-Тоо» журналынын 8-санында басылган. Фондудагы материалдын негизинде дагы 47 сап ыр кошулду.

«Акыш менен Сулайман». Баймураттын үйүндө Акыш аттуу келин менен Сулайман ырчы айтыша кетет. Алар мурун дагы эки жолу беттешкен экен. Сулайман ырчы аялга карата орой сөз менен ырдап кирет. Анын мындай жоругун жактырбаган Токтогул комузун колуна алып, Сулайманга карата кеңеш берип, ушул ырын ырдайт, экөөнү жарашууга чакырат. Бул ыр 1957-жылы «Ала-Тоо» журналынын 8-санында жарыяланган.

«Даңканай орден алганда.» 1923-жылы басмачыларга каршы күрөштө баатырдыкты көрсөткөндүктөрү үчүн Даңканай жана башкалар болуп II киши Кызыл Туу ордени менен сыйланат. Токтогул ошол кубанычтуу окуяга байланыштуу Даңканайды мактап ырдаган. Бул ыр Ж. Таштемиров тарабынан 1957-жылы Даңканайдын өз оозунан жазып алынган. 1958-жылы 5-апрелде «Советтик Кыргызстан» газетасына «Ордениңди белгилеп» деген ат менен жарыяланган. Фондулардагы материал боюнча жиберилди.

«Капалга». Бала кезинде бирге ойноп чоңойгон Капал аттуу мергендин үйүнө барып, аны тамашалап ушул ырын ырдаган. 1957-жылы Эсенгелдиев Даңканайдан жазып алынган. 1958-жылы 5-апрелде «Советтик Кыргызстан» газетасында жарыяланган. Фондудагы материал боюнча жыйнакка киргизилди.

«Шаршендин Токтогул менен учурашуусу». 1928-жылы Токтогул Фрунзеге чакырылып, анын күүлөрү жазылып жаткан эле. Токтогулга жолугуу үчүн Шаршен атайын чайканага барып, ошол жерде аны менен учурашат. Биринчи жолу 1936-жылы Шаршен Термечиковдун чыгармалар жыйнагында жарыяланган. Азыр ошол текст боюнча жыйнакка киргизилди.

«Сагындым салам бермекке». Бул ырды 1939-жылы Калык жазып тапшырган. Анын айтууна караганда, 1928-жылы Токтогул Фрунзе шаарына чакырылып

келет. Ошондо ырдаган ырынан. Фондудагы материал боюнча китепке киргизилди.

«Токтогул менен Алымкул». Токтогул Фрунзе шаарына келип, бир топ күн жүргөндөн кийин элине кайтып, жолдо бара жатканда Таласка кайрылат. Ошол учурда Октябрь майрамы болуп жаткан эле. Токтогулдун келе жатканын угуп, Алымкул ырчы жана башка адамдар тосуп чыгышат. Ошондо Алымкул менен Токтогул ушинтип ырдашкан. Үсөнбаев Алымкул тапшырган материал боюнча жыйнакка киргизилди.

«Карыганда Токоңду». Токтогул Пишпектен кайтканда, ошол кездеги кызматкер Төлөгөнов деген Токтогулду үйүнө алып барат. Чогулган элге ушундайча ырдап берет. Шекербек Шеркуловдун материалы боюнча жыйнакка кирди.

«Токтогулдун басмачыларга каршы ырдаганы». Бул ыр Кыргыз Мамлекеттик Университетинин уюштурган экспедициясы тарабынан Коргол ырчыдан жазып алынган материал боюнча жиберилди.

«Басмачынын огу жок». Бул ырды М. Сырдыбаев 1953-жылы Токтогул районуна караштуу Бел-Алды сельсоветиндеги «Сары-Сөгөт» колхозунун мүчөсү Бөкөнбаев Сарпаштан жазып алган.

«Байышбай кармалганда». 1930-жылы 21-декабрда ыктыярдуу отряддагылар Байышбайды кармаганда, Токтогул ага карата ушундай ырдаган. Кыргыз Мамлекеттик Университети уюштурган экспедициянын катышуучулары Токтогул кыштагында туруучу Барпиев Алымкулдан жазып алган материал боюнча жиберилди.

«Канаты жазы, боору кең». Бул ыр 1957-жылы Коргол ырчыдан жазып алынган. 1932-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү басмачылардын калдыгын бүт кармаганда ага байланыштуу көп эл катышкан митинг

болот. Ошондо элге карата Токтогул ушул ырын ырдайт. Фондудагы материалдардын негизинде жыйнакка киргизилди.

«Биздин колхоз Кызыл-Туу». Коллективдештирүү убагында Токтогул ар дайым ырдап, элди колхозго кирүүгө үндөгөн. Ошол ырларынан Кыпчакбаев Калыбек ушул ырын көңүлүнө жат алып калган. Анын айтып берген материалы боюнча жыйнакка киргизилди.

«Колхоз жөнүндө». Кыргыз Мамлекеттик Университети уюштурган экспедиция тарабынан бул ыр Мусабаев Абдырасулдан жазып алынган. Университеттин материалы боюнча жиберилди.

«Насаат сөз». Кенжегулов Ыманбайдын эскертүүсүнө караганда, 30-жылдардын аралыгында ырдалган экен.

«Акбары». Бул ыр Алымкул Үсөнбаев тапшырган материал боюнча 1940-жылы Токтогулдун ырлар жыйнагында биринчи жолу жарык көргөн. 1956-жылы чыккан китептеги текст боюнча жиберилди.

«Суу чыкса талаа кулпунат». Бул ыр Кенжегулов Ыманбай тапшырган материалдын негизинде Токтогул райондук «Ленин осуяты» газетасына биринчи жолу 1958-жылы 5-апрелде жарыяланган. Азыр ошо газетада басылган текст боюнча жыйнакка жиберилди.

«Балалык». Бул ырды Шеркулов Шекербек 1938-жылы жазып тапшырган. Биринчи жолу «Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген жыйнакка басылган. Ошондон бери китептерде жарыяланып келе жатат. Азыр өзгөртүүсүз жиберилди.

«Күлгүн жаш өтүп эскирет». Бул ыр Токтогул району, Токтогул атындагы колхоздун мүчөсү Байсалбеков Көбөйбай деген карыядан 1958-жылы Ж. Таштемиров тарабынан жазып алынган.

«Өмүр». Бул ыр Калык тапшырган материал боюнча «Токтогулдун карылыкка айткан арман ыры» деген ат менен биринчи жолу 1938-жылы чыккан ырлар жыйнагында жарык көргөн. 1940-жылы чыккан жыйнакта ырды экиге бөлүп, биреөнө «Карылык», экинчисине «Өмүр» деген ат берилип, эки башка ыр катары жарыяланган. Бул экөө тең эле дайын болуп кеткендиктен, ошол эки атты сактоо ылайык табылды. Ошондой эле хронологиялык тартиби боюнча эң кийинки ырлардын катарына кошулду.

«Карылык». Бул ыр Калыктын тапшырган материалы боюнча «Токтогулдун карылыкка айткан арман ыры» деген ат менен 1938-жылы чыккан жыйнакта биринчи жолу басылган. Кийинки жыйнактарда бул ырга бир катар толуктоолор киргизилди.

«Токтогулдун өлүм алдында ырдаганы». Фондудагы материалдын негизинде киргизилди.

«Кедейкан». Калык ырчы жазып берген вариант боюнча 1940-жылы өзүнчө китеп болуп жарыкка чыккан. Бул теманын кыскартылган варианты акындын 1950-жылы чыккан китебине киргизилген болучу. Ошондон бери ушул варианты басылып келе жатат. Азыркы жыйнакка да ошол кийинки кыскартылган варианты жиберилди.

## МАЗМУНУ


Экинчи айдалганда . . . . . . . . . . . . . . . . 7
Камактан күйгөн жан элем . . . . . . . . . . . . 8
Найманбай менен беттешүү . . . . . . . . . . . 11
Саратандын кызы качкандагы ыр . . . . . . . . 17
Айтыш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 20
Кызды узатканда . . . . . . . . . . . . . . . 31
Токтогул менен Алымкулдун жолугушуусу . . . . 34
Токтогул менен Курман . . . . . . . . . . . . 51
Барпы менен жолугушуу . . . . . . . . . . . . 53
Азаттык күндүн жогунан . . . . . . . . . . . . 74
Кандай аял тууду экен Лениндей уулду . . . . . 75
Замана . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 79
Ыракмат айт, алкыш айт . . . . . . . . . . . . 82
Бийик көтөр туунду . . . . . . . . . . . . . . 82
Ленин ачты жолунду . . . . . . . . . . . . . . 84
Бай уулуна . . . . . . . . . . . . . . . . . 85
Элди карачы . . . . . . . . . . . . . . . . . 86
Туулган жерим . . . . . . . . . . . . . . . . 92
Куткарды Ленин акылман . . . . . . . . . . . . 107
Орозго . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 110
Эсенсиңби, карындаш? . . . . . . . . . . . . . 111
Акыш менен Сулайман . . . . . . . . . . . . . 113
Даңканай орден алганда . . . . . . . . . . . . 115

Капалга . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 117
Шаршендин Токтогул менен учурашуусу . . . . . 117
Сагындым салам бермекке . . . . . . . . . . . 123
Токтогул менен Алымкул . . . . . . . . . . . . 126
Карыганда Токоңду . . . . . . . . . . . . . . 130
Токтогулдун басмачыларга каршы ырдаганы . . . . 131
Басмачынын огу жок . . . . . . . . . . . . . . 134
Байышбай кармалганда . . . . . . . . . . . . . 134
Канаты жазы, боору кең . . . . . . . . . . . . 135
Биздин колхоз «Кызыл Туу» . . . . . . . . . . 137
Колхоз жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . . . 138
Насаат сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . 140
Акбары . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 140
Суу чыкса талаа кулпунат . . . . . . . . . . . 151
Балалык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 152
Күлгүн жаш өтүп эскирет . . . . . . . . . . . 171
Өмүр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 172
Карылык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 173
Токтогулдун өлүм алдында . . . . . . . . . . . 184
Кедейкан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 185
Комментария . . . . . . . . . . . . . . . . . 254

СЕРИЯ «МУРАС»

ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

**Сатылганов Токтогул**

**ИЗБРАННОЕ В ДВУХ ТОМАХ**

**ТОМ 2**

Редколлегия: *О. Султанов* (гл. редактор), *К. Бобулов, С. Жусуев, С. Каипов* (ответ. секретарь), *Б. Рыспаев, Д. Сулайманов,* *Ж. Таштемиров,* *Э. Турсуналиев, Т. Үмөталиев.*

Составление и комментарий *Ж. Таштемирова*

Художник *Т. Т. Герцен*

Издательство «Адабият»

На киргизском языке

Редактору *Т. Бостонкулов*

Көркөм редактору *А. Момуналиев*

Техн. редактору *Ж. Сооронкулова*

Корректору *Б. Сатыбалдиева*

ИБ № 4

Терүүгө 8.08.1988-ж. берилди. Басууга 28.02.1989-ж. кол коюлду. Кагазы офсетный № 2. Түстүү ыкма менен басылды. Форматы 70×108¹/₃₂ 8,25 физ. басма табак. 11,55 шарттуу басма табак, 11,91 учёттук табак, 23,28 боёк түшүрүү. Тиражы 9000. Заказ № 2209. Баасы 1 с. 40 т.

«Адабият» басмасы

720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.

720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.